К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Бегалиев С.Б.**

# АДАБИЯТ ТААНУУГА КИРИШҮҮ

**Каракол – 2010**

УДК 82/821.0
ББК 83
Б 37

ЫМУнун Окуу-методикалык бирикмеси (26.01.2010-ж. №5 токтому), Окумуштуулар кеңеши (30.01.2010-ж. №4 токтому) тарабынан басмага сунуш кылынды.

**Рецензенттер:** КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Садыков А.С.

филология илимдеринин доктору, профофессор Асаналиев Ү.А.

**Редактор:** Филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу Абдыкеримова А.Э.

Бегалиев С.Б.

Б 37 Адабият таанууга киришүү. /Түз.: Бегалиев С.Б. К.Тыныстанов ат. ЫМУ, –Каракол, 2010. – 140 б.

ISBN978-9967-441-19-4

Окуу куралындагы адабияттын мазмуну, формасы, тили, адабий урук, түр, жанр бөлүмдөрү бир кыйла жаңы материалдар менен толукталып, кеңейди.

Жогорку окуу жайларында филологиялык адистиктер боюнча билим алган студенттерге окуу куралы катары сунуш кылынат.

Б 4603010000-09
ISBN978-9967-441-19-4

УДК 82/821.0
ББК 83
©Бегалиев С., 2010.
@ К.Тыныстанов ат. ЫМУ, 2010.

# КИРИШҮҮ

## АДАБИЯТТААНУУ ИЛИМИНЕ КИРИШҮҮ КУРСУНУН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА МАКСАТТАРЫ

Адабияттаануу-бул адабият жөнүндөгү илим, ал көркөм чыгарманы изилдейт. Анын милдети жана максаты тарыхый-адабий процесстерди үйрөтүү жана алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүү. Предмети оозеки жана жазма адабият. Ошону менен бирге эле ал чыгарманын жаралышын, өнүгүшүн да изилдейт.

Адабияттаануу илими-бул көркөм чыгарма жөнүндөгү илим. көркөм чыгарма сөз искусствосуна кирет. Мызыка, сүрөт искусствосунун, сөз искусствосуна жакын, окшош, жалпы жактары бар. Бардыгы турмушту көркөм образдарга чагылдырып берет. Бирок ошону менен бирге эле искусствонун ар бир түрүнүн өзгөчөлүктөрү, артыкчылыгы, чектелүү жактары болот. көркөм чыгарма сөз искусствосунун өзгөчө түрү катары турмушу кеңири, терең, ар тараптан толук сүрөттөп бере алат. Өткөн турмуштту, келечекти, адам тагдырын, турмушун, элдин тарыхын, дүйнөгө, жаратылышка болгон көз карашын, үрп-адатын, салт-санаасын толук сүрөттөп берүүгө мүмкүнчүлүгү зор. Сүрөт искусствосунун чыгармалары конкреттүү, элестүү болуп, көз алдыбызда турат, аларды колубуз менен кармап көрсөк да болот. Музыка искусствосу сөз, боек менен сүрөттөп бере албаган турмуш көрүнүштөрүн чагылдырып бере ала турган искусствонун өзгөчө түрү. Бул өзгөчөлүктөр алардын ар биринин артыкчылыгы. Ошону менен бирге жогоруда аталган искусствонун түрлөрүнүн ар бирине мүнөздүү чектелүү жактары бар. Сөз искусствосунун чектелүү жагы-шарттуулугу, башкаларга салыштырганда абстрактуулугу. Сөз искусствосунун образдарына биз көзүбүз менен көрүп, колубуз менен кармай албайбыз, жөн гана элестете алабыз. Сүрөт искусствосунун чектелүү жагы-көркөм адабиятта турмуштун бардык жагын кеңири, терең ар тараптан сүрөттөп бере албайт. Адам турмушунун бир учурун, жаратылыштын бир көрүнүшүн гана сүрөттөп бере алат. Музыка искусствосунун чектелүү жагы-музыкалык чыгармаларды ар ким эле түшүнүп, баалай биле албайт. Музыкалык сабат, билим талап этилет. Искусствонун түрлөрүнүн өзүлөрүнө гана таандык, турмушту көркөм сүрөттөп

бере турган өзгөчө каражаттары болот. Көркөм адабияттын негизги каражаты-сөз, сүрөттүкү-боек, ал эми музыканыкы-үн. Бирок мындан искусствонун тигил же бул түрүн мыкты же начар деп баалоо такыр туура эмес. Искусствонун түрлөрүнө баа берүү тарыхый конкреттүү мамилени талап кылат. Искусствонун чыгармаларын жараткан, өстүрүп-өнүктүргөн тарыхый доор, турмуш чечүүчү роль ойнойт. Байыркы доордо баатырдык эпос бөтөнчө өнүксө, кайра жаралуу доорунда архитектура, сүрөт искусствосу гүлдөйт да, XIX кылымда адабият өзгөчө өнүгүүнүн жолуна түшөт. XX-XXI кылымдарда кино, теле искусстволору дүйнө элдеринин тарыхында өзгөчө коомдук окуя катары жалпы адамзаттык мааниге ээ болууда.

Көркөм чыгарманын обьектиси кеңири, чексиз «Бүткүл аалам, жаратылыш менен турмуштун бардык гүлдөрү, боектору, үндөрү, түрлөрү поэзиянын кубулуштары болот», - дейт В.Г.Белинский. чынында эле, көркөм чыгармада жаратылыш, жан-жаныбарлар, адам турмушу менен байланышта болгон бардык нерселер, адамдын тагдыры, жеке турмушу чагылганына күбө болобуз. Искусстводо бардыгы адамдардын кызыкчылыктары менен байланыштуу.

Көркөм адабияттын чагылдырган негизги предмети адам, адам тагдыры, турмушу. М.Горький адабиятты бекеринен «адамтаануу», «элтаануу» деп атабагандыр.

Искусствонун негизги түрлөрүнүн бири-бул көркөм адабият. Турмушту үйрөнүп билүүдө жана адамдарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу бөтөнчө зор. Ошондуктан Н.Г. Чернышевский искусство менен адабиятты «турмуштун окуу китеби» деп жогору баалайт. К.Маркс мындай деп жазган: «Адам искусстводон ыракат алыш үчүн өзү көркөм жагынан билимдүү адам болууга тийиш». ошондуктан көркөм чыгарманын өзүн изилдөөдөн мурун искусство жана адабият жөнүндөгү илим менен түзүк тааныш болушубуз керек.

Адабияттаануу тилими үч негизги бөлүктөн турат: адабияттын теориясы, адабияттын тарыхы, адабий сын. Адабияттын теориясы көркөм адабияттын социалдык жаратылышын, өзгөчөлүгүн, өнүгүшүн законченемдүүлүгүн, коомдук ролун изилдейт жана адабий материалдарды карап, аларга баа берүүнүн принциптерин белгилейт.

Адабияттын тарыхы адабий өнүгүштүн процессин изилдейт жана ушунун негизинде ар кандай адабий кубулуштун ордун

жана маанисин аныктайт. Адабияттын тарыхчылары адабий чыгармаларды, адабий сын макалаларды, айрым жазуучулардын, сынчылардын чыгармачылыгын, көркөм методдорун, адабий түр жана жанрлардын калыптанышын, өзгөчөлүгүн, тарыхый тагдырларын изилдейт. Ар бир элдин адабиятынын өнүгүшү ал элдин улуттук өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт. Бирок адабияттын тарыхчылары аларды салыштырып, улуттук салымдын жалпы адамзаттык маанисин ачып беришет.

Ошентип дүйнөлүк адабият тарых сыяктуу эле өнүгүштүн белгилүү этабында гана, б.а. эл арасындагы байланыштын таралышы, чыңдалышы жана өз ара таасирленүүнүн процессинде гана пайда болот. К.Маркс мындай деп жазган: «Дүйнөлүк тарых дайыма эле болгон эмес, тарыхтын дүйнөлүк тарых болушу-жыйынтык».

Адабий сын мезгилдин маанилүү адабий окуяларына карата жандуу билдирүү берип турат. Адабий сындын максаты-тигил же бул адабий кубулушка бардык жагынан анализ берүү жана алардын идеялык-көркөмдүк жагын баалоо. Адабий сын эмгектеринде анализдин предмети жеке чыгарма же жазуучунун бүткүл чыгармачылыгы, же ар кандай жазуучулардын бир катар чыгармалары болушу мүмкүн (көркөм чыгармаларды талдайт, аларга баа берет).

Адабий сындын максаты көп жактуу. Биринчиден, сынчы көркөм чыгарманы туура түшүнүп, ага туура баа берүүдө окурмандарга жардам берет. Экинчиден, сынчы жазуучулардын окутуучусу жана тарбиячы болууга тийиш. үчүнчүдөн, жазуучунун чыгармачылыгындагы ийгиликтерди белгилеп, кемчиликтерди көрсөтүп, анын чыгармачылыгынын андан ары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Адабияттын үч бөлүгү өз ара тыгыз байланыштуу, бири бирине таасир этишет.

Адабияттын теориясы адабияттын тарыхы тарабынан жыйналган фактыларга жана адабий эстеликтерди изилдеген сындын ийгиликтерине таянат. Ал эми адабияттын тарыхы болсо адабияттын теориясы иштеп чыккан адабий процесстерди талдоонун принциптерине таянат, адабий сын эмгектердин жыйынтыктарына негизделет. Ошондой эле адабий сын адабияттын теориясына кайрылат, тарыхый адабий фактыларды эске алат. Ошентип, талдоого алынган чыгарма адабиятка эмне

жаңы маанилүү нерсе алып келгендигин тактайт. Демек, адабий сын адабияттын тарыхын жаңы материалдар менен байытат, адабий өнүгүштүн тенденциясын жана келечегин аныктайт.

Адабият таануу илими төмөнкүдөй кошумча бөлүктөрдөн турат: историография, текстология, библиография.

Историография – адабияттын теориясынын, тарыхынын, көркөм сындын тарыхый өнүгүшү менен тааныштырган материалдарды жыйнайт, изилдейт.

Текстология - автору белгисиз көркөм чыгармалардын же илимий эмгектердин авторун аныктайт. Тигил же бул чыгарманын бүткөн редакциясын (каноникалык) калыбына келтирип, текстология окуучуларга жана изилдөөчүлөргө чоң жардам берет.

Библиография – бул грек сөзү. «Библио»-китеп, «графика»-жазуу, каттоо дегенди билдирет. Библиография-адабияттаануу чыгармаларынын көрсөткүчү. Көп сандаган адабий теориялык, адабий тарыхый жана адабий сын китептерден, макалалардан тийиштүү чыгармага көңүл буруууга жардам берет. Библтография болгон жана жаңы түшкөн адабий теориялык эмгектерди каттайт, жалпы жана тематикалык тизмесин түзөт, керектүү аннотацияларды берет.

Адабияттаануу коомдук турмуш менен тыгыз байланыштуу илим, демек, философия жана эстетика, искусство, тил жөнүндөгү илимдер адабияттаануу менен тыгыз байланышта.

Жогорку окуу жайларынын тил жана адабият факультеттеринде эки адабий теориялык курс өтүлөт: «Адабияттаанууга киришүү» жана «Адабияттын теориясы».

«Адабияттаанууга киришүү» (курс) көркөм адабияттын жалпы өзгөчөлүктөрү, айрым адабий чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, адабий өнүгүштүн законченемдүүлүгү менен байланыштуу болгон маанилүү адабий теориялык түшүнүктөр менен студенттерди тааныштырат. Бул курстун милдети адабий теориялык жоболорду терең түшүнүп үйрөнүүгө зарыл болгон негизди түзүү. Эгер «Адабияттаануу курсу» адабиятты окуп үйрөнүүнү ачса, «Адабияттын теориясы» анын жыйынтыгын жалпылайт, бекемдейт жана ар тараптан терең изилдейт.

# I ГЛАВА
# АДАБИЙ ЭСТЕТИКАЛЫК ОЙЛОРДУН ТАРЫХЫНАН

Көркөм адабият узак, татаал тарыхый жолду басып өткөндөй эле, адабияттаануу илиминин жаралышы, калыптанышы, өнүгүп өсүшү да узак мезгилди камтыйт. Адамдар атам замандан бери эле сөз өн□я57?рүнө кызыгып, анын өзгөчөлүктөрүн таанып билүүгө аракет жасашкан. Ырас, окумуштуу-илимпоздор алгачкы мезгилде эле жарала койбойт. Акын, жазуучулар өзүлөрүнүн чыгармаларында адабиятка тиешелүү ой-пикирлерди, түшүнүктөрдү, айрым жоболорду билдиришкени белгилүү. Байыркы Грецияда, Римде адабият менен искусство бөтөнчө өнүгөт.

Байыркы мезгилден тартып эле илимий адабий-теориялык ойлор калыптана баштаган. Ошол эле мезгилде илимий идеалисттик көз караштарга каршы күрөш болгон. Адабияттаануу илими алгач философиядан бөлүнүп чыгат.

Гераклит, Демокрит, Аристотель байыркы гректердин окумуштуу идеалисттерден айырмаланып адабият турмушту активдүү чагылдырат деп түшүнүшкөн. Алар көркөм жалпылоо жөнүндөгү маселени көтөрүшкөн. Байыркы гректердин жазуучулары, теоретиктери искусствонун коомдук милдети жөнүндөгү маселени талкуулашкан. Аны азыр биз түшүнгөн метод менен байланыштырган.

Байыркы гректердин белгилүү драматургу Аристофандын «Бакалар» аттуу комедиясында Эсхил менен Еврипиддин талашы с ошол мезгилдеги адабий теориялык көз карашты ачык билдирген кызык факт. Эсхил граждандык, патриоттук пафоско сугарылган трагедияны, идеалдуу поэзиянын принциптерин жактоочу болуп чыгат. Эсхилдин пикири боюнча каармандардын кийими, сүйлөгөн сөзү алардын бийик мүнөзүнө туура келиш керек. Еврипид баатырдык искусствонун салтын бузуп, өзүнүн пьесаларына «граждандык милдетин билбеген жолбундарды» (маскарапоз, жеңил мүнөз аялдар) киргизип, төрө, падышаларга жаман кийим кийгизип, атайын элге жаман көрсөтүш үчүн ушундай сүрөттөп жатасың деп Эсхил-Еврипидди күнөөлөйт. Ал эми Еврипид болсо пьесада реалдуу поэзияны жактоочу болуп, сценада «үй-бүлөлүк турмушту» сүрөттөп, каармандарды

мактоого алган жокмун-дейт. Дионис жеңишти Эсхилге ыйгарат. Бирок мындан Еврипиддин реалисттик умтулуулары мезгилге үндөш эмес эле деген жыйынтык чыкпоого тийиш. анын чыгармачылыгы өз мезгили үчүн прогрессивдүү көрүнүш болгон. Ал жеке адамдын кызыкчылыгын жактаган, анын укугун чектегенге каршы болгон.

Байыркы гректердин белгилүү окумуштуусу, философ-идеалист Платон (427-347) конкреттүү дүйнө реалдуу идеялардын бүдөмүк көрүнүшү дейт, көркөм чыгармачылыктын көптөгөн түрлөрүнө терс мамиле жасаган.. Көркөм чыгармачылык болбогон иш, ал адамдарды алдап, адаштырат. Искусство турмуштун тышкы формасын гана көчүрөт, ал «көлөкөнүн көлөкөсү». Ошону менен бирге эле Платон биринчи болуп көркөм чыгармаларды үч текке бөлгөн. Кыска мүнөздө болсо да эпос, драма жана лириканын олуттуу өзгөчөлүгүн биринчи болуп тура көрсөткөн. Акын өзүнүн атынан баяндаса, бул лирика, окуучуларга аралашпай, аларды башкалар сүрөттөсө, бул драма, бул ыкманын экөө тең колдонулса, эпос болот дейт. Платон эпосту адабияттын башка түрлөрүнөн жогору коет. Аристотель адабият адам турмушун сүрөттөш керек дейт да, адабияттын тарбиялык мааниси бар экендигин айтып, эстетикалык баалуулугуна да өзгөчө маани берет. Мындан башка адабият менен театрдын байланышы жөнүндө да өз оюн айтат. Окумуштуу адабият менен эстетикада сулуулуктун бөтөнчө орун аларын баса белгилейт. Платондун окуучусу Аристотель (384-322) грек жазуучуларынын көркөм тажрыйбасын жалпылап, ошондой эле өзүнөн мурункулардын эстетикалык теориясына таянып искусство боюнча өзүнүн пикирин бир системага салып берүүгө аракет жасайт. Анын поэтикасы байыркы доордогу эстетикалык билимдин жыйнагы болгон. Аристотель боюнча акын идеялардын бүдөмүк көчүрмөсүн эмес, реалдуу кубулуштарды сүрөттөйт. Аристотель да башкалардай эле искусствонун милтети-жаратылышты тууроо деп түшүнгөн. Бирок ал тууроону чыгармачылык акт деп карайт. Жеке жана кокустук көрүнүштөрдү туурабастан, боло турган көрүнүштү тууроо керек деп жазган. Аристотель чыгармачылык процесстеги

ойдон чыгаруунун чоң ролун баса белгилеген. Аристотель дүйнөнү көркөм таанып билүү менен илимий таанып билүүнү ажырата билген. Анын оюу боюнча поэзия «тарыхка караганда философиялуу жана салмактуу». Аристотель көркөм жалпылоонун маңызын түшүнүүгө жакындап барат. Окумуштуунун оюу боюнча акындын максаты адамдардын мүнөзүндөгү жалпы, законченемдүү белгилерди ачып берүү. Демек, көркөм чыгармачылыктын зор таанып билүү ролун баса белгилеген. Ошентип, Аристотелдин окуусу белгилүү деңгээлде эстетиканын негизги маселелерин ачып берет. Аристотель терең негиздеп адабиятты үч текке бөлгөн – эпос, лирика, драма деп. Поэзиянын тарбиялык ролун баса белгилеген. Трагедия жанрына бөтөнчө көңүл буруп, катарсис жөнүндө Жабону иштеп чыккан. Аристотелдин оюу боюнча трагедияда коркуу жана аө сезимин пайда кыла турган кыймылдар сүрөттөлөт да, көрүүчүлөрдү ушундай кемчиликтерден тазалайт, нравалык жеңилдик берип, адамдык маңызын ачып берүүгө жардам берет.

Аристотель өзүнүн теориялык ойлорун өз мезгилинин улуу жазуучулары «Илиада» менен «Одессия» өңдүү улуу эпосторду жараткан Гомердин, даңктуу лирик Пиндардын, белгилүү драматургдар Эсхилдин, Софоклдун, Еврипиддин, Аристофандын мыкты чыгармаларынын негизинде жараткан. Алардын чыгармалары бүгүн да өзүлөрүнүн көркөм-эстетикалык баалуулугун, актуалдуулугун жоготпой келүүдө. Ошентип, илимий теориялык адабий ойлордун негизи байыркы доордо эле жаралат.

Адабияттын теориясы боюнча биринчи көрүнүктүү эмгек «Поэтика», («Поэзия өнөрү жөнүндө») деп аталып, аны жазган байыркы гректердин даңктуу окумуштуусу философ, б.э.ч. IV кылымда жашап өткөн Аристотель эле. Ал өзүнүн эмгегинде адабияттын бардык маселелерин бир системага салып берүүгө аракеттенген. Аристотель биринчи иретте адабияттын айрым бир мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, анын илимден болгон айырмасын белгилейт. Адабият турмуштуу жандуу, активдүү сүрөттөйт деп баса көрсөтөт.

Байыркы Римде эстетикалык ойлорду Римдин улуу акыны Гораций «Поэзиянын искусствосу» аттуу эмгегинде карап драманын жөнөкөлүгү үчүн күрөшөт, аны актыга бөлөт. Көркөм сүрөттөөнүн чындыгына көп көңүл бурат («дельфинди токойдо, чочкону суудa» жүрөт деп сүрөттөгөн акындарды мыскылдайт). Горацийдин поэтикасы нормативдүү мүнөзгө ээ болуп, кийин классицизмдин эстетикасына зор таасир этет. Анын гуманисттик ой-пикирлери баалуу.

Орто кылымда Батыш Европада материлисттик эстетиканын ийгиликтери анча бааланбай калат. Искусствонун теориясы теологиялык концепциянын таасиринде болот. (Теология динди, анын ырым-жырымдарын негиздөөгө аракет кылган окуу). Искусстводо мистикалык символика жана аллегория кеңири орун алат. Көркөм образ, баарынан мурда, каймана, кудайдын идеяларын билдире турган көрүнүш катары баяндалат.

Байыркы доордун материалисттик традициялары кайра жаралуу доорунда андан ары өнүгөт. XV,XVI кылымда географиялык ири ачылыштар болот, илим менен техника чоң ийгиликтерге жетет. Мына ушул олуттуу факторлор реалдуу турмушка бөтөнчө зор таасир этет, инсандардын баркы көтөрүлөт. Кайра жаралуу доорунда коомдук аң-сезимдин башка түрлөрүндөй эле, адабияттаануу илими да бөтөнчө жанданып өнүгөт. Көркөм адабиятка болгон мамиле өзгөчө жогорулайт. Адам макталат, даңкталат. Адабияттын мүмкүнчүлүктөрү чексиз экендиги билинет. Ренессанс адабиятынын гумандык пафосу мына ушуну менен түшүндүрүлөт. Ренессанс – бул XV,XVI кылымдарда Батыш Европада илим, искусствосунун өзгөчө гүлдөп өсүп, өнүгүшү деген түшүнүк. Ырас, Академик В.М.Жирмунскийдин пикири боюнча чыгыш Ренессансы батыштан мурун пайда болгон. Буга чыгыштын улуу акындары Ибинсиндин, Фирдоусинин, Низаминин, Омор Хаямдын, Хафиздин, Жаминдин чыгармалары ачык күбө. Жазуучулар социалдык жана духовный эзүүгө каршы, гумандык идеалдар үчүн күрөшкө чыгышат. Ренессанстын теоретиктери, баарынан мурда сүрөт искусствосу менен архитектуранын практикасын жалпылашат. Реалдуу турмушту тарыхый конкреттүү мүнөздө

чагылдырууга умтулушат. Тарбиялык маселелерге көп көңүл бурушат. Испаниянын улуу жазуучусу Сервантес комедиянын чоң коомдук маанисин белгилеп «Дон Кихот» романында мындай жазат: «Комедия адам турмушунун күзгүсү болууга тийиш, ошондой эле үрп-адаттын, салттын үлгүсү, чындыктын өзү болууга тийиш». Кайра жаралуу доорунун адабияты адамды культ катары сүрөттөө менен бирге, чыгармачылык процессте сүрөткердин активдүү ролун баса белгилешет. Өзүнүн идеалына жараша турмушту сүрөттөөгө укуктуу. Чеберчилик үчүн күрөшүшөт. Мына ушулар көркөм сындынг жаралышына түрткү болот. Орто кылымдын акыркы жана жаңы доордун биринчи акыны, Италиянын улуу акыны Данте көркөм адабиятты латын тилинде эмес, улуттук тилде жаратуу керек деп далилдеген.

Леонардо да Винчи искусствонун булагы жаратылыш, б.а. турмуш деп билет. Леонардо сүрөткерлерди «Окутуучулар, ал эми турмушту окутуучулардын окутуучусу» деп баса белгилейт.

Кайра жаралуу доорунун алдыңкы жазуучулары турмушту чындыкта гана сүрөттөп берүүнү талап кылбастан, гуманизм, демократизм, элдүүлүктү талап кылган. Бул испандык улуу драматург Лопе де Вега, Жана Рабле, Боккаччо, бөтөнчө Шекспирдин чыгармаларына мүнөздүү.

XVII кылымдын экинчи жарымында Европада классицизмдин эстетикасы калыптанат. Француялык классицизмдин теоретиги Н.Буало Аристотелдин «Поэтикасын» улантып, өркүндөтүүгө аракеттенет. Буало (1636-1711) «Поэтикалык искусство» аттуу ыр менен жазылган эмгегинде нормативдүү поэтиканы иштеп чыккан. (Горацийдин «Поэзиянын илими» аттуу эмгегине таянган). Жазуучулар, акындар жетекчиликке ала турган эмгек болууга тийиш эле. Классицизмдин теоретиктеринин пикири боюнча көркөм чындык акыл-эстин талабына, ак сөөктөрдүн чөйрөсүнүн талабына жооп берсе, жакшы болот дешет. Сценада каармандар коомдо алган ордуна карабастан, кооз сүйлөп, кооз кийинүүгө тийиш. Ошентип, классицизмдин эстетикасы сословиялык, догматтык мүнөзгө ээ болгон. Булар сулуулукка (асылдыкка) тарыхый маани беришкен эмес. Бардык доордо элдерде сулуулукту бирдей кабыл

алышат деп түшүнүшкөн. Сулуулуктун үлгүсүн антикалык доордон көрүшкөн, ошолордун үлгүсүн тууроого чакырышкан. Искусствонун өнүгүшү динамикалык мүнөзгө ээ болорун түшүнүшкөн эмес. Бирок айрымдары Аристотелдин «Поэтикасына» корректив киргизүүгө аракеттенишкен. Чындыкка ангча окшошпогон сюжеттер жашоого укуктуу, драманы 30 саатка чейин созсо болот деген.

Улуу драматург Мольер Буалонун нормативдүү поэтикасын «Критика», «Урок жепам» («Сын», «Аялдарга сабак») аттуу эмгегинде Буалонун нормативдүү поэтикасын сындайт. Эгер пьеса элге жакпаса, теориялык жоболор жаман дейт, б.а. турмуштун өзүнө көбүрөөк кунт коюуну талап этет. Ушул өңдүү чектенүүлөрү менен бирге классицизмдин оң жактары болгонун да эстен чыгарбоого тийишпиз. Материалды тандап алууну талап эткен, искусство турмуштун жөн эле көчүрмөсү эмес деп үйрөткөн. Адабий сындын жаралып, өнүгүшүнө шарт түзүлөт.

«Классицист» деген түшүнүк байыркы гректердин адабияты менен искусствосун жактоо, туу көтөрүү дегенди билдирет да, алар эскирбейт, ошондой эле француз адабияты да өзгөрбөйт деп түшүнүшкөн. Бул адабиятка мамиле жасоодо тарыхый принциптин жоктугун көрсөтөт. Италиялык окумуштуу Ж.Вико «Жаңы илимдин негиздери» (1758) аттуу эмгегинде адабиятка тарыхый мамиле жасап, баалоо керек деген оң пикирин билдирген. Ал эми франциянын улуу окумуштуусу жана жазуучусу Дени Дидро «Драмалык поэзия жөнүндө дидарлашуулар» деген эмгегинде адабият турмушка жакын болсо күчтүү, таасирдүү болорун негиздеп, драмалык чыгармаларында классицизмдин эрежелерин жерип, жоболорун сактаган эмес. Немец окумуштуусу Г.Э.Лессинг «Лаокон», (1766), «Гамбург драматургиясы», (1769) деген эмгектеринде классицизмдин жоболорун катуу сындап, искусство турмушту кеңири, терең сүрөттөп бериш керек деген талапты коет да, мезгил менен адам мүнөзү дал келишин туура деп негиздейт.

Агартуу доорунун типтүү өкүлү, франциянын белгилүү окумуштуусу жана жазуучусу Дени Дидро «Драмалык поэзия жөнүндө дидарлашуулар» (1758) эмгегинде акдабият чындыкка

жакын жана туура келиш керек дейт. Ал эми немец окумуштуусу Г.Э.Лессинг классицизмдин көптөгөн теориялык ойлорун жаратпай, сынга алган. «Лаокон», (1766), «Гамбург драматургиясы» аттуу чыгармаларында Лессинг адабиятта турмушту терең, кеңири чындыкта сүрөттөөнү талап этет.

Сентиментализм адабиятынын мекени Англия. Сентиментализм адабияты классицизмге караганда бир кадам алга жылган демократтуу адабият болгон. Эгер классицизм адабиятынын теоретиктери көркөм адабият коомдук мааниге ээ болгон олуттуу окуяларды сүрөттөөнү талап этсе, алардын каармандары кудайлар, падышалар, ак сөөктөр, аскер башчылары болсо, сентиментализм адабиятынын каармандары жөнөкөй адамдар болгон. Классицизм адабиятынын жазуучулары өзүлөрүнүн чыгармаларынын сюжеттин антикалык адабияттан алышкан. Демек, классицизм адабиятын түшүнүш үчүн антикалык адабиятты жакшы билүү зарыл болгон.

Классицизм адабиятынын тили карапайым элге анча түшүнүктүү болблой элден алыс, өзүнчө татаал стили бир ак сөөктөрдүн адабияты эле. Сентиментализм адабиятында негизинен жөнөкөй адамдар сүрөттөлгөндүктөн, чыгармалардын тили жөнөкөй, элге түшүнүктүү, элге жакын адабият эле. Сентиментализм адабиятынын Англияда типтүү өкүлү Стерн аттуу жазуучу, анын «Сентименталдуу саякат» деген романы бар. Россияда сентиментализм адабиятынын көрүнүктүү өкүлү белгилүү окумуштуу-тарыхчы, жазуучу Карамзин. Анын «Байкуш Лиза» аттуу чыгармасы орус адабиятынын тарыхында өзгөчө орунга ээ болгон оригиналдуу чыгарма.

Сентиментализм деген сөз француз тилинде сезим, сезимталдуу деген мааниде айтылат. Көркөм агым катары XVIII кылымдын 2-жарымында пайда болот. Адабиятта демократтуулук күчтүү болуп жөнөкөй каарман сүрөттөлөт. Карамзин өзүнүн «Байкуш Лиза» чыгармасында, дыйкан кыз деле сүйө алат,-дейт. Сентименталисттер адамдын ички дүйнөсүнө басым коюшкан, ой-толгоолорун терең сүрөттөшөт.

Эстетикалык ойлор агартуу доорунда жаңы бийиктикке көтөрүлөт. Агартуу доорунда (XVIII) көркөм жана адабий сын

бөтөнчө өнүгөт. Профессионал сынчылар пайда болот. (Дидро, Лессинг). Илим катары адабияттын теориясынын негизги калыптана башталат. Эгер кайра жаралуу доорунун эстетиктери сүрөт, архитектурага көп көңүл бурушса, агартуучулар поэзияны искусствонун эң негизги түрү деп эстептешет. Көркөм образ, типтештирүү өңдүү түшүнүктөргө көп жаңылык киргизишет. Көркөм методду түшүнүүгө жакын барышат.

Реализм жөнүндөгү окуу Батыш Европада XVIII кылымдын 50-60-жылдарында түзүлөт. Реализмге Д.Дидро (1713-1784) Т.Э. Лессинг (1729-1781) зор салым кошушат. Лессинг «Лаокоон» аттуу эмгегинде поэзияны жогору баалап, поэтикалык чыгармачылыктын спецификасын толук негиздеген. Поэзия турмушту кыймылда сүрөттөйт, оң, терс жактарына көңүл бурат. Бирок Дидро, Лессинг социалдык маселелерди мораль, агартуу каражаттары менен чечүүгө умтулушкан.

Агартуучуларды сындап, агартуу эстетикалык ойлорду алга жылдыруу жагы романтиктерге таандык. Романтиктер чыгармачылык процесстеги субьективдүү фактордун ролун жогору баалашкан. Искусство-эркин чыгармачылык. Акын турмушту реалдуу формада чагылдырбайт, ага карата өзүнүн мамилесин билдирет. Көркөм таанып билүүнүн активдүүлүгүн баса белгилешкен. Алардын зор салымы мына ушул. Лирикага бөтөнчө көңүл буруп, лирикалык башталыш, анын элементи көркөм чыгарманын бардык түрүндө бар деп эсептешет.

XVIII кылымда Европада буржазиялык тартипке каршы көз караштар күч алып, реалдуу турмуш менен анча эсептешпеген, куру кыялды даңазалаган романтизм адабияты калыптанат. Романтиктер классицизмдин жоболорун катуу сындашып, чыгармачылыктын эркиндигин жакташкан.

Романтиктер турмушту көркөм сүрөттөп берүү жагынан жакын, окшош болушканы менен, көз караштары боюнча кескин айырмаланып, прогрессивдүү жана реакциячыл романтиктер болушуп эки топко бөлүнүшкөн. Прогрессивдүү романтиктер жакшы, бейпил, жыргал турмушту келечекти күтүшсө, реакциячыл романтиктер жакшы турмуш деп орто кылымды эсептешкен. Прогрессивдүү романтизмдин типтүү өкүлдөрү-

Англиянын улуу акыны Байрон, Пушкин, Лермантов. Байрон ар кандай тиранияга каршы болуп, бардык элдердин эркин болушун каалаган, анын көз карашына, чыгармачылыгына күчтүү демократизм мүнөздүү болгон. Францияда граждандык романтизмдердин көрүнүктүү өкүлү, белгилүү жазуучу Виктор Гюго болгон. Ошол эле Францияда реакциячыл романтизмдин өкүлү Шатобриан диний-моралдык мүнөздөгү агымды түзгөндөрдүн бири.

Романтизм адабиятына субьективдүүлүк мүнөздүү. Турмушту сүрөттөөдө романтиктер фантастика, гротекске, символдуулукка көп кайрылышат. Каармандары өзгөчө кайраттуу, эрктүү, чыгармаларынын сюжеттери өзгөчө. Каармандар турмушка нааразы болушат да, бейпил, жыргал турмушту самашат. Романтизим адабияты XIX кылымдын башында өз алдынча метод болуп калыптанат. Романтизмдин теоретиктери романтикалык поэзияны «универсалдуу поэзия» деп аташып, чексиз эркиндикти самашкан. Романтиктерди образ жаратууда обьект эмес, субьект, турмуш эмес, сүрөткердин өзү кызыктырат. Романтиктер реалдуу турмушка каршы романтикалык идеалды коюшат.

Россияда романтизм адабияты мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Пушкин, акын декабристтер эркиндикти издеген кайраттуу каармандарды сүрөттөшөт. Граждандык лирикага, тарыхый баллладага, романтикалык поэмаларга өзгөчө көңүл бурушат. Элдик оозеки адабиятка бөтөнчө кызыгышат. Романтизм адабиятында лирика гүлдөп өнүгөт. Батышта романтикалык мазмундагы тарыхый роман өнүгөт. Буга В. Скоттун чыгармалары ачык күбө. Романтиктер дүйнөлүк адабиятты жаңы табылгалар менен байытат. Романтизм адабиятынан тили бай.

Турмушка тарыхый мамиле жасоо Европада француз революциясынан кийин күч алат. Тарыхый роман жанры өнүгөт. XIX кылымда турмушка тарыхый мамиле жасоо орус адабиятына да мүнөздүү.

Адабияттын теориясынын негизи XVIII кылымда түзүлөт, өз алдынча илим катары XIX кылымда калыптана баштайт. Эми адабий теориялык проблемалар тарыхый көз караште коомдун өнүгүшү менен байланышта карала баштады.

Россияда XVIII кылымда теориялык маселелер В.М. Ломоносов, А.Н. Радишев тарабынан иштелген. Радишев адабияттын зор таанып билүү, тарбиялык баалуу жагына көңүл бурган. Булардын оюн А.С.Пушкин, Н.В.Гоголь улантышкан. Адабий теориялык ойлорду өнүктүрүүдө зор салым кошкандор белгилүү сынчылар, жазуучулар, революциячыл демократтар-Белинский, Герцен, Чернышевский, Добролюбовь, Салтыков-Шедрин. XIX кылымда адабият – бул чагылдыруунун бир формасы деген ойду бардык жагынан негиздөө күч алат. Орустун революциячыл-демократтары искусство коомго кызмат этет деп билишкен. Турмушту чындыкта, карама-каршылыгы менен бирдикте сүрөттөп берүүнү талап этишкен. Эстетиканын негизги маселелерин чечүүдө алар материалисттер болушкан. «Искусствонун негизги предмети-реалдуу турмуш, асылдуулуктун булагы»,- дейт Чернышевский, өзүнүн «Эстетические отношения искусства к действительности» (1855) аттуу илимий эмгегинде. Адабият турмуштун окуу китеби. Типтештирүү-чыныгы искусствонун негизи деп далилдейт. Алар сын реализиминин теориясын иштеп чыгышкан. XIX кылымды анализ менен сындын кылымы деп аташкан. Алдыңкы көз карашка зор маани беришкен.

Элдүүлүк – турмушту эл массасынын позициясында туруп сүрөттөп берүү, эмнени сүрөттөп берүү эмес, коомдун тигил же бул кубулушун кантип сүрөттөп берүү башкы ролду ойнойт. Ошондуктан Грибоедовдун « Акылдан азап», Пушкиндин «Евгений Онегин» өңдүү чыгармалары элдүү, ( мазмуну жөнөкөй элдин турмушунан алынбаса да) алардын түшүнүгүндө элдүүлүк крепостнойлук түзүлүштү сыноодо гана көрүнбөстөн, элдин аң сезиминдеги терс көрүнүштөрдү сыноодо да көрүнөт. Мисалы, социалдык пассивдүүлүк, диний калдыктар эл массасынын аң-сезимине мүнөздүү деп эсептешет. Турмуш төмөндөн жогору кыймылда болуп, өнүгүп турат деп билишет. Алардын социалисттик идеялары утопиялык мүнөзгө ээ болгон. Эл массасын негизги күч катары карашкан элди агартып, тарыхый милдетин түшүндүрүү менен социалдык проблемаларды чечсе болот деп ойлошкон. Адабиятка

кыймылдын каарманын киргизүүгө умтулушкан. Мисалы, Чернышевскийдин «Эмне кылуу керек?» романындагы Рахметов «жаңы доордун адамдары», Тургеневдин «Аталар менен балдар» романынын каармандары да ошондой. Белинский поэзияны бөтөнчө жогору баалаган. XIX кылымдын экинчи жарымында Батыш Европалык эстетикада искусствого карата субьективдүү (романтикттер) жана обьективдүү (Гете, Гегель) көз караштар өкүм сүрсө, орустун революциячыл демократтары бул эки тенденцияны бирдикте синтездештирет. Адабияттын өнүгүшүн революциялык боштондук кыймыл менен байланыштырышкан. Бирок тарыхты материалисттик планда түшүнө алышкан эмес. Белинскийдин «Разделение поэзии на роды и виды», «Взгляд на русскую литературу 1847 года», «Письмо к Гоголю», Добролюбовдун «О степени участия народности в развитии русской литературы» өңдүү эмгектеринин адабияттын теориясы үчүн мааниси зор.

XIX кылымдын башында гуманитардык жана  так илимдер бөтөнчө өнүгөт. Бул фактор адабияттаануу илимине да белгилүү деңгээлде өзүнүн олуттуу таасирин тийгизет. Белгилүү немец окумуштуусу, философ Т.Ф. Гегель өзүнүн «Эстетика боюнча лекциялар» деген эмгегинде адабияттын көптөгөн маанилүү маселелерин бир кыйла кеүири, терең илимий иликтөөдөн өткөргөн. Анын эмгегинин баалуулугу өзүнүн философиялык жана теориялык ойлорун Чыгыш менен Батыштын адабиятына таянып, ошонун негизинде жазган. Чыгыш элдеринин адабиятын Гегль «Символикалык форма», антикалык адабиятты «классикалык форма», буржазиялык доордун  адабиятын өтө жогору баалап «романтикалык форма» деп атаган. Буржуазиялык коомду адамдын тарыхынын өсүп жеткен чеги, өзгөрбөй турган коом деп эсептеген. Гегельдин философиясы, эстетикасы, адабият тарыхы, адабият теориясы өңдүү көп тармактуу окуусу диалектикалык методко негизделгендиктен бүгүн да өзүнүн баалуулугун жоготпой келе жатат.

К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Ленин өзүлөрүнүн философиялык эмгектеринде диалектиканын материалисттик методун колдонушуп, табияттын, коомдун өнүгүш закондорун

түшүндүрүүгө умтулушкан. Тап күрөшүнө, социалисттик революцияга бөтөнчө олуттуу маани беришип, коомду алдыга жылдыра турган бирден-бир негизги күч деп эсептешкен. Алардын бул окуусу адабиятка, адабияттаануу илиминде да түздөн-түз тийиштүү болгон.

В.И.Ленин өзүнүн 1905-жылы жазган «Партиялык уюм партиялык адабият» деген эмгегинде адабият менен искусство элге таандык, элге револцияга кызмат этиш керек дейт да, партия адабият менен искусствого түздөн-түз жетекчилик кылыш керек деп баса көрсөтөт.

Илим менен адабият, искусствонун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Илимпоз конкреттүү көрүнүштөрдөн абстракцияга өтөт да, кубулуштардын маңыздуу жактарын камтыйт. Адабият жалпы мааниге ээ болгон көрүнүш. Сүрөткер өзүнүн негизги обьектиси болгон адамга, анын турмушуна кайрылып, ошону менен бирге турмуштун башка жагын да камтып адамтаануу жана гумандык маселелерди чечет. Көркөм адабиятта Адам обьект гана болбостон максат да болот. Искусство турмушту сүрөттөйт, турмуштагы кубулуштарды түшүндүрөт, ошого карата өзүнүн баасын берет, мамилесин, көз карашын билдирет. Сүрөткер турмушту канчалык терең кеңири түшүнсө, ал ошончолук мыкты чыгармаларды жаратат. Адабият коомдук аң сезимдин бир формасы. Анын негизги каражат-тил. Кандай гана адабий чыгарманы албайлы. Ал бир бүтүн көрүнүш, бүткөн адабий процесс. Адабияттын темасы, проблемасы, идеясы, сюжети, композициясы, көркөм каражаттары деп бөлүү- бул шарттуу түшүнүк. Аларды бир биринен бөлүп кароо такыр туура эмес. Бирок ар бир адабияттын бөлүгү жөнүндө конкреттүү, толук түшүнүп алыш үчүн аларды өзүнчө кароо зарылчылыгы келип чыгат.

# II ГЛАВА
# КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН ЖАЛПЫ КАСИЕТТЕРИ. КӨРКӨМ ОБРАЗ.

1. Адабияттын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.
2. Көркөм образ жөнүндө түшүнүк.
3. Типтештирүү деген эмне?
4. Мүнөз деген эмне?
5. Кырдаал жөнүндө түшүнүк.

Окумуштуу, сүрөткер реалдуу турмушка кайрылат. Адабият менен искусствонун негизги предмети турмуш, анын адамга болгон мамилеси. Адабияттын сферасы кеңири, турмуштун бардык жагын камтыйт. Музыка адамдын ички дүйнөсүнө кайрылат, татаал, назик сезимдерди козгойт. Аларды сөз менен берүү кыйын. Адабият искусствонун бардык элементтерин камтыйт. Ошондуктан анын сферасы чексиз. Көрсөтмөлүү жагынан адабият сүрөттөн жана скульптурадан кийин турат. Бирок адабият турмуштук көрүнүштөрдү терең жана кеңири камтыйт.

Ошентип адабият турмушту бөтөнчө, өзгөчө формада сүрөттөп берет, б.а. көркөм образдар аркылуу. Көркөм образдарда жалпы мааниге ээ болгон белгилер камтылат. Бул жөнүндө орустун белгилүү жазуучусу И.А.Гончаров минтип жазат: «Жарым акыл Лир, Дон-Кихот жөнүндө кимдин иши бар, эгер алар кайсарлардын портрети болсо, тип болбосо, адам баласынын өткөн, жаңы келечек коомундагы өзү өңдүүлөрдүн сансызын чагылдырган күзгз болбосо?». Искусствонун сферасы чексиз экендигин белгилеп Чернышевский мындай дейт. «…искусствонун сферасы жалгыз асылдык менен чектелбейт же анын моменттери менен, турмуштагы (жаратылыш) бардык көрүнүштөрдү кучагына алат, окумуштуу катары кызыкпастан, жөн гана адам катары кызыгат, турмуштагы жалпы мүнөзгө ээ болгон кызыкчылык мына ушул искусствонун мазмуну».

Пушкин «Евгений Онегинде» назик, сулуу Татьянадан тышкары толгон терс каармандарды сүрөттөйт. Ал эми Гоголдун «Текшерүүчүсүндө» жалаң гана терс персонаждар орун алгандыгын көрөбүз.

Чыгарманын предмети мезгилдин проблемасы менен үндөш болууга тийиш. Пушкиндин «Евгений Онегин», «Капитан кызы» өз мезгилинин проблемасына үндөшүп турат. Эки чыгарма тең мезгилдин духуна тура келет. Ушундай эле ойду Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына карата айтса да болот.Көркөм чыгарма замандын талабына жооп бериши жөнүндө Ч.Айтматовдун мындай бир олуттуу айткан пикири бар. «Азыр жазуучунун алдында турган башкы милдет, менин оюмча, адабияттын өлбөс-өчпөс салттарына таянып, азыркы кездеги замандын талабына жооп бере турган ойлорунун иштеп чыгууда турат». Ч. Айтматовдун «Кылымга тете күн» романы мезгил менен үндөш, мезгилдин көйгөйлүү, олутуу маселелерин козгогон оригиналдуу чыгарма. Чыгарма 1980-жылы СССРдин өтө салмактуу, даңктуу журналы «Новый мирде» жарыяланат. Ошол мезгилде өткөн тарыхына обьективдүү баа берүү маселеси өтө актуалдуу, зарыл, замандын бөтөнчө талабы эле. Чыгармада жеке адамга сыйынуунун азап-тозогу, согуштан кийинки оор, татаал турмуш мугалим Абуталиптин тагдырына байланыштуу көркөм сүрөттөлөт. Роман ар кандай мазмундагы окуяларга бай. Едигей менен Заринанын, Райымалы менен Бегимайдын тунук сүйүүсү, Найман энесин өлтүргөн манкурт. Жазуучу реализм менен мифти жана фантазияны чебер өздөштүрүп жалпы адам заттык мааниге ээ болгон көркөм эстетикалык баалуулугу өтө бийик көркөм чыгарма жараткан.

К.Маркс Ф.Лассалга жазган катында автор «Франц фон Зикинген» драмасына XVI кылымдагы таптык кагылыштарды сүрөттөйт да, дворян өкүлдөрүнө көп көңүл буруп, дыйкандар жана шаардын революциячыл элементтери көлөкөдө калган деп белгилейт. Бул кемчилиги болбогондо драманын каармандары мезгилдин эң жаңы идеяларын баяндамак.

Жазуучу сүрөттөлгөн көрүнүштөрдүн мезгилдин талабына туура келиши же келбестиги эки учур менен мүнөздөлөт: тарыхтын талабы жана адабияттын ички өнүгүшү. Социалдык-тарыхый шарт Л.Толстойду белгилүү темага жана белгилүү турмуштук материалга кайрылууга түрткү берген. Ч.Айтматовдун «Бетме бет» чыгармасы согуш мезгилинин олуттуу өзгөчөлүгүн сүрөттөйт. А.Токомбаев «Кандуу жылдар» романында кыргыз элинин тарыхында чоң трагедия болгон 1916-

жылдагы үркүнгө кайрылат. Ал эми Т.Касымбеков өзүнүн «Сынган кылыч» аттуу көлөмдүү чыгармасында Кокон кандыгынын мезгилинде өткөн зор тарыхый окуяларды, белгилүү тарыхый инсандардын өмүр жолун кеңири көркөм баяндайт.

Сүрөткер турмушту белгилүү идеологиялык жана эстетикалык позицияда туруп сүрөттөйт. Адабият жазуучунун активдүү көз карашы жана фантазиясы менен жаралaрт. Ошентип, көркөм образда жалпылоо бар. Образ-конкретүү, ошону менен бирге жалпылангае адам турмушун сүрөттөйт.

Ар кимдин кабылдоосуна жараша бул образдар ачык же бүдөмүк, элестүү же абстрактуу. Бирок ушул образдардын негизинде искусство жаратуу мүмкүн эмес. Искусство тактыкты, жыйынтыктуу болууну талап этет, окурмандын ой-толгоосуна жетеленбейт. Искусствонун чыгармасын окурман жаратпайт (угуучу) акын, жомокчу жаратат. Элестүүлүгү жагынан поэзиянын образы сүрөт менен музыканын образдары менен ат салыша албайт. Музыка менен сүрөттөө сезимдин образы сезим эстетика менен бекемделет да, поэзияда ал образ субьективдүү кошумча катары кабыл алынат. «30 жаш» ырда кайдагы кыр, кайсыл мезгил, жай, кыш. Сөз аркылуу элестетүү дайыма жалпы мүнөзгө ээ. Поэтикалык образ субьективдүү жана өзгөрмөлүү. Бирок өзүнүн аймагында искусствонун башка түрлөрүнөн бай болот. формалдуу-логикалык кеңири байланыш жана мамиле сөз аркылуу берилет, мындай көрүнүш искусствонун башка түрлөрүнө мүнөздүү эмес.

Поэзиянын алкагы кеңири да, чакан да – конкреттүү, элестүү образга караганда. Поэтикалык сөз кабылдаган адамга элестүү, сезимге бай, абстрактуу образдарды жаратат. Поэзиянын материалы образ, эмоция эмес, сөз.

Типтештирүү деген эмне? Турмуштагы жалпы законченемдүү көрүнүштөрдү жеке аркылуу билдирүү типтештирүү болот. Ырас, көркөм образ турмуштук окуялардан жаралат, бирок жазуучунун чыгармачылык элегинен өтөт. (эстетикалык идеялына жараша). Ошондуктан адабияттын чыгармалары болгон турмуштук чындыкка караганда адамга күчтүү таасир этет. Ойдон чыгаруусуз типтештирүү болбойт. Типтештирүү ойдон чыгаруусуз мүмкүн эмес. Мүнөз деген эмне? Каармандын жеке өзгөчөлүктөрүн аныктай турган негизги белгилердин жыйындысы мүнөз болот. Образды жалпы жана

жеке органикалык көрүнүш, бирдиктүүлүк түзөт. Мүнөз өзүнүн мазмунун тийиштүү кырдаалда толук ачып берет. Кырдаал-бул адам аракеттенген чөйрө, социалдык шарттар, конкреттүү турмуштук мамилелер. Типтүү кырдаал деген эмне? Эгер доордун аныктоочу белгилерин, коомдун өнүгүшүн тенденцияларын чагылдырса кырдаал типтүү болот. Ф.Энгельс М.Гаркнесске жазган катында реалисттик адабияттын маңызын ачык жана так белгилеген. «Менин көз карашымда, реализм деталдарды гана чындыкта сүрөттөп бербестен, типтүү мүнөздөрдү, типтүү шарттарды сүрөттөп берүү. Турмуштук көрүнүштөрдү конкреттүү жана жалпылаштырып сүрөттөө образ болот. Окумуштуу турмуштук түшүнүктөрдүн, аныктамалардын, фактылардын, тажрыйбалардын, негиздүү мисалдардын негизинде далилдеп көрсөтсө, жазуучу турмушту көркөм образдар аркылуу сүрөттөп берет. Образ баарынан мурда сөздүн «сыйкырынан» жаралат, ошондуктан көркөм сөз каражаттары: салыштыруу, эпитет, метосфора ж.б. образ жаратууда ар бири өзүнчө гана тийиштүү милдет аткарат.

«Образ» эки мааниде колдонулат: кең жана тар. Тар маанисинде образ деген сөз коздукту жана конкреттүүлүктү билдирет.

«Сүйүү – күнгө, эч өчпөгөн ыраңы
Сүйүү деген – бейиш кушу сыңары.
Сен ошону нагыз сүйүү деп билгин,
Өлө билсе, кимдин кетип чыдамы!».

Келтирилген мисалда конкреттүүлүк, кооздук бөтөнчө жандуу, элестүү экендиги ачык байкалып турат. Ал эми белгилүү советтик окумуштууу Тимофеев образдын кең маанисин төмөнкүдөй түшүнүп, мындай аныктама берет. «Сүрөткер тарабынан турмушту чагылдырган типти образ дейбиз». Көркөм образ – дүйнөнү таанып билүүнүн жана өзгөртүүнүн каражаты. Сезимди, ойду, умтулууну чагылдыруунун жана билдирүүнүн өзгөчө түрү.

Адабий образ искусствонун башка түрлөрүндөгү образдардын айырмаланат. Образ кең мааниде бүткүл эле искусствону камтыйт. Адабияттагы образ – бул сөздүн кудрети менен жаралган образ. Анткени адабияттын негизги каражаты – бул сөз. Ошентип кең мааниде образ деген – бул искусствого мүнөздүү турмушту өзгөчө чагылдыра турган форма. Бул

аныктама өтө эле  жалпы мүнөзгө ээ. Образдын өзгөчөлүгү эмнеде экендиги көрсөтүлгөн эмес. Образдуулук-бул адабияттын теориясынын борбордук түшүнүгү, ал адабияттын теориясынын негизги суроосуна жооп берет. Ал суроо-адабий чыгарманын маңызы эмнеде? Образга жалпылык жана конкреттүүлүк мүнөздүү мына ошондон төмөнкүдөй кеңири тараган аныктама келип чыккан.

Образ-айрым, жеке формада турмушту чагылдырган жалпылык. Мисалы, Пушкиндин «Евгений Онегин» романында ошол мезгилдеги дворян жаштарынын мүнөздүү белгилери сүрөттөлгөн. Ч.Айтматовдун «Акыр заманда» XX кылымдардын 70-80 жылдарындагы адамдардын мүнөздүү белгилери жалпыланган. Бөтөнчө эки койчунун образдары кимдин болсо көңүлүн өзүнө бурат. Бир жагынан кайталангыс жеке өзгөчөлүктөргө ээ болгон образдар. Экинчиден, жалпыланган образдар. Бестужев өзүнүн Пушкинге жазган катында (9.03.1825). «Мен  Онегинден турмушта учураган миңдеген адамдарды көрөм», - деп жазган.

Ал эми Онегин кайталагыс жеке мүнөздөрү менен айырмаланган өзгөчө образ экендиги жалпыга б елгилүү. Фонвизин өзүнүн «Недоросоль» аттуу чыгармасында сүрөттөлгөн Простаковдорго өтө окшогон үй бүлөнү көргөндүгүн күндөлүгүндө эскертет. Ошентип, сүрөткер тарабынан турмушту образдуу чагылдырган белгилердин негизги өзгөчөлүгү-жалпылык жана жекелик.

Образдын бул белгилери жетишсиз, анын маңызын терең түшүнүш үчүн анын кошумча белгилерине кайрылуу зарылчылыгы туулат. Образды толук түшүнүш үчүн төмөнкүлөргө кайрылуу керек. Сүрөткерди турмушка эмне кызыктырат, турмуштук кубулуштардын ичинен ал эмнеге бөтөнчө көңүл бурат. Ч.Айтматовдун «Жамийла» аттуу повестинде Жамийла, Данияр жана баланын турмушу сүрөттөлгөн. Кыргыз аялынын турмушка, сүйүүгө болгон мамилеси, б.а. чыныгы эркин сүйүү даңазаланат. Көркөм чыгарманын терең мазмуну анын окуяларында эмес, анын түпкүрүндө, маңызында.

«Көркөм образ, - деп жазат М.Горький дайыма идеяга караганда терең, кең, ал адамды бардык жагынан, сезимдериндеги, ойлорундагы карама каршылыктары менен алып

көрсөтөт. Көркөм чыгармачылык турмушка адилет мамиле жасайт, ал качан публицистиканын коштосунда калганда өзүнүн адилет обьективдүүлүгүн жоготот».

Ошентип жазуучунун изилдеген предмети турмуш, сүрөттөгөн предмети- Адам,анын татаал,көп кырдуу турмушка болгон мамилеси. Демек, образ-адам турмушунун сүрөтү. Адабияттын илимден мүнөздүү өзгөчөлүгү ал адамды бир бүтүн процесс катары сүрөттөйт. М: анатомия илими болсо адамдын бир гана жагын изилдейт эмеспи. Кыскасы, адамдын мамилесин билдирбеген көркөм сүрөттөө жок.

Ошентип, көркөм сүрөттөөнүн предмети адам дедик. Бирок адам абстрактуу түшүнүк эмес. Адам конкреттүү инсан, социалдык, улуттук-тарыхый мүнөзү менен шартталган. Анын турмушка болгон мамилеси өзгөчө, өзүнүн көз карашы, тили бар. Образ адам турмушунун картинасы дегенде биз баарынан мурда адамдын белгилүү мүнөзүн шарттуу деп билебиз. Образ деген түшүнүк мүнөз деген түшүнүккө караганда кеңири мааниге ээ. Мүнөз - бул белгилүү коомдук шарттарда түзүлгөн адамдык коомдук жүрүш-туруштун тиби.»Илиада» менен «Манас» эпосунда өзгөчө кайталангыс мүнөздөр бар. Манас баатырдын, Алмамбет менен Чубактын, Бакай менен Каныкейдин образдары кайталангыс жеке мааниге ээ болгон типтүү образдар. Ар биринин өздөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Ал тургай эпосто эпизоддук каармандардын да мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендиги ачык байкалат. Кырк чоронун башчысы, улуусу Кыргыл куу, куйту мүнөзү менен башкалардан бөлүнүп турат. «Чыканактай Эр Агыш, бүткөн бою тарамыш» деп эки сап ыр менен Агыштын ким экендиги ачык көзгө тартылат. М: Ахилл жаш, кайраттуу жигит. Бирок анда башка адамдык сапаттар аз. Ошондуктан Гомер аны ар кандай шарттарга дуушар кылат. Ал өзүнүн энеси Фетиданы терең сүйөт. Бризейданы Агамем тартып алганда ал ыйлайт, аны менен каршылашат. Ал Патрокл менен Антилохтун эң жакын досу. Ошону менен бирге эле Ахилл ачулуу, өч алгыч, душманга ырайымсыз. Ал өлгөн Гектордун атасы чал Приам ыйлап анын чатырына келгенде, ал үйдөгү өзүнүн атасын эстеп, ага туруп кол сунат. Ахилл жөнүндө минтип айтууга болот бул адам (Гегель). Шекспирдин «Ромео жана Жульетта» трагедиясында Ромеонун негизги адамдык маңызы сүйүү. Бирок Шекспир аны ар кандай шарттарда сүрөттөйт. Анын

өз ата-энесине болгон, досторуна болгон мамилеси. Ошентип ар бир көркөм чыгармада бир катар мүнөздөр көрсөтүлөт. Мүнөз-бул образдын ядросу. Образ канчалык жеке мүнөзгө ээ болбосун анын шарттуулугун биз сезип турабыз. Көркөм факт менен турмуштук фактынын ортосунда мүнөздүү өзгөчөлүктөр бар.

Франциянын белгилүү жазуучусу, «Мадам Бовери» романынын автору Флобер мындай билдирет: «чоң генийлердин өзгөчө белгиси жалпылоону, жаратууну билгендигинде». Андан ары мындай деп кошумчалайт. «Ушул кезде Франциянын 20дай айылдарында менин байкуш Боварим азап тартып ыйлап отургандыр». Ошентип образ эми адам турмушунун конкреттүү ошону менен бирге эле жалпыланган сүрөтү. Ойдон чыгаруусуз жалпылык, жекелик, ошондой эле образ жаралышы мүмкүн эмес.

Чыгармада он персонаж, он адам сүрөттөлөт. Алардын ичинен бир эки гана мүнөз болушу мүмкүн. Ошондой эле ар кандай мүнөздөрдүн бардыгы эле тип боло бербейт. Тип мүнөздүн жогорку формасы, чоң көркөм жалпылоо. Каарман, персонаж бир маанидеги түшүнүк.

Турмушту образдуу чагылдыруу баарынан мурда сүрөткер турмушту жалпы эле кандай түшүнөт, ошондой эле ал жашаган тарыхый шарт менен байланыштуу болот. Чернышевский өзүнүн эмгегинде сулуулуктун эки тиби же ал жөнүндөгү эки башка түшүнүктү берет. Шаарда жашаган элдин, айылдыктардын сулуулук жөнүндө эки башка түшүнүгү бар. Ар кандай жазуучу турмушту өзүнүн түшүнүгүндө коомдо алган ордуна жараша ар башка сүрөттөп берет. Пушкин дворяндардын, Л.Толстой дыйкандардын, Горький жумушчулардын, Фет менен Некрасов, А.Осмонов ар башка көрүнүштөрүн көркөм сүрөттөшкөн.

Байыркы гректердин искусствосунан, «Манас» эпосунан биз бүгүн да көркөм рахат алабыз, алар бүгүнкү адамдар үчүн кол жеткис сонун үлгү болуп кала берет. Өткөн доордун адабиятынын тарыхый, таануу гана мааниси болбостон, көркөм эстетикалык мааниси да зор.

Жазуучу турмушту өзүнүн көз карашына байланыштуу көркөм чагылдырат, б.а. өзүнүн оюн, сезимин билдирет. Турмуштун кандай кубулуштарын тандап алат, бул да жазуучунун көз карашына байланыштуу болот. Немецтин улуу жазуучусу, «Фауст» романынын автору Гете «Искусствонун кандай гана чыгармасында болбосун,-деп жазат-кичинеби, чоңбу,

майда-чүйдөсүнө чейин ойго байланыштуу». Ошентип, турмуштук кубулушту тандап алуу, алардын өз ара байланышын сүрөттөө, аларга баа берүү сүрөткердин чыгармачылыктагы көз карашына байланыштуу.

Чыгармачылыктын негизинде көз караш жатат. Бирок жазуучунун чыгармачылыгы анын көз карашынын кеңири. Буга Бальзак, Л.Толстой өңдүү улуу жазуучулардын чыгармачылыгы ачык күбө. Булар өзүлөрүнүн көз карашындагы кемчиликтерди жеңип, турмушту терең чындыкта сүрөттөп берүүгө жетишкен. Пушкин Татьянаны күйөөгө чыгаргысы келген эмес. «Эй, уктуңарбы, Татьяна күйөөгө чыгып кетиптир» десе, Л.Толстой «Анна Каренинаны темир жолго ыргыткан жокмун, өзү түшүп кетти» дейт. Ушундай эле ойду француз жазуучусу Г.Флобер өзүнүн «Айым Бабари» аттуу романынын башкы каарманы жөнүндө ушундай эле пикир айтат.

Белгилүү окумуштуу, профессор Борбугулов өзүнүн «Адабият теориясы» аттуу окуу китебинде типтештирүүгө мындай аныктама берет. «Көркөм чыгармада фактылар, окуялар менен көрүнүштөрдүн маанилүү, мүнөздүү жактарын, анын мыйзам ченемин көрсөтүү типтештирүү деп аталат» (134). Белинский көркөм адабияттын спецификалык өзгөчөлүгү дегенде адабияттын милдеттери, мазмуну, формасы өңдүү жактарын түшүнөт. Адабияттын көркөмдүгү жана образдуулугу жакын, бирдей түшүнүк өңдөнгөнү менен эки башка түшүнүк. Образга караганда көркөмдүк кеңири түшүнүккө жатат. Искусствонун кайсы гана түрүн албайлы, аларда көркөмдүк олуттуу орунга ээ.

Көркөм чыгарманын идеялык мазмуну образдарда ачылат. Көркөм чыгармада сүрөткер ар кандай адамдык мүнөздөрдү жана коомдук типтерди сүрөттөйт. Ошондой эле жаратылыштын көрүнүшүн, кубулуштарын, коздугун-пейзаждын образын, адам жашаган чөйрөнү-нерселердин образын сүрөттөйт. Мында башка көптөгөн адабий чыгармаларда адамдын ички сезими, ой-толгоолору сүрөттөөлөрү белгилүү. Образ кеңири маанисинде бүт чыгарманы камтыйт. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде согуш мезгилиндеги кыргыз айылынын турмушу сүрөттөлөт. Образ тар маанисинде бир чакан көрүнүшү, көркөм сүрөттөөнү билдирет. Мисалы, А.Осмоновдун «Түн суук, кыш ышкырып» ырында «ышкырып» деген сөз өзүнчө кыштын бороондуу түнүнүн образын жаратууда. Образ искусстводо

көркөм ойлонуунун негизги каражаты, чыгарманын идеялык мазмунун ачып берүүдөгү өзгөчө түр. Образ бири бирине карама каршы турган эки түшүнүктү камтыйт: жеке жана жалпы. Бирок бул эки түшүнүк ажырагыс органикалык байланышта болот. ошону менен бирге эле образ обьективдүү жана субьективдүү мүнөзгө ээ. Обьективдүү мүнөзгө ээ болушу-реалдуу турмуштан алынганы. Сүрөткер реалдуу турмушту жөн гана көчүрүп койбойт. Ага карата өзүнүн түшүнүгүн, мамилесин, көз карашын билдирет, баасын берет. Бул образдын субьективдүү мааниси. Көркөм чыгарманын негизги, башкы обьектиси адам, адамдын жашоо турмушу, адамдын өзүнө, башка адамдарга болгон мамилеси, коомго, жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон көз карашы. Сүрөткер эмнени сүрөттөбөсүн, жаратылышты, итпи, кушпу баары адамга тиешелүү, адамдын аң-сезимине таасир этет, анын эстетикалык жан дүйнөсүн козгойт. Демек көркөм чыгармада адамдын образы башкы, негизги образ. Белгилүү окумуштуу А.Акматалиев «Саманчынын жолу» повести жөнүндө мындай бир адилеттүү, терең пикир айтат: «Адам баласы бардыгынан улук, бийик. Адам жакшылыкты адамдан үйрөнөт. Дүйнөгө келген ар бир наристе бардык адамзаттын баласы. Эне бактысы элдик бактыдан келет, жер ыйык, жер адам баласына жашоо берет, турмуш түбөлүктүү, эмгек өлбөйт. Бул сыяктуу философиялык ой жүгүртүүлөр чыгарманын бүткүл идеясын түзөт».

Айрым образдар жеке жана жалпы адамдык бийик сапаттарды алып жүрөт. Мындай образдар типтүү болот. Мисалы, Манас өңдүү элдик баатырлардын образдары жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн өзүнүн өмүрүн курман кылууга даяр, курман да кылат. Ч.Айтматовдун «Гүлсарат» чыгарамасындагы башкы каарман Танабайдын образы типтүү образ.Танабай эл кызматын ак ниет мүнөзү, эмгекчилдиги менен мыкты аткарган, эч жамандык ойлобогон, адамдык сапаты бийик адам. Бул анын образындагы жалпылык, анын образындагы жекелиги, индивидуалдуулугу, ишенчээктиги, ак көңүлдүүлүгү, ошону менен бирге эле айтканынан кайтпаган көктүгү. Ырас, көркөм чыгармада сүрөттөлгөн, адамдык жаман сапаттарды алып жүргөн каармандын образы да типтүү болот. сүрөткер терс көрүнүштөргө басым жасап, бөтөнчө көңүл буруп, апыртып сүрөттөгөн учурлар да арбын учурайт. Типтүү шарттарда типтүү мүнөздөр жаралат.

Жазуучунун кыялынын  фантазиясынан жаралган образ да типтүү болот. мындай лбраз жаратууда ойдон чыгаруунун мааниси чоң. Ойдон чыгаруу көркөм жалпылоонун маанилүү каражаты болот да, типтүү мүнөз түзүлөт.

## Көркөм адабияттын мазмуну жана формасы

План:

1. Мазмун  жана форма жөнүндө жалпы ьүшүнүк.
2. Чыгарманын темасы жана идеясы. Чыгарманын негизги проблемасы.
3. Сюжет жана композиция. «Селсаяк сюжет»  жөнүндө түшүнүк.
4. Сюжеттин  элементтери.
5. Композициянын элементтери.

Адабий чыгарманын мазмуну дайыма жазуучу сүрөттөгөн жана билдирген  турмуштук көрүнүштүн органикалык биримдиги. Дүйнөдөгү бардык нерселер  өзүнчө мазмунга жана формага ээ. Бирок көркөм чыгарманын  мазмуну жана формасы диалектикалык мүнөздө болот,  кыймылда болуп, өзгөрүп, өнүгүп турат. Мыкты көркөм чыгармада бардыгы мазмун, бардыгы форма. Алар өз ара бири-бирине өтөт. Бирок көркөм чыгрмада мазмун аныктайт. Турмуш жараткан жаңы мазмун эски форманы жокко чыгарат.М.; сүйүү негизин түзгөн XIX кылымдагы орус адабиятында үй-бүлөлүк роман жаңы мазмун үчүн тар болот да, эми эпопеялык  белгилерди кеңири камтыган романдын жаңы тиби жаралат. Жаңы романда каарманды революциялык күрөштө сүрөттөөгө мүмкүн болот. Мындай романдарга М.Горькийдин «Эне», Фуцрмановдун  «Чапаев»  ж.б. кирет.

Ошондой эле форма активдүү болот ал мазмунга таасир этет, анын маанисин корректировать этет (оңдойт). Маяковский революциялык доорду бөтөнчө сүрөттөп бере турган форманы издейт. Чыгарманын идеялык мазмунунун өнүгүшүнө автор тандап алган жанр таасир этет. Пьесанын мазмуну кандай формада чечилет, комедиялуу же трагедиялуубу, ошого жараша болот. Бирок немецтин улуу жазуучусу Гете адилеттүү белгиленгендей «форма эч убакта мазмунсуз жашай албайт». Мазмун деген эмне? Автордун идеалы менен чагылган, идеялары

менен сугарылган, турмуш кубулуштарынын көркөм өздөштүрүлүшү. Мазмун да объективдүү жана субъективдүү мүнөзгө ээ. Мазмундуулук. Белинскийдин пикир боюнча, турмуш чындык менен ажырагыс көрүнүш.

Мазмун-көп составдуу категория, ал өзүнүн ичине чыгарманын темасын, идеясын жана проблемасын камтыйт. К.Маркс жана Ф.Энгельс мыкты чыгармалардын бардыгын терең идеялуу же тенденциялуу дешкен. «Трагедиянын атасы Эсхил», комедиянын атасы Аристафон экөө тең ачык тенденциялуу акын болушкан, ошондой эле Данте, Сервантес, ал эми Шиллердин «Коварство и любовь» чыгармасынын башкы артыкчылыгы мында, ал биринчи немецтик саясий тенденциялуу драма. Мыкты романдарды жазышкан азыркы орус, норвег жазуучулары бардыгы тенденциялуу. «Тенденция» дегенди мындай түшүнсө болот. Жазуучу жөн гана турмушту көчүрүп койбойт. Өзүнүн оюн, умтулуусун билдирет. Идеясыз чыгарма болбойт. Идея белгилүү карама-каршылыктарды чечүүдө билинет. Кандай гана чыгарма болбосун анда идеялык-эстетикалык «күч» бар, өзүнүн багыты бар, андан биз жазуучунун көз карашын билебиз. Тема бул чыгарманын башкы проблемасы. Тема – бул конкреттүү чечүүнү талап эткен, жазуучунун жан дүйнөсүн козгогон маселе. Бир эле турмуштук материал ар түрдүү темадагы чыгармаларды жаратыш мүмкүн. Мисалы: Улуу Ата Мекендик согуштун окуялары көптөгөн темалардагы чыгармаларды жараткандыгын билебиз. Мисалы, Симоновдун «Орус адамдары», Шолоховдун «Адам тагдыры» тематикасы боюнча жакын чыгармалар. Алардагы көтөрүлгөн проблемалар окшош көрүнгөнү менен каармандардын тагдырлары, душман менен болгон күрөштө басып өткөн жолдору ар башка. Тема - конкерттүү турмуштук ситуация жараткан кандайдыр бир конфликт камтыйт. Конфликсиз чыгармалар турмуштан, чындыктан алыс. Тема форманы түзүү процессинде өзүнчө чечилет, идеялык багыт алат. Тема деген термин эки мааниде колдонулат.

1. Турмуштук материал (сүрөттөш үчүн алынган).
2. Чыгармадагы негизги коомдук проблема.

Биринчи маанисинде Гоголдун «Тарас Бульбасынын» темасы - бул Украина элинин боштондук күрөшү (поляктык шляхтарга каршы). К.Баялиновдун «Ажар» повестинин башкы темасы өткөн доордогу кыргыз кызынын трагедиялуу тагдыры.

К.Жантөшевдин «Карачач» драмасынын башкы темасы эки жаштын татаал сүйүүсү. Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинин башкы темасы сонун,бактылуу сүйүү. Башкы проблемасы – эркин сүйүүнү даңазалоо. Экинчи маанисинде турмуштун жогорку закону болгон элдик жолдоштук, биримдик башкы проблема. Ал адамдын ордун, милдетин аныктайт.

Айрым чыгармаларды теманын проблемалуулугун жазуучу чыгарманын аты менен эле баса белгилейт. Мисалы: «Акылдан азап», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Ким күнөлүү?», «Эмне кылуу керек», «Болот кантип курчуду?». Ал эми көптөгөн чыгармалардын аты эч нерсе билдирбейт. «Евгени Онегин», «Анна Каренина», «Жамийла», «Тынч Дон», «Ажар».

Л.Толстой «Анна Каренина» романынын идеясын аныкташ үчүн чыгарманы башынан аягына чейин кайрадан көчүрүп чыгыш керек деген экен.

Чакан лирикалык ырларда бир идея, бир ой жатат. Ал эми эпикалык, драмалык чыгармаларда көп пландуу идеялар орун алгандыгын көрөбүз. Поэтикалык идея эстетикалык жаратылышка ээ болуп, образдардын системасында ачылат. Көркөм форманын негизги милдети – мазмунду ачып берүүдө. Көркөм чыгарманын маанилүү компоненти - сюжет, б.а. чыгармадагы окуялардын системасы, ырааттуу өнүгүшү. Ал эми чыгарманын түзүлүшү композиция.

Бардык жазуучуларга жалпы көрүнүш - бул тил экендиги белгилүү. Ошондой эле бардык жазуучуларга жалпы көрүнүш - сюжет. Үчүнчүдөн, композиция да жалпы көрүнүш болуп эсептелет. Анткени чыгарманын идеялык-көркөмдүк мазмунун ачып бериш үчүн автор каармандардын сөзүнө, сүрөттөөлөргө, автордук баяндоого,диалог, монологдорго, лирикалык чегинүүлөргө кайрылат. Ошондой эле конкреттүү урук, түр жанрда жалпы мүнөздөгү көрүнүш. Мыкты чыгармалардын сюжети коомдук чоң мааниге ээ болгон турмуштук окуялардан турат. Окуялардын системасы негизинен эпикалык, драмалык чыгармаларга м үнөздүү.

«Манас» эпосунун башкы темасы - сырттан басып кирген калмак, кытайларга каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү. Башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинин башкы темасы – согуш мезгилиндеги кыргыз айлынын турмушу. Башкы проблемасы эркин сүйүүнү даңазалоо.

Жаратылыштын сүрөтүн предмет кылып алган айрым бир эпикалык чыгармаларда окуялардын системасы жок. Мисалы: Тургеновдун «Токой жана талаа», Эдгар Понун психологиялык новеллалры, Хемингуэйдин «Окуясыз» аңгемелери. Ошондой эле лирикалык чыгармаларда окуялардын системасы жок. Бирок аларды сюжетсиз чыгармалар деп атоо туура эмес.

«Селсаяк сюжет» жөнүндөгү теориянын мүнөзү эмнеде? Көптөгөн жазуучулар Дон-Жуандын образына кайрылышкан. Мольер, Байрон, Пушкин ж.б. Алардын чыгармаларында жалпыга белгилүү салттык сюжет сакталат. Бирок ар кимиси өзүлөрүнүн шыгына, талантына жараша чыгармачылык менен кайра иштеп чыгышат. Ошентип, кайталангыс, улуттук мүнөзгө ээ болгон оригиналдуу чыгармалар жаралат. Аларда ар бир элдин улуттук өзгөчөлүктөрү сакталып, тигил же бул элдин төл чыгармасына айланат. Чыгармалардын тышкы окшоштуктарына таянышып, туура эмес пикир, теория жаратышкан. Бул теориянын жактоочулардын түшүнүгүндө бир гана сюжет дүйнөнү кыдырып жүрөт, жаңы эч нерсе жок деп эсептешкен. Жалган, калпыс, «селсаяк сюжет» деген теория мына ушундай туура эмес түшүнүктүн негизинде пайда болот. Тышкы окшоштуктардын негизинде бири бирине таасир этет, үйрөнөт деп билишкен. Мындай окшоштуктар элдик оозеки адабияттарда учурайт. Мисалы: «Көр уулу», «Алпамыш», «Эр Төштүк» ж.б. Бирок булар да ар бир элдин улуттук бөтөнчөлүктөрү сакталган. Ырыс, негизги традициялык сюжет бардыгында бирдей. Бирдей тарыхый шарт, кырдаал бир мүнөздөгү, мазмундагы романдарды жараткан. Мисалы, «Анна Каренина», «Айым Бовеари». Буларда социалдык, нравалык конфликтер бирдей эзүүгө негизделген коомдо көптөгөн, ар түрдүү үй-бүлөлүк, традициялар каралат. Бирок булар жалпы гана окшоштук. Сюжеттин өнүгүшү бөтөнчө, мазмуну башка, коомдук карама-каршылыктарга карата жазуучулардын мамилелери ар башка. Каармандардын мүнөзү бөтөнчө улуттук белгилер менен айырмаланып турат. Көптөгөн чыгармалардын сюжетин миф түзөрү белгилүү. Анткени миф сюжет куруунун жана образ жаратуунун түбөлүк булагы. Буга Ч.Айтматовдун чыгармалары ачык күбө.

Классикалык адабий чыгармаларда сюжеттин экспозиция, окуянын башталышы, чиелениши, окуянын өнүгүшү, кульминация, окуянын өнүгүп жеткен чеги, окуянын чечилиши

өңдүү элементтер бар. Ал эми айрым чыгармаларга пролог, эпилог-сөз башы, сөз аягы бар экендигин көрөбүз. Карама-каршылыктар башталганга чейинки шарт. Мына ушул шартта калыптана баштаган каармандын мүнөзүндөгү белгилер экспозиция, же окуянын башталышы болот. экспозициянын милдети каармандын андан аркы жүрүш турушуна жол ачуу.

Экспозиция дайыма эле чыгарманын башында учурай бербейт, чыгарманын аягында да туш келиши мүмкүн. Мисалы, «Өлүк жандар» чыгармасынын биринчи томунун аягында Чичиков жөнүндө кабар бар. Ал эми Л.Толстойдун «Согуш жана тынчтык» романында каармандар жөнүндө кабарлар чыгарманын ар кайсы жерлеринде орун алгандыгын көрөбүз. Бирок бардык учурда экспозиция бир милдет аткарат. Катышкан каармандардын мүнөздөрү ачылган кырдаал менен тааныштырат, андан ары каармандардын жүрүш-турушун түшүндүрөт. Тургеневдин «Дворянское гнездо» аттуу романында каармандар жөнүндө алгачкы кабарлар бир нече главаларга созулат. Драмалык чыгармаларда окуянын башталышы каарман тарабынан же автор тарабынан баяндалат.

Окуянын чиелениши-алгачкы карама-каршылыктарды,өнүгө баштаган окуяларды сүрөттөө. Алгачкы карама-каршылыктарды ачып бкрүү менен окуянын чиелениши окуучуларды чыгарманын темасын түшүнүүгө жакындатат.

Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде окуянын чиелениши-бул Жамийла менен Данийардын пристанга бирге дан төгө башташы. «Текшерүүчүдө» окуянын чиелениши-бул даярдалып жаткан текшерүү. Эгер окуянын чиелениши чыгармада коюлган проблеманы түшүнүүгө окуучуларды жакындатса, окуянын өнүгүшү ал проблеманын мүмкүн болушунча чечүү жолдорун көрсөтөт. Экинчиден, Айтматовдун «Жамийла» повестинде окуянын өнүгүшүндө Данияр менен Жамийланын мүнөздөрү ачыла баштайт, бири-бирине болгон сүйүү сезимдеринин күч алгандыгын көрөбүз. Ошондой эле «Текшерүүдө» катышкан каармандардын мүнөздөрү аздыр-көптүр билине баштаганын сезебиз.

Кульминация-окуянын өнүгүп жетилегн эң жогорку чеги. Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде Жамийла менен Данийардын терең сүйүүсү, алар бири-бирисиз жашай алышпайт. Данийардын ыры же кырмандагы сценалар кульминация болот.

«Текшерүүчүдө» Хлестаков шаар башчысынын кызына үйлөнмөк болгону, Мария Антоновнага куда түшүүсү. Окуянын чечилишинде-карама-каршылыктар басылат,же аны баса турган жолдор ачык болот. Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Данияр менен Жамийланын кол кармашып казак талаасын бет алып кетиши. Ал эми «Текшерүүдө» -окуянын чечилиши – бул хлечтаков ким экендиги билинет,жаңы, чыныгы текшерүүчү эми келери жөнүндө кабар айтылат.

Пролог жана эпилог-сөз башы,сөз аягы айрым бир чыгармаларда учурайт. Сөз башы-негизги сюжеттик өнүгшкө киришүү. Албетте, сөз башы менен чыгарма башталат. Баш сөз чыгарманын аягында берилиши да мүмкүн. Гоголдун «Коркунучтуу өч алуу» аттуу чыгармасында сөз башын чыгарманын аягынан көрөбүз. Ч.Айтматовдун «Кассандранын тамгасы» романында башкы каарман Крылцов жөнүндө маалымат чыгарманын аягында берилет.

Эгер чыгарманын аягында катышкан каармандардын тагдыры анчалык ачык болбой калган учурда, жазуучу сөз аягына кайрылышы мүмкүн.

Ошондой эле композициянын да өзүнүн элементтери бар. Алар төмөнкүлөр: Лирикалык чегинүү-бул эпикалык чыгарманын авторунун түздөн-түз билдирген ой-толгоолору. Мисалы, Гоголь Плюшкиндин окуучуларга бөтөнчө терс мааниде сүрөттөп бериш үчүн түздөн-түз ой толгоолорун берет. А.Фадеевдин «Жаш гвардия» романында каармандын эмгекчил элге карта айткан гимни бар. Бул автордун оюу экендиги ачык байкалып турат. Айрым учурда жазуучу өзүнүн чыгармасынын мүнөзү жана милдети жөнүндө кабар бериш үчүн лирикалык чегинүүгө кайрылат. Гоголь «Өлүк жандар» чыгармасында жазуучунун эки тиби жөнүндө ой жүгүртөт.

Кошумча эпизоддор чыгарманын негизги баяндоо сызыгы менен түз байланышы жок окуялар. Бул өңдүү композициялык каражат чыгарманын мазмунун кеңейтиш үчүн же тереңдеш үчүн колдонулат. Мисалы, «Манас» эпосунда «Көкөтөйдүн ашы», «Алмамбеттин жомогу» кошумча эпизоддорго кирет. Гоголдун «Өлүк жандар» поэмасына «Капитан Кэпейкин» жөнүндө повесть киргизилген.

Көптөгөн чыгармаларда пейзаж маанилүү идеялык-композициялык роль ойнойт. Ырас, айрым чыгармаларда пейзаж

чыгарманын негизги предмети болуп сүрөттөлөт. Кеп пейзаж көркөм каражаттын ролун аткарган учур жөнүндө жүрүп жатат. Достоевскийдин «Бедные люди» аттуу романында каармандын өлөр алдындагы оор абалы пейзаж аркылуу таасирдүү, көркөм сүрөттөлөт. Күн көрүнбөйт, себелеп жаан жаап турат. Интерьер – каарманды курчаган чөйрө, жай. Гоголь «Старосоветские помещики» аттуу чыгармасында каармандардын бөтөнчө дүйнөсүн сүрөттөйт.

Кандай гана адабий чыгарманы албайлы, ал бир бүтүн көрүнүш, бүткөн адабий процесс. Адабияттын темасы, проблемасы, идеясы, сюжети, композициясы, көркөм каражаттары деп бөлүү-бул шарттуу түшүнүк. Аларды бир биринен бөлүп кароо такыр туура эмес. Бирок адабияттын бөлүгү жөнүндө конкреттүү, толук түшүнүп алыш үчүн аларды өзүнчө кароо зарылчылыгы келип чыгат.

Адабият - бул реалдуу турмуштун көркөм чагылышы, б.а. көркөм чыгарма, коомдук турмуштун талабына карата жаралат да, турмушту көркөм сүрөттөйт. «Манас» өз доорунун талабына жооп берген чыгарма, анда ошол доордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү көркөм баяндалган. Ч.Айтматовдун чыгармалары XX кылымдын олуттуу, көйгөйлүү маселелерин сүрөттөгөн, доордун талабына ылайык жаралган, дүйнөлүк масштабдагы өзгөчө көрүнүш. «Манас» өңдүү чыгармалардын сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү жөнөкөй, конкреттүү, системалдуу, компакту - жыйнактуу болот эмеспи. «Манас» эпосунун сюжеттик курулушуна, композициялык түзүлүшүнө, алардын элементтерине көңүл буруп көрөлү.

«Манас» эпосунун сюжети да окуялардын системасынан турат б.а. окуялар ырааттуу өнүгөт, окуянын башталышы, өнүгүшү, бүтүшү бар.Ошондой эле баш сөз бар. Баш сөз угуучуларды маанилүү баяндоого даярдап, өзүнчө көркөм милдет аткарат.

«Атаңардын жомогун,
Айтпай койсок болобу.
Жарымы төгүн, жарымы чын,
Жанынан келген киши жок.
Көбү жалган, көбү чын,
Көрүп келген киши жок.
Алпынан да калпы көп».

Бир окуядан экинчи окуяга өтөөрдө «муну мындай таштайлы, Манастан кабар баштайлы» деп башка баянга өтөт. «Манас» эпосунда шарттуу түрдө сюжеттин негизги элементтери бар. Эпостун композициялык түзүлүшү генеалогиялык циклизация принцибинде өнүгөт да компактуу болот. ошондой эле «Манас» эпосунун сюжетиндей эле композициясынын да негизги элементтери бар. Эпосто автордук баяндоо бар, так айтканда, айтуучунун, манасчынын ролу-зор. Манасчы формалдуу баяндоочу эмес. Активдүү, жандуу айтуучу болуп, манасчынын көркөм образы бар. Композициянын негизги элементтеринин бири болгон монолог, диалог эпосто жыш учурап, каармандардын мүнөздөрүн ачып берүүдө маанилүү роль ойнойт.

Монолог – грек тилинде – монос - бир, логос яя34яяrrsid47920яяяя сөз, бир сөз деген маанини билдирет, б.а. бир кишинин сөзү деп түшүнөбүз.Монолог диалог сыяктуу эле драмалык чыгармаларга бөтөнчө мүнөздүү. Ошондой эле лирикада да арбын учурайт. Эпикалык чыгармаларда чектелүү болот. Бирок эпикалык чыгармаларда өтө сейрек учурайт – деп айтыш да кыйын. «Манас» эпосунда Алмамбеттин, Каныкейдин, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолунда» Толгонайдын монологдору олуттуу көркөм мааниге ээ болуп, каармандардын мүнөздөрүн терең ачып берүүгө кызмат этет. Каармандардын өз ичинен айткан ой-толгоосу, арман-күүсү ички монолог болот. Көркөм чыгармада сүрөткердин сөзү да монолог болушу мүмкүн.

Манас менен Алмамбеттин жана Каныкейдин монологдору Алмамбет менен Чубактын диалогу өзүнчө бир бийик көркөм, эстетикалык баалуулугу өзгөчө көрүнүштөрдөн. Ошондуктан автордун оюн катышкан каармандардын диалог, монологдору аркылуу билебиз. Монолог, диалог адамдын мүнөзүн ачып берүүдө аткарган милдеттери зор. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Кыямат» романында Базарбай менен Бостондун диалогу аркылуу автор экөөнүн мүнөзүн, билим деңгээлин, турмушка болгон көз карашын чебер сүрөттөп берет. «Манас» эпосунда портреттик сүрөттөөлөрдүн алган орду да айрыкча маанилүү, кайталангыс оригиналдуу сейрек көрүнүш. Башканы айтпай эле Манастын портретине көңүл буруп көрөлү.

«Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн

Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асмандагы булуттун
Салкынынан бүткүндөй.
Күркүрөгөн дайранын,
Толкунунан бүткөндөй
Асты калың кара жер
Манаска жерлигинен түткөндөй».

Эмне деген керемет, көркөм сүрөттөө. Коңурбай, Жолой баш болгон терс каармандардын да кайталангыс портреттик сүрөттөөлөрү бар. Каныкейге мүнөздүү портреттик сүрөттөө да өзгөчө көркөмдүү, бийиктиги менен өзүнчө бөлүнүп, таасирдүү, образдуу менен кайталангыс көрүнүш катары биздин аң-сезимибизге бөтөнчө жандуу бүлүк салат.

«Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын берген эркеси.
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурдуусу.
Кең көйнөйтүн тазасы,
Ургаачынын пашаасы».

Пейзаж көркөм сүрөттөө каражаты катарында сөз искусствонун тарыхында ар түрдүү мүнөзгө ээ, ошого жараша аткарган кызматы да ар түрдүү. «Манас» эпосунда Алмамбет баатырдын жан кейиткен оор абалын, Чубактын чучугуна жеткен ачуу сөздөрүн угуп, жүрөгү ооруп, айласы кетип турганын пейзаж аркылуу өтө таасирдүү, жеткилең сүрөттөп бергенине күбө болобуз. «Асманда алданын күнү бүркөлүп, Алмамбеттин башына, алтымыш сана бир келип»,- деп сүрөттөп жатпайбы. Ал эми Манас баатыр өлгөндө «Карагай ыйлап, тел ыйлап, калың элдин баары ыйлап! деп, улуу трагедияны жаратылыш да бөлүшүп, «ыйлап» жатпайбы. Ошентип пейзаж маанилүү көркөм каражат катары окуяны даана көрүп, терең баалоого көмөк түзөт, психологиялык жагынан толуктайт, сюжеттин өнүгүшүн күчөтөт. Пейзаж жөн гана сүрөттөө, көркөм каражат эмес, өзүнчө бүткөн чыгарма да болот. Буга Тургеновдун «Аңчынын аңгемелери» аттуу чыгармасы, Пушкиндин аңгемелери ачык күбө.

«Манас» эпосунда композициянын дагы бир негизги элементи болгон пейзаждын ролу өзгөчө орунга ээ. Кыргыз жери көздүн жоосун алган, ажайып кооз, жан-жаныбарга бай, бейиштин төрүндөй болгон өзгөчө жай катары сүрөттөлөт.

«Адыр, адыр жерлер бар
Адырдын чөбү суюлуп
Аркары жүрөт куюлуп,
Аркары адам таанызбайт.
Азаптуу киши наалыбайт.
Алмасы аттын башындай
Жаңгагы сайдын ташындай.
Жан жараткан ар кандай».

«Манас» эпосу окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, классикалык эпостун үлгүсүн түзгөн уникалдуу көркөм эстелик. Эпосто кошумча эпизоддор арбын. Алар эпостун мазмунун байытып көркөмдүгүн арттырып турат. «Жалгыз үйдүн боорумун, жарым күнү ырдаган» легендарлуу манасчы Жайсаң ырчыны эске салсак. Эпостук каармандын жашаган жайы, ордосу да кеңири, көркөм сүрөттөлөт. Демек, композициянын дагы бир маанилүү элементи болгон интерьердин ролу да чоң. Дүйнөлүк адабияттын тарыхында каармандардын жашаган чөйрөсүн, жаткан жайын чебер сүрөттөгөн жазуучулар аз эмес. Пушкин өзүнүн «Евгений Онегин» романында, Гончаров «Обломов» аттуу чыгармасында башкы каармандарынын жаткан жайын, кабинеттерин бөтөнчө көркөм сүрөттөп, алардын мүнөздөрүндөгү олуттуу өзгөчөлүктөрдү так, таасын ачып бергенине күбө болобуз. Т.Сыдыкбеков өзүнүн «Тоо арасында» романында боз үйдүн ички, тышкы жасалгасын бир кыйла чебер, образдуу, ынанымдуу сүрөттөйт.

«Манас» эпосунда Манас баатырдын ак сарайын бөтөнчө таасирдүү, элестүү, көркөм сүрөттөгөнүнө күбө болобуз.

«Кайыңдан тунук ийдирген.
Каалга таяк, босого
Канча түрдөп ийдирген.
Ууктарын нылдаган.
Каалга менен кемеге
Канча түрдөп сырдаган
Ичин жибек чырмаган
Асемдеген Ак сарай
Салтанатты бир далай»

Көркөм чыгарманын мазмунун да, формасын да турмуш түзүп, турмуш аныктары белгилүү эмеспи. Бирок турмуш да өзгөрүп, жалңыланып турган көрүнүш. Ошого жараша көркөм

чыгармада, мазмунда, формада, эскирип кайрадан жаңыланып турары табийгы иш.

Турмушту көркөм өздөштүрүүгө мүнөз, сюжет, композиция, конфликт, тил өңдүү каражаттар негизги ролду ойнойт. Бул аталган элементтер адабияттын формасына таандык. Адабияттын формасынын негизги милдети адабияттын мазмунун ачып берүү. Сүрөткер адамдын портреттин сүрөттөп, ага мүнөздөмө берет, жашоо шартын, айлана чөйрөсүн, башка адамдарга болгон мамилесин билдирет. Биздин көз алдыбызда адамдык жүрүш-туруштун белгилүү тиби тартылат. Ошентип, көркөм чыгарманын мазмуну мүнөз аркылуу көрүнөт.

Мүнөз түзүүдө тилдин ролу зор. Ошентип, көркөм чыгармада мүнөздүн ээлеген орду өзгөчө, олуттуу.

Мазмун сүрөткер өзүнүн чыгармасында эмнени сүрөттөгүсү келсе, ал мазмун болот да, ал ойду, идеяны ачып бере турган тил каражаттар (сюжет, композиция, тил ж.б.) форма болот. Формасыз мазмун болбойт да, толук кандуу мыкты чыгарма жаралбайт. Жаңы мазмун жаралып, өзгөрүшү менен анын формасы да өзгөрөт, жаңыланат. Бирок биз мазмун чечүүчү роль ойнойт - деп, форманын маанисин басаңдатып, төмөндөтө албайбыз. Мазмун менен форма бири бирине шайкеш келгенде гана мыкты чыгарма жаралат. Демек, форма да өз алдынча олуттуу жеке мааниге ээ. Ырас, турмуш тез өзгөргөн сыяктуу, мазмун да формага караганда тез өзгөрүп турат. Улуу философ Гегель мазмун формага өтүп алмашып турарын көрсөткөн. Көркөм чыгармада мазмун чечүү роль ойнойт дегенибиз менен, анын ажарын ачып берген форма болот. гегель боюнча Троя согушу «Илиада» эпосунун мазмунун түзсө, «Илиададан баатырдык, эрдмк иштерди сүрөттөө форманы түзөт». Адабият дайыма өзгөрүп, жаңыланып турган кубулуш. Анын айрым бир өзгөрбөгөн, түбөлүктүү өңдөнгөн кубулуштарды дө өзгөртүүгө, жаңылануурга, толуктоолорго дуушар болуп турары мыйзамченемдүү көрүнүш. Реалдуу турмуш көркөм чыгарманын мазмунуна, темасына гана эмес, образдарына, мотивдерине, бүт эле эстетикалык системасына таасир этет. Адабият математика же логика эмес, диалектикалык кыймылда болгон искусствонун өзгөчө, олуттуу түрү.

# III ГЛАВА
# АДАБИЯТ КООМДУК АҢ-СЕЗИМДИН БИР ФОРМАСЫ

Көркөм адабият искусствонун бөтөнчө бир түрү. Ал коомдук аң-сезимдин башка формаларынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Адабияттын коомдук турмушту, эл турмушун сүрөттөп бере турган өзүнө таандык каражаты-бул тил. Ырас, тил башка коомдук аң сезимдердин да куралы. Бирок тил көркөм чыгармада өзгөчө, башкача мааниге ээ. Көркөм адабияттын коомдук, тарбиялык, таануу, эстетикалык мааниси бар экендигин Аристотель өзүнүн «Поэтикасында» эле белгилеп кеткен. Көркөм адабияттын илимден, искусствонун башка түрлөрүнөн айырмаланып турган, өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү бар. Кандай гана көркөм чыгарма болбосун, ал өзүнчө бүткөн көрүнүш. Аны тектерге, түрлөргө жана жанрларга бөлүү шарттуу мүнөзгө ээ. Адабият реалдуу турмушту көркөм сүрөттөп берет. Бирок турмуш көркөм чыгармада ар кандай мазмунга, идеяга, проблемага карата ар башка түрдө баяндалат. Алдыңкы, прогрессивдүү адабият коомдун алга жылышына, өнүгүшүнө зор көмөк болот да, доордун мүнөзүнө жараша адабиятка коюлган талап ар түрдүү болушу мүмкүн. Советтик идеология боюнча адабият революцияга, социализм, коммунизм куруууга активдүү кызмат этүүгө тийиш. М.Горький өзүнүн «Эне» романында пролетарлар менен капиталисттердин келишпес күрөшүп сүрөттөп, ачык революцияга чакырат. Мыкты көркөм чыгармалар гана замандын талабына жооп берип, дүйнөлүк адабиятка белгилүү салым кошо алат. Буга Ч.Айтматовдун чыгармалары ачык күбө. Ч.Айтматовдун чыгармалары зор улуттук мааниге ээ, ошондой эле жалпы адамзаттык мааниге ээ.

Көркөм чыгарма коомдук аң сезимдин башка түрлөрүнөн айырмаланып реалдуу турмушту сүрөттөө менен гана чектелбейт. Анда сүрөттөлгөн оң, терс көрүнүштөр биздин аң сезимибизге бөтөнчө таасир этип, бизди кош көңүл калтырбайт. Адабияттын негизги куралы тил болгондугу да олуттуу мааниге ээ. Тилдин көркөм чыгармада алган орду өзгөчө. Адабияттын коомдук мааниси бар. Адабият турмушта бир бүткөн көрүнүш катары жашайт. Адабият бул турмуштун көркөм чыгармада кайра

жаралышы. Америкалык улуу жазуучусу, дүйнөгө «Чал жана деңиз» аттуу чыгармасы менен белгилүү болгон, нобель сыйлыгын алган Хемунгуэй көркөм чыгарманы тоодой болгон айсберге салыштырып минтип жазат. «Айсбергдин кыймылынын сыйкыры мында, анын сегизден бир бөлүгү кана суудан чыгып турат». Ошонун сыңарындай көркөм чыгарманын да айсбергдей кооз, көркөм, баалуу үстүн гана калтырып, суунун астында калган жараксыз жагын ыргытып ташташ керек деген адилет оюн билдирет. Сүрөткер реалдуу турмушту сүрөттөп бардык проблемаларды чечип, окурмандын колуна даяр кылып салып бербейт. Проблеманы көтөрө билүү башкы маселе, аны чечүү дайыма эле сүрөткердин милдети эмес. Окурман да ой жүгүртүп, түйшөлүүгө тийиш. Кандай гана чыгарма болбосун коомдун талабынын негизинде жаралат да, турмушту чагылтат. Көркөм адабият элдин турмушун, адамдын тагдырын сүрөттөө менен гана чектелбейт. Жеке адамдын ички ой толгоосун билдирген чакан көркөм чыгармалар да болот. бул өңдүү чыгармалар лирикалык жанрга таандык, сүрөткер дайыма реалдуу турмушка кайрылат, бирок аны сүрөттөп берүү ыгы, түрү көп кырлуу болот. Турмуштагы терс көрүнүштөрдү көркөм сүрөттөп берүүдө жазуучу сатира менен юморго көп кайрылат. Роман, повесть жана аңгеме өңдүү эпикалык чыгармаларды жаратууда жазуучу турмуштук фактыларга көбүрөөк көңүл бурат.

Турмушту көркөм сүрөттөөнүн түрлөрү, жолдору көп. Ошого жараша адабияттын түрү, жанры көп болот. атам замандан бери көркөм чыгармачылык турмушка кайрылып келген. Сүрөткер өзүнүн түшүнүгүндө доордук өзгөчөлүккө жараша турмушту сүрөттөп берет.

«Манас» эпосу өз доорунун көз карашын, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көркөм баяндаса, Ч.Айтматов өз заманынын көйгөйлүү маселелерин көркөм сүрөттөгөн. Жазуучу реалдуу турмушту жөн гана сүрөттөп бербейт. Окумуштуу сыяктуу эле турмушту таанып билет, үйрөнөт. Буга байланыштуу Түгөлбай Сыдыкбековдун мындай айтканы бар. «Баамчыл, көрөгөч, байкагыч акын, ошентип эл арасына барып кайткан сайын изилдөө жүргүзүп, жаңы кен тапкан геолог сыңары чоң кубанычта кудуңдап, кампайып келет».

Жазуучу турмуштук окуяларды, көрүнүштөрдү иликтеп, үйрөнүп тим болбой, өзүнүн түшүнүгүн билдирет, баасын берет, бир жыйынтыкка келет. Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинде байыркы ата-бабалардын тарыхына кайрылып, адам баласынын жаралышын мифке байланыштырып чечет. Адабият, анда сүрөттөлгөн турмуштук көрүнүштөр, баяндалган идеялар коомдун өнүгүшүнө оң таасирин берип, коомдун жаңыланышына, алга жылышына өбөлгө түзөт. Адабияттын турмушту кайра куруудагы ролу мына ушунда. Мындай мазмунда жазылган көркөм чыгармалар арбын. Бирок алардын бардыгы эле ачык публицистикалык мүнөздө болбойт. М.Горькийдин белгилүү романы «Энеде» пролетариатты капитализмге каршы куралдуу күрөшкө, революцияга чакырса, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде терең философиялык, турмуштун түбөлүктүүлүгүн көрсөткөн асыл ойлор чыгарманын идеялык мазмунун аныктайт.

Реалдуу турмушту, коомдун олуттуу, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн адабият коомдун талабына жооп берип, маанилүү окуя катары бааланат.

## Адабияттын таптуулугу

Советтик доордо адабияттын көркөм-эстетикалык жагы экинчи катарга сүрүлүп, идеясы өзгөчө көңүлдүн борборунда болуп келген. Мына ушунун негизинде адабият белгилүү бир таптын кызыкчылыгына кызмат этиш керек деген ой күч алган. Адабияттын таптуулугу мына ушунда деп түшүнүшкөн. Көркөм чыгармага баа берүү, мамиле жасоо анын идеясына байланыштуу болгон. М.Горькийдин «Эне» романы Лениндин пикири боюнча адабияттын таптуулугуна толук жооп берген чыгарма. Ырас, Горькийдин чыгармасында жумушчулардын оор турмушу чындыкта сүрөттөлөт. Бирок бир тапты экинчи таптын келишпес душманы катары сүрөттөп, аны такыр жок кылып, адилет, бейпил турмуш куру керек деген идея жакталат. Өткөн доордун адабий-маданий мурасында ушул позицияда баа берип, аларга туура эмес мамиле болгондугу белгилүү. Буга Калыгул, Арстанбек өңдүү улуу даанышмандардын, М.Кылычтын чыгармаларына болгон терс мамиле ачык күбө.

Советтик түзүлүштүн мезгилинде партиясыз адабият, партиялык эмес жазуучу болушу мүмкүн эмес деген идея өкүм сүргөн. Деги эле адабияттын партиялуулугу дегенде ачыктан-ачык белгилүү бир таптын талабын жактаган чыгарманы партиялуу деп эсептешкен. Ленин өзүнүн 1905-жылы жазган «Партиялык уюм жана партиялык адабият» деген макаласында «Жоголсун партиясыз адабияттар»-деп баса белгилейт. Адабият партиялык иштин бир бөлүгү катары социализм, коммунизм курууда эң активдүү роль ойнош керек эле. Партиялуулук-бул адабияттын элдүүлүгүн эң жогорку баскычы деп эсептешкен. Бул талап иш жүзүндө бурмаланып, эң эле саясатташтырылып адабияттын башкы сапаты болгон эстетикалуулугу, көркөмдүгү, жалпы адамзаттык мааниси анча бааланбай калган. Партиянын адабиятка, искуссвого карата саясаты күчтүү өкүм сүрүп, партиянын жетекчилик ролун адабиятта сөзсүз көрсөтүү талабы катуу коюлган.

Коммунисттин образы-бул кемчилиги жок идеялдуу образ. Терс каарман бир беткей жамандалып, жасалма чыгарманын жаралышына жол ачылган. Мыкты, таланттуу жазылган чыгармалар жарык көрбөй, авторлору куугунтукка алынып, саясий күнөө коюлуп, ак жеринен атылгандары да болгон. Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестинде кыргыз аялынын образы бурмаланган, кыргыз улуттук турмушу туура көрсөтүлгөн эмес деп катуу сындалган. Мыкты, таланттуу жазылган чыгармалар улут тандабай, жалпы адамзаттык мааниге ээ болот. Ч.Айтматовдун чыгармаларын дүйнө элдери бөтөнчө кызыгуу менен окуп жатышы, алар бардык элдерге кызыктуу, аларды ойлонткон көйгөйлүү маселелер сүрөттөлүп, жалпы адамзаттык мааниге ээ болушунда. Ырас, Ч.Айтматовдун чыгармалары нукура улуттук мааниге ээ. Анткени аларда кыргыз элинин турмушу, үрп-адаты, тарыхы көркөм сүрөттөлгөн. Ошону менен бирге эле ошол Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлоп жүгүргөн Ала-Дөбөт», «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» өңдүү чыгармаларында интернационалдык тема олуттуу мааниге ээ болуп, дүйнөлүк аренага чыгып жатпайбы.

Мыкты, көркөмдүгү бийик элдин кызыкчылыгын жактаган чыгармалар демократтуу мүнөзгө ээ. Ошону менен бирге эле

адамдын коомдо алган ордуна карабай, адамды даңазалаган, мактаган, укугун коргогон чыгармалар да арбын болгон. Мындай чыгармаларды гуманисттик адабият деп жогору баалашкан.

## Адабияттын элдүүлүгү

Адабият элдин турмушун, асыл ой-тилектерин, өткөн тарыхын, келечекке карата болгон бийик үмүттөрүн көркөм сүрөттөйт. Демек, мындай адабият элдүү болот. адабияттын тили да элге түшүнүктүү, жагымдуу, кызыктуу болушу керек. Башка элдердин турмушун, чындыкта, обьективдүү сүрөттөп, ынтымакка, достукка, урматтоого чакырууга тийиш.

Белинскийдин пикири боюнча элдик искусство сөзсүз жалпы адамзаттык мазмунду камтыйт. Элдүүлүктө социалдык теңсиздикти сындоо, Россиянын келечеги менен байланыштуу болгон бардык жакшы нерселерди мактоо өңдүү көрүнүштөр болууга тийиш. Белинский кеп эмнени сүрөтөөдө эмес,кантип сүрөтөөдө дейт. Чыгарма карапайым элдин турмушун сүрөттөсө эле элдик боло бербейт. Пушкин өзүнүн «Евгений Онегин» романында орус дворяндарынын турмушун сүрөттөйт. Ошого карабастан аны Белинский «Орус турмушунун энциклопедиясы» деп жогору баалап, элдик чыгарма деп эсептейт. Анкени чыгармада орус элинин турмушундагы олуттуу коомдук көрүнүштөр сүрөттөлгөн.

Элдүүлүк проблемасы орус адабиятында бөтөнчө Пушкинден тартып иштеле баштайт. Ага чейин элдүүлүктү элдин жашоо-тиричилигиндеги өзгөчөлүктөр, улуттук кийим, үрп-адаттар деп билишкен. Гоголь Пушкиндин чыгармачылыгына кайрылып, «ал эмнени сүрөттөбөсүн дайыма улуттук акын, анткени турмуш көрүнүштөрүнө өз элинин көзү менен карап, өз элинин түшүнүгүндө баа берет» - дейт.

Эл массасы үчүн маанилүү, кызыктуу кубулуштарды жана мүнөздөрдү сүрөттөөсө адабият элдүү болот. Белинский Гоголдун «Текшерүүчүсүнөн», «Өлүк жандарынан» олуттуу кубулуштарды көргөн, элдин өнүгүшү үчүн аларды билүү зарыл.

Гоголь «Чыныгы улуттук сарафанды сүрөттөөдө эмес, элдин өзүнүн духунда» дейт. Анын пикири боюнча, акын дүйнөгө «өз

улутунун стихиясында караса, ошондо улуттук болот». Белинскийдин пикири боюнча элдик искусство сөзсүз жалпы адамзаттык мазмунду камтыйт. Элдүүлүктө Россиянын келечеги менен байланыштуу болгон бардык жакшы нерселерди мактоо өңдүү көрүнүштөр болууга тийиш. улуу жазуучулар элдин турмушунун тигил же бул жактарын чагылдырат, ошонусу менен ал улуу. Алар турмушту доордун алдыңкы идеяларына таянып кеңири, терең, ар тараптан чындыкта сүрөттөп беришет.

Ар бир чыгармага тарыхый конкреттүү мамиле жасоого тийишпиз. Жазуучу өз мезгили үчүн эмне салым кошту, ошону баалоо керек. Улуу жазуучулардын чыгармаларында маанилүү турмуштук кубулуштар бардык жагынан терең, чындыкта, көркөм сүрөттөлгөн. Искусствонун өнүгүшү менен бирге элдик жазуучу, элдик адабият деген менен бирге, жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон жазуучулар пайда болот да, жалпы адамзаттык мааниге чыныгы элдик чыгарма гана татыктуу. Адамзаттын кызыкчылыгын билдирген чыгармалар гана улуттук рамкада чыгып, жалпы адамзаттык мааниге ээ болот. Адабият ар бир өлкөдө улуттук турмуштун топурагынан өнүгүп чыгат. Ал өзүнүн мазмуну жана көркөм дүйнөсү боюнча өзгөчө, бөтөнчө. Улуу сынчы Белинский «элдүү жана адамзаттык өңдүү түшүнүктөрдү эки башка чоочун, ал тургай жат башталыштарга бөлүү - бул бөтөнчө абстрактуу, бөтөнчө китептик дуализмге түшүп кетүү дегенди билдирет» деп жазат. Ар кандай улуттун турмушу көп кырдуу жана карама-каршылуу. Бир жагынан элдик жакшы традициялар менен бирге, өткөндүн жаман калдыктары терс көрүнүштөрү бар экендиги да белгилүү. Адабияттын улуттук өзгөчөлүгүн аныктай турган башкы фактор бул улуттук мүнөз. Улуттук мүнөз-бул жалпы улуттук категория. Улуттук мүнөздөрдүн жакшы белгилерин алып жүрүүчү-бул эл. Улуттук өзгөчөлүктүн ачык белгиси поэтикалык тил. Тилдин көркөм чыгармада алган олуттуу, өзгөчө орду жөнүндө орустун белгилүү совет жазуучусу К.Федин мындай адилет пикир айтат. «Тил-бул шахматтын падышасы. Падышасыз оюн болбойт. тил болбосо жазуучу да болбойт».

# IV ГЛАВА
# АДАБИЙ ЧЫГАРМАНЫН ТИЛИ

Көркөм чыгармада көптөгөн ар түрдүү мүнөздөгү жана маанидеги сүрөттөө каражаттары арбын. Алардын эң негизгиси, башкысы, олуттуусу - бул тил. «Манас» эпосу өңдүү улуу эпостор элдин, улуттун эркиндигин, көз каранды болбос үчүн жүргүзгөн боштондук күрөшүн даңазалайт. Башкы проблемасы жалпы элдик биримдик, ынтымак. Демек, мындай улуу көркөм эстеликтер дайыма элдүү.

Ошондой эле А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов өңдүү кыргыз адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн көптөгөн чыгармалары элдин тарыхын, жашоо тиричилигин, асыл үмүттөрүн кеңири, терең, бийик көркөм сүрөттөгөн жагынан жалпы элдик мааниге ээ. Көркөм чыгарманын формасынын негизги милдети мазмунду ачып берүү. Сюжет, коипозиция, мүнөз өңдүү тармактар, ошондой эле тил да көркөм чыгарманын формасына таандык. Көркөм чыгарманын формасына кирген тармактардын өзүнчө аткара турган милдеттери бар. Алардын ар бири өзүлөрүнүн милдеттерин тил аркылуу ишке ашырышат. Бирок адабияттын тили таасирдүү, образдуу, баарынан мурда көркөм, окурмандарды кызыктарган, тамшанткан, так, таамай айтылган көркөм тил болууга тийиш. Ошондуктан сүрөткер өзүнүн оюн так, таасирдүү, жеткилең бере турган сөздү издеп, таап бергендей болушу керек. Зарыл, керек, образдуу сөздү издеп, бериш оңой-олтоң иш эмес. Жазма адабиятта ар кандай катмардагы, доордогу топтун, адамдын тили чыгармачылык менен кайрадан иштелет.

Тил жана адабият эки башка, өзүлөрүнө мүнөздүү касиеттерге ээ болгон коомдук кубулуш. Аларды окшоштуруу, чаташтыруу туура эмес. Бирок ошону менен бирге эле алардын өз ара байланышын жокко чыгарууда оң жыйынтык бербейт. Тилдин кубулуштары адабий-көркөм чыгармачылыкка түшкөндөн кийин көркөм-эстетикалык сапат жана касиеттерге ээ болот. Кыргыз көркөм сөз чеберлери элдик тилди чыгармачылык менен чебер пайдаланышып жана анын өнүгүшүнө зор эмгек сиңиришкен. Биз өзүбүздүн күндөлүк жашообузда колдонгон, ой-сезимибизди билдирген тил-оозеки тил болот. Мындан башка

адабий тил деген түшүнүк бар. Адабий тилде көркөм чыгармалар, илимий эмгектер жаралат. Оозеки, адабий тилден башка көркөм тил бар. Көркөм тил адабий тилдин негизинде пайда болот. бирок тилдин үч түрүнүн ар бирине мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү бар. Оозеки тил турмушта аз колдонгон сөздөрдү көп пайдаланбайт. Адабий чыгарманын тили көркөм тил болот. Бирок бул үч тил өз ара байланыштуу болуп, жалпы элдин тилин түзөт. Адабий чыгарма канчалык бийик көркөмдүктө болсо, анын таасирдүүлүгү ошончо зор болот. Адабияттын бөтөнчө таасирдүүлүгү анын эмоционалдуу экенин билгизет. Көркөм чыгарманын таасирдүү, эмоционалдуу болушу тилге байланыштуу. Айрым чыгармаларда, бөтөнчө көлөмдүү эпикалык чыгармаларда катышкан каармандар арбын болот эмеспи. Ошого жараша ар киминин мүнөзү, адамга болгон мамилеси, баарынан мурда сүйлөгөн сөзү ар кыл деңгээлде болот. Мына ушундан тилдин ар түрдүүлүгү, көп катмарлуулугу жаралат. Көркөм чыгармадагы образдуулук да тилге байланыштуу болот. Ырас, оозеки кепте деле сөз образдуу болорун жокко чыгаруу туура эмес. Бирок көркөм чыгармада ар бир сөз образдуу болууга тийиш. Ырас, оозеки айтылган көптөгөн образдуу сөздөр көп айтылып өзүнүн образдуулугун жоготуп, кадимки эле сөз болуп калат. Образ жеке, типтүү, кайталангыс босо, көркөм чыгарманын тили да типтүү, жеке мүнөзгө ээ болот.

Адабият сөз искусствосуна кирет. Анын негизги каражаты-сөз. Адабий чыгарманын тили формага таандык. Бирок адабий чыгарманын тили олуттуу жана бөтөнчө бай. Кыргыздын адабий тилин өнүктүрүүдө көркөм сөз чеберлеринин ролу өтө чоң.

Биз оозеки тил аркылуу күндөлүк тиричиликте оюубузду билдирип, пикир алышабыз. Адабий тил болсо жазмага таандык да, башка илимий-техникалык, айыл чарба, саясий, экономикалык чыгармаларды да камтыйт.

Сүрөткер мыкты, көркөмдүгү бийик чыгарма жаратыш үчүн ар кыл мүнөздөгү поэтикалык каражаттарды колдонушат. Ал каражаттар ар кандай идеялык-эстетикалык мазмундар болуп, кеңири учурап, ар түрдүү көркөм милдет аткарат. Көркөм чыгарманын негизги обьектиси реалдуу турмуш. Ошол турмуштук чындыкты адам үчүн кызыктуу, маанилүү, таасирдүү,

эстетикалык жактан баалуу көрсөтүш үчүн ар кандай көркөм каражаттарды мыкты сүрөткерлер чебер пайдаланышат.

Көркөм чыгармага ат кое билүү жөн гана формалдуу иш эмес. Чыгарманын идеялык мазмунуна төп келе турган сөз таап ат коюш жазуучунун чеберчилигине, сөздү баалай-барктай билишине байланыштуу болот. Мыкты, көркөмдүгү бийик чыгармалар тилдин ар кандай, көп түрдүү каражаттарын чыгармачылык менен чебер пайдалана билүүнүн натыйжасында жаралат. Улуу сүрөткерлер жөн гана тилди чебер пайдалануу менен чектелишпей тилди байытып, өстүрүп, өркүндөтүп келишкен. М.Горький көркөм чыгарманын тилинин өзгөчө ролун баса белгилеп, мындай бир олуттуу, баалуу пикир айкан: «Адабияттын баш сүйлөмү-тил». Тил адабияттын негизги куралы. Эми адабиятта колдонулган, мүнөздүү көркөм каражаттарга кайрылып көрөлү.

## Синонимдер жана антонимдер

Бир кубулуштун ичиндеги карама каршылыктарды баса көрсөтүш үчүн да антоним сөздөр колдонулат.

Көркөм адабиятта көп колдонулган каражаттар, сөздөр түз жана өтмө маанисинде эки топко бөлүнөт. Синонимдер, омонимдер, антонимдер, неологизмдер ж.б. түз маанисиндеги сөздөрдөн түзүлөт.

«Былтыркы өткөн жазында
Колум көрдү жараны
Быйыл тапты зайбыбыз
Эркек уул баланы» (М.Кылыч)

Акын ооруга чалдыгып кыйналганын, уулдуу болуп сүйүнгөнүн карама каршы коюп сүрөттөйт. М.Кылыч синоним сөздөрүн да чебер колдонуп, жылуу жылмаюну, юморду жаратат.

«Молдо Кылыч, болду энди
Акыл айтып билдирдиң
Ажал, азап дегенди».

Синонимдер-грек тилинде маанилеш деген түшүнүктү бтилдирет. Мааниси жакын, окшош, бирок айтылышы, угулушу

ар башка сөздөр синоним деп аталат. Мисалы: жакшы, дурус, так, таамай, кооз, сулуу ж.б. ушул сыяктуу бир эле сөздү кайталай берсе, ал окурманды жадатып, көркөмдүгүн, таасирдүүлүгүн жоготот. Чырайлуу, сымбаттуу, сулуу кыз көзгө көрүндү. Келтирилген мисалдагы «чырайлуу», «сымбаттуу», «сулуу» деген сөздөр автордун оюн так, элестүү гана эмес, кыздын өзгөчө касиетин бөтөнчө бөлүпкөрсөтүп жатат. Мисалдагы синонимдер көркөм эпитеттин да милдетин аткарып, кыздын сулуулугун даана, элестүү баса белгилөөдө.

«Манас» эпосунда Каныкейди «кара сурдун сулуусу, ургаачынын нурдуусу» деп синоним сөздөр менен жеткилең, чебер сүрөттөйт.

Антонимдер-грек тилинде карама каршы атоо деген мааниде айтылат. Туулдуң, өлдүң. Өмүр менен ажал каш кабактын ортосунда.

«Акмак жигит уйку уктаар
Акыл жигит илим издээр». (Б.Солтоноев).
«Жаман-жакшы сөз айтса
Жатык сөз кайтарган
Тыңгылдыгы бар эле» («Манас»).
«Жарды байы билинбейт
Жакшы болот ошоллор» (Калыгул).
«Акыйкатка келгенде
Жалган, чынын көргөмүн» (М.Кылыч).
«Шерден шер гана туулат,
Чөндөлөй туулмак эмес» (А.Саспаев).

Немецтин белгилүү акыны Шиллердин «Арамдык жана ашыктык», француз жазуучусу Стендалдын «Кызыл менен кара», Л.Толстойдун «Согуш жана тынчтык» аттуу чыгармалары антонимдик мааниге ээ. Аталган чыгармалардын аттары алардын мазмунунан ганакабар бербестен, чыгармада терең философиялык проблема камтылганын айгинелеп турат.

Омонимдер-грек тилинде бирдейлик дегенди билдирет. Мааниси бишка, бирок угулушу бирдей сөздөр омонимди жаратат. Мисалы: Ат адамдын канаты. Оолжубай, тез ат. Жыйынга келбедиң го? Жыйын-терим башталды. Көк түстүү

боек ала кел. Көктү карап бакырды. Биринчи сүйлөмдө боектун түсүн, экинчисинде асманды билдирет. Бирок айтылышы бирдей, мааниси эки башка. Проза, ырда омонимдер уккулуктуу, көркөм болуп, жакшы таасир калтырат.

Тигил же бул турмуштук көрүнүшү так, көркөм сүрөттөп берүүдө зарыл сөздөрдү табуу оңойго турбайт. Жазуучулар мына ушундай зарыл сөздөрдү издешип синоним сөздөргө кайрылышат. Синонимдер-бул мааниси жагынан жакын сөздөр. Жакын бирок окшош эмес кубулуштарды жана түшүнүктөрдү берүүдө синоним сөздөргө кайрылышат.

«Кыяматта кебелбес
Терендерди көргөмүн,
Кенендерди көргөмүн
Акылга дыйкан даанышман
Кеменгерди көргөмүн». (М.Кылыч).

М.Кылыч синоним сөздөрдү чебер колдонуп адамдык бийик сапаттарга ээ болгон инсандын образын жараткан. Мисалы: «Манас» эпосунда жана башка элдик чыгармаларда «Баатыр», «Эр» деген сөздөр учурайт. Бул сөздөр угулушу жагынан ар түрдүү болгону менен мааниси жагынан бирдей. Көркөм чыгармада бир эле ыксыз кайталай берсе, окуучуну, угуучуну тажатып, ой жарды болору ачык. Мына ошондуктан жазуучулар бир эле сөздү кайталай бербей, мааниси жагынан окшош сөздөрдү табышат. Мындай ыкма чыгарманын көркөмдүгүн арттырат. «Манас» эпосунда синоним сөздөр арбын учурайт. Согуштун жүрүшүн мындай сүрөттөгөн ыр саптары бар:

«Ак асаба, Кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу
Көк асаба Кызыл туу
Көк жаңырган ызы-чуу».

А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», «Таң алдында» деп бир эле чыгарманы аталышында да антоним сөзү колдонулган. «Асаба», «туу» жана «желек» деген сөздөр айтылышы ар башка болгонуна карабастан бир яягяяе0на маанини билгизет. А.Осмонов өзүнүн «Райкомдун секретары» аттуу ырында синоним сөздөрдү өтө чебер, чыгармачылык менен колдонгонун көрөбүз.

Тарчылыкта жол тапканга баттыгы,
Жокчулукка ырыс табар марттыгы
Колхозчу элде жемиш болуп мөмөлөп.
Тууралыгы, калыстыгы, актыгы.

Райкомдун секретарынын образын синоним сөздөр («тууралыгы», «калыстыгы», «актыгы») аркылуу так, ачык берген, ырдын көркөмдүгү да арткан.

«Ичерине аш таппай
Кор болгонун көргөмүн
Тар болгонду көргөмүн
Зар болгонду көргөмүн».
«Сөзүм менен адамды
Кадырладым, сыйладым» (М.Кылыч).

Бул жерде да акын сөздөрдү чебер колдонгонуна күбө болобуз. Ошондой эле прозалык чыгармаларда синоним кеңири учурайт.

Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романында төмөнкүдөй синоним сөздөрдү колдонгон: «Курч балта көк талды бир чаап, чорт кертип түшүргөндөй, прокурордун Чаргынга берген суроолору, <u>таптак</u>, <u>кыска</u>, <u>түшүнүктүү</u>, <u>мазмуну</u> <u>терең</u>: чарбага, өнөктүктөргө арнаган…»

Келтирилген мисалдар ойду так, ачык, даана берүүгө жардам этет. Поэтикалык тилде антоним сөздөр да белгилүү көркөм милдет аткара тургандыгын көрөбүз. Кубулуштарды бири-бирине өтө карама-каршы коюп, контраст түзүүдө антоним сөздөр колдонулат. Демек, антоним-мааниси жагынан бири-бирине карама-каршы турган сөздөр.

Алыкулдун ырынан дагы бир мисал келтирип көрөлү:
Муну айтсам, бирөө угар, бирөө укпас.
Чынында азга жагар, көпкө жакпас,
Кары, жаш ушунча көп адамзаттын
Бир гана жолдошу бар түк айрылбас.
(А.Осмонов. «Чын жолдош»)

Акын «бирөө угар», «бирөө укпас», «азга жагар», «көпкө жакпас», «кары, жаш» деген антоним сөздөрдү чебер колдонуп, бөтөнчө таасирдүү, көркөм ыр жараткан. Ыры сезимге жагымдуу, мааниси терең, таасирлиги күчтүү.

Турмуштук кубулуштарды образдуу сүрөттөп берүүдө

жазуучулар тилдин бөтөнчө лексикалык ресурстарына да көп кайрылышат. Бир катар адабий чыгармаларда архаизм сөздөр бар. Архаизмдер-эски, колдонулуудан чыккан же тилде анча кеңири тарабаган сөздөр жана сөз түркүмдөрү. Ырас, архаизм сөздөр поэтикалык речте сейрек колдонулат. Архаизм өткөн доорду сүрөттөгөн чыгармаларда учурап, тарыхый колоритти жаратууга өбөлгө түзөт. Чыныгы сүрөткерлер архаизм сөздөрдү өтө сак колдонушат, аларга сейрек кайрылышат, ыксыз пайдаланса, тилди булгап сүрөттөгөн көрүнүштү түшүнүү кыйын болот. окуучуларга түшүнүктүү архаизм сөздөрүн гана алуу керек.

«Кой союшуп эт жеген
Денгенеге кызыккан
Жолугушуп калыпмын
Кокусунан бир итке». (М.Кылыч).
Денгене-ортого акча жыйып, мал союп жеген эт.
«Качан болсо бачагар
Алдамчылык тилекте».

Бачагар-оңбогур, жүзү кара деген мааниде. Эки мисалда тең акын бузулган, бекерчиликке берилген адамды архаизм сөздөр аркылуу сындап, көркөм сүрөттөп берет.

«Атадан калган байракты
Кастарлап туруп кармаган» («Сейтек»).
«Жазган сөзүм икая
Жакшы карап ойлогун,
Башка мүшкүл иш түшсө
Сабырдын түбүн болжогун». (М.Кылыч).

Архаизм сөздөрүн чыгармачылык менен Пушкин «Борис Годуновдо», Л.Толстой «Петр 1» романында чебер колдонушат. Айрым учурларда архаизм сөздөр поэтикалык речти салтанаттуу, бөтөнчө берүү үчүн архаизм сөздөргө кайрылышат. Пушкин өзүнүн «Пайгамбар» деген ырында ушундай ыкмага кайрылат. Архаизмге конкреттүү тарыхый мамиле жасоо керек. «Өкмөт амирине баш ийгендик-тартипке, мыйзамга каршы боштондук дешти…»

«Кандай мажлисти бара көрөсүңөр! (Т.Сыдыкбеков «Тоо арасында» 2-китеп). Мисалда «амирине», «мажлисти» деген архаизм сөздөрдү жазуучу ыктуу пайдаланган.

Эски сөздөр жаңы мааниге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, борбор, чогулуш.

«Уккан соң бул жардыкты албан дубан,
Калдайган кан алдында кара туман,
Аптыгып Азаз Хандын амиринен-
Сынчылар башын чайкап көзүн жумган».

(А.Осмонов «Толубай сынчы»)

«Кармаган токсон кишиге
Тогуз катар торкодон,
Токсон сарпай кийгизип». («Манас»).

Ошентип, өткөн доордо эле сүйлөө речинде кеңири колдонгон сөздөр бүгүн архаизм болуп калды.

«Манас» эпосунан дагы бир мисал келтирип көрөлү.

«Баатыр Манас кеп айтат
Мажлиске жыйылдың
Баарың уккун деп айтат».
«Дубаналар, каландар
«Амийин» деп кол жайып
Көчөдө жүрөт какылдап». (М.Кылыч).
Ошол белги бар болсо
Ары таман барып кел. («Семетей».)

Жогоруда келтирилген мисалдардагы «амир»-буйрук, «мажлис»-чогулуш, жыйылыш деген маанини билдирет.

Неологизм-грек тилинде жаңы сөз дегенди билдирет. Буга чейин тилде колдонгон жаңы сөздөр. Тилдин словардык системасына кирип калган неологизм жана жазуучу тарабынан жаңы жаралган неологизмдерди чаташтырбоого тийишпиз. Биринчи неологизмдерди жазуучу башка сөздөр менен бирге эле колдоно берет. Мисалы, колхоз, совхоз, беш жылдык, аэроплан. Жазуучу тигил же бул кубулушту так, көркөмдөп сүрөттөп бериш үчүн тийиштүү сөз таппай, жаңы неологизм сөз жаратышы мүмкүн. Мындай сөз бөтөнчө көркөм каражат катары кабыл алынат.

Ырас, бара-бара бул неологизм өзүнүн бөтөнчө жаңы мүнөзүн жоготуп, жалпы кеңири колдонбос сөзгө айланып кетет. Жазуучулар жараткан неологизмдердин саны өтө аз. Анткени

акын, жазуучулар бул поэтикалык ыкмага өтө сейрек кайрылышат. Маяковский чыгармачылыгы бөтөнчө гүлдөп турган учурда айрым бир неологизмдерди жараткан. Ал жаңы сөз жараткан эмес, сөздөрдүн түрүн өзгөртүп (оттенок) кошумча түс берген.

Коом, заман өзгөрүп, базар экономикасына байланыштуу көптөгөн терминдер, түшүнүктөр биздин тилге кирди. Жаңы сөздөр элдик тилди байытат, өстүрүп-өнүктүрөт. Коомдук турмушта убакыттын өтүшү менен зарыл, керектүү болгон жаңы сөздөр элдин төл сөзүнө айланат. Экономикасыз демократия өнүкпөйт. Мисалы, кредит, оппозиция, олигарх, коррупция, контрабанда, диссидент ж.б.

Диалектизм-адабий тилде колдонбогон, айрым жерлерде жашаган адамдардын тилинде учураган сөздөр. Бул сөздөр да көркөм адабиятта чектелүү колдонулат. Катышкан каармандардын тилинде учурайт, алардын мүнөздөрүн ачып берет.

«Бир табышмак балалар
Пияла канат турналар
Этти карам, сүтү апал
Не жаныбар моллалар» (Аары)
Карам-арам, апал-адал
«Эркин эрмек кылсын деп,
Көңүлгө келген чаптарди
Көп кылып койдум дафтарды» (М.Кылыч).
«Жалынсаң койбойт буякка
Баары калып кайтмак жок,
Байланасың шуякка». (М.Нияз)

Варваризм-чет тилден кирген сөздөр, жазуучунун улуттук тилине али кеңири сиңип кете элек же синип кете албайт. Адабий чыгармаларда варваризмдин түрлөрү жана аларды колдонуунун жолдору ар түрдүү. Турмуштук кубулушка так наам бериш үчүн өз эне тилинен ылайыктуу сөз таппай, башка тилдеги сөздөрдү колдонот. Пушкин «Евгений Онегинде», «вульгарный» деген сөздү колдонот, кийин бул сөз орус тилинде кеңири колдонулуп кетет. Чет элдик сөздөрдү ыксыз колдонууга Ленин каршы болгон. «Орус тилин биз бузуп жатабыз. Чет тилден

кирген сөздөрдү ыксыз колодонобуз». Аларды туура эмес колдонобуз. «Деффект» деген сөздү айтуунун эмне кереги бар, эске алынбай, жетишпеген, чала деген сөздөр турса? («Деффект» деген сөз орус тилинде азыр кеңири учурайт). Каармандарга мүнөздөмө берүүдө варваризм сөздөрү колдонулат. Мисалы, Фонвизин 18-кылымдагы дворяндардын француз тилин ыксыз колдонгондугун мыскылдап берет, «Бригадир»-деген чыгармасында.

Француз тилинен алынган сөздөрдү галлицизм, немец тилинен кирген сөздөрдү-германизм дешет. Л.Толстой «Согуш жана тынчтык» романында галлицизмдин чебер колдонуп, ак сөөктөр чөйрөсүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгүн бөтөнчө көркөм ачып берет.

Анархронизм-башка доорго мүнөздүү болгон белгилерди башка бир доорго колдонуп сүрөттөөөтмө мааниде эскирген, өткөн көз караш, туура эмес мамиле, үрп-адат, өткөндүн калдыгы, азыркы мезгилге туура келбеген белги. Анахронизм ошого карабастан адабият менен искусствонун чыгармаларында сейрек көрүнүш. Аны колдонуу жагы арбын болбосо да бар. Мисалы, орто кылымдын сүрөтчүлөрү, акындары биздин эрага чейин жашап өткөн белгилүү аскер башчы, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүн багынткан Александр Македонскийди (Искендер Зулпарынай) орто кылымдын рыцары кылып сүрөттөсө, орустун XVI кылымдагы сүрөтчүлөрү байыркы гректердин баатырдык эпосу «Илиада» да орун алган троян согушунун каармандарына орустун, византиянын кийимдерин кийгизип сүрөтөшкөн. Ал эми Англиянын улуу драматургу В.Шекспир «Юлий Цезар» (байыркы Римдин императору) аттуу чыгармасында мунарадагы сааттарды, замбиректерди сүрөттөйт. «Манас» эпосунда айрым манасчылар баатырларды «алтын саат колунда», телефон менен сүйлөштүргөн учурлары бар. Анархронизм грек тилинен алынган сөз. Ана-кайра, каршы, chzonoz-убакыт деген маанини берет. Убакытка каршы маанисинде айтылат. Кайсы бир окуяны, көрүнүштү башка убакытка, мезгилге тиешелүү кылып туура эмес сүрөттөө. Кайсы бир доорду сүрөттөөдө да ага мүнөздүү эмес белгилерди ыйгаруу.

## Тилдин атайын сүрөттөө каражаттары

Тилдин бөтөнчө кеңири тараган каражаттары эпитеттер, салыштыруулар, метофоралар, метонимиялар, гиперболалар адабий чыгарманын көркөм болушуна чоң өбөлгө түзүшөт. Бул көркөм каражаттардын жардамы менен жазуучу сүрөттөп жаткан предметтин тигил же бул белгилерин же маанилүү жактарын бөлүп көрсөтөт, алар ошол кырдаалда, ошол учурда маанилүү роль ойнойт.

Эпитет-грек тилинде кошумча деген мааниде айтылат. Заттын, көрүнүштүн маанилүү, өзгөчө касиетин бөлүп көрсөтүүчү сөз эпитет деп аталат. Эпитет-көркөм аныктама, сүрөттөлүп жаткан кубулуштун маанилүү жагын бөлүп көрсөтөт. Эпитетти логикалык аныктамадан ажырата билүү керек. Эки мисал келтирип көрөлү. Жүзүмдү сары жалбырак менен жаап коюш керек. Бул жерде «сары» логикалык аныктама. Жүзүмдү кызыл эмес, сары жалбырак менен жабыш керек, сары жалбырак түшүп жатат шуудурап. Бул мисалда «сары» эпитет, анткени өзүнчө бир бүтүн күздүн элесин берип жатат. Эпитет ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн түзүлүшү мүмкүн. «Жер-Эне».

Нерсенин, кубулуштун, окуянын, түшүнүктүн касиетин, же сапатын мүнөздөөчү сөз эпитет болот. Мисалы, «Ынтымактуу бир оозуу журт». (А.Саспаев).

«Азизкандын Алмамбет
Алтын кемер курчанган
Күмүш кемер курчанган».

«Алтын», «күмүш» көркөм эпитеттер. Элдик оозеки адабиятта эпитет кеңири учурайт.

Мисалы, Эр. Манас, шер Манас, Акылман Бакай, Чыканактай Эр Агыш… Зор Кошой, Карыя Кошой, кара кыргыз, калың кыргыз.

«Акылы тереӊ улугу
Эштектердин уругу».
«Ушул заман тар зман
Азуулууга бар заман
Бечарага зар заман». (Калыгул).

Акку кебин кийип Айчүрөк жер жүзүндөгү кандарды, баатырларды сынап, Коңурбайдын баатырлыгын баалап, бирок

Манасты андан жогору коюп, Семетейди жактырып айткан сөзү:

«Ушуну сайган кайын атам
Оңой эмес шер экен,
Манастан туутан баласы

Семетей кандай эр экен». Мисалдагы «шер», «эр» деген туруктуу эптеттер Манас менен Семетейдин өзгөчө баатырлар экендигин баса көрсөтүп жатпайбы.

«Ак кагазым алдымда
Кара сыя каламым
Капилеттен сөз келсе
Катпа таза саламын.
Кең кочкордон аттанып, жолочулап барамын
Улуу жолдун боюна
Өткөн адам көрөр деп
Молдо Кылыч ушу деп
Үмүт кылдым кудайдан
Болжоп туруп сүйлөсөм
Болот калем эрмегим». (М.Кылыч).
«Карыя Шыгай бу келди
Кайнап жаткан кара журт
Кара жер көчкөн чуу келди». (М.Кылыч).

Сүрөттөө эпитет жана лирикалык эпитет болуп бөлүнөт. «Сары жалбырак түшүп жатат шуудурап»-сүрөттөө эпитет.

Эгер жазуучу сүрөттөп жаткан көрүнүшкө түздөн түз өзүнүн мамилесин билдирсе лирикалык эпитет. («Кереметтүү түн, Сулу түн, Очеровательная ночь») – Гоголь Украина түнүн ушинтип сүрөттөйт. Бирок жазма адабиятта сүрөттөп жаткан кубулуштун көптөгөн түстөрүн мүнөздөгөн эпитеттер көп. Маанилүү сүрөттөө каражаттардын бири – салыштыруу. Түз жана терс салыштыруунун түрлөрү көп. Кеңири мүнөздөгү салыштыруу да болот. Айрым учурда салыштыруу чыгарманын бүт негизин түзүп, анын идеясын так жан ачык ачып берүүгө жардам этэт.

«Кылымдын Кошой балбаны
Агала сакал сеңселип.
Нар буурадай теңселип,
Алышууга белсенип,
Аста басып барганы».
Азуулары аркайган,

Астыңкы ээрди шалпайган,
Өркөчтөрү коркойгон
Өрдөктөй мойну койкойгон,
Жандоого басса теңселген». («Манас»)
«Жан дүйнөң жашырсаңда көрүп, улам
Жашооңон билсе болот жоруп улам.
Анткени ар адамдын анык жүзүнөн
Күзгүдөй көрүнөт бир жоругунан».

Салыштыруу - бул бир нерсени, кубулушту башка түшүнүктөр, көрүнүштөр менен салыштырып сүрөттөө.

«Зоого жаңы кыш келди
Көк мөңгү күлөт кашкайып.
Таш үстү таза аппак кар.
Магдырайт мамык жазданып».
(Рыскулов «Зоодогу кыш»)

«Бети кызыл, эти ак,
Көзү жанган шам чырак.
Күлүк аттын мойнуна
Тагып койгон тумардай». (М.Кылыч).

«Жеңилдиги камгактай,
Учкулдугу сайгайтай
Жел өпкө деген бир жан бар». (Барпы).

«Ичке бели шоола төккөн бурагы
Узун кирпик-мелт деп жаңсоо ыраңы,
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек талдуу чачтары
Жука үлбүрөп алкымынын туру агы
Тирсейиңки көкүрөктө кош алма,
Мүмкүн жеткен, бышса бышар убагы».
(С.Эралиев «Ак Мөөр»).

Мөөрдүн сулуу, аруу келбетин акын көркөм сөздүн кереметтүү күчү менен таң калаарлык, тамшанткан эргүү аркылуу мыкты сүрөттөп берген.

Манас баатырдын портретин ай, күнгө салыштырып, бөтөнчө көркөм сүрөттөгөн жеринен бир мисал келтирип көрөлү.

«Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй
Асмандагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй
Ай алдында дайранын
Токунунан бүткөндөй
Асты калың кара жер
Кабылан Манас баатырга
Жерлигинен түткөндөй».

Троп-гректин tzopos деген сөзүнөн алынган, бизче айлануу деген буруу маанини билдирет. Сөздү түз мааисинде эмес, өтмө маанисинде колдонуп, сөзгө экинчи маани берет. Троп эки бөлүктөн турган сөз айкашынан түзүлөт. Бир бөлүгү түз маани берсе, экинчи мааниси өтмө мааниде болот. мындай түзүлүштүн жөнөкөй мисалы салыштыруу. Мисалы, Карагаттай көзү жайнайт. Сөзгө өтмө маани, башка сапат берүү тропторго мүнөздүү.

Биздин тилде троптордон, өтмө маанисинде айтылган сөздөр арбын учурайт. Тигил же бул кубулуштун белгисин башка кубулушка которуп көркөм элес жаратат. Мисалы, таш жүрөк, кум кулак, өпкөсү жок, кабагы бүркөө, кабагы жарык. Троптун көпчүлүгү ички жакындыктарга негизделет. Бирок мындай жакындыктардын принциби ар башка.

Троптун жөнөкөй түрүнө салыштыруу, эпитет кирет. Татаал троптор-метофора, метонимия, снехдоха, аллегория, ирония, гипербола, литота, перифраз. «Шер балбан», «Кайран баатыр». Поэзияда татаал метофора учурайт. А.Осмонов өзүнүн белгилүү «Отуз жаш» деген ырында өмүрдүн кыскалыгын боз атка салыштырып, өтө көркөм элестүү берген.

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз.
Тагдыр ошол өлчөмүнөн кем кылбас
Бирок Чиркин аздыгына мейли эле
Анын октой тездигине катат баш

Кече гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.
«Бул күйүп бүткөнгө
Уркөр жамбашка түшөт»

(Т.Сыдыкбеков. «Бел-Белес»).

Метофоранын бөтөнчө түрү-жандандыруу. Адамдык белгилерди, сапаттарды жаратылыштын кубулуштарына, нерселерге, түшүнүктөргө ыйгарат. Байыркы мезгилде эле адамдар жаратылышка адамдык белгилерди, сапаттарды ыйгарышкан. Жандандыруу, айрыкча элдик оозеки чыгармачылыкка өтө мүнөздүү.

«Манас» эпосуна кайрылып көрөлү. Манас баатыр өлгөндө элдин терең кайгысын жандандыруу ыкмасы менен да көркөм сүрөттөп берет.

«Баатыр Манас өлгөндө
Карагай ыйлап, тал ыйлап,
Калыңэлдин баары ыйлап».

«Төштүк» эпосунда жандандыруу жыш учурайт. «Кожожаш» эпосунда жандандыруу сур эчкинин образы аркылуу берилген.

Анда Сур эчки туруп кеп айтат:

«Аксак болуп барганда,
Кууп кармап алыңыз,
Аксак эчки болбосом,
Айткандан танып жоголсом,
Арам өлсүн жаныбыз.
Ушу сөздөн кайтканы,
Төбөсү бийик көк урсун,
Төшү жалган жер урсун».

Ал эми жазма адабиятта сүрөттөгөн окуяны, кубулушту, турмуштук байланышта даана, ачык көрсөтүү үчүн колдонулат.

«Муңдуугa болушуп, муңун бөлүшө тартышкансып асман түнөрөт». (К.Жантөшев «Каныбек» 1-китеп).

«Учу кыйыры жок сур санаа бирде жөө, бирде эшекчен мени жандап алды». (Т.Сыдыкбеков).

Аллегория-грек тилинде башканы айтам деген маанини билдирет. Бир кубулуштун маанисин башка кубулушка которот. Тамсилде сүрөттөөнүн шарттуулугу, өтмө мааниси туруктуу мүнөзгө ээ. Мисалы, түлкү-куу, коен-коркок, карышкыр-

жырткыч ж.б. аллегория мына ушул туруктуулугун жоготсо, символго айланат. Символ-грек тилинде шарттуу белги деген мааниде айтылат. Өтмө мааниде колдонулуп троптун бир түрүнө жатат. М; Көгүчкөн-тынчтыктын символу. Жылан-акылдуулуктун символу, өрт-жамандыктын символу ж.б.

Метофорага жакын көркөм каражат-бул аллегория. Турмуштук көрүштөрдү белгилүү образдар аркылуу каймана мааниде сүрөттөп берет. Оозеки адабиятта кеңири учурап, традициялык мүнөзгө ээ. Метофорадан айырмаланып бүт чыгарманы камтыйт. Аллегориялык чыгармаларда кубулуштар, нерселер, жандыктар ордуна башка адамдар, фактылар, буюмдар эскерилет.

Элдик жөө жомоктордо аллегория кеңири учурайт. Аллегориялык сүрөттөө бөтөнчө тамсилге мүнөздүү. Башка троптордой эле сүрөттөлгөн нерсенин маанилүү негизги белгисин бөлүп көрсөтөт. Аллегория айрым учурда бүтүндөй бир образды же чыгармадагы образдардын системасын жаратууга кызмат этет. Нерсенин же турмуштук кубулуштун абстрактуу түшүнүк же ой менен алмашып конкреттүү сүрөттөлүшү. М; Адамдын колундагы жашыл бутак жер замандан бери тынчтыктын аллегориялык сүрөтү, символу болка эмгектин аллегориясы. Көптөгөн аллегориялык образдардын жаралышы уруунун, улуттун, элдин маданий салты менен байланыштуу. Алар тууларда, гербдерде, эмблемаларда учурап туруктуу мүнөзгө ээ болот. Көптөгөн аллегориялык образдар байыркы гректердин римдиктердин мифологиясы менен байланыштуу. Көзүн таңып, колуна тараза кармап турган аял-Фемида кудайы. Адилет сот, адилеттиктин аллегориясы. Ал эми жылан, кумара медицинанын аллегориясы. Аллегория поэтикалык сүрөттөөнүн күчөткөн каражаты көркөм чыгармада кеңири колдонулат.

Кыргыз адабиятында аллегорияга кайрылган жазуучулар аз эмес. Т.Сыдыкбеков «Темир» романында ак көпөлөк менен кара жөргөмүштүн образдарын берген. Ак көпөлөк-эркиндикке умтулган кыргыз кызынын образы. Ал эми жөргөмүштүн образы аркылуу эски дүйнөдөн кол үзбөгөн, турмуштан артта калган адамдын образын берген.

Бир кубулуштун экинчи кубулушка которуу принциби метонимияда башка мүнөзгө ээ. Метонимия нерселерди жана белгилерди салыштыруу менен түзүлбөйт, бири-биринен айырмаланган нерселерди жакындаштыруу менен түзүлөт. Бирок алар өз ара ички же тышкы байланышта болушат. Метонимиянын түрлөрү өтө көп, анткени нерселердин өз ара байланышы көп кырдуу. Көркөм чыгармада белгилүү бир окуянын, түшүнүктүн аты башка бир предметтин, түшүнүктүн аты менен берилген учурлар кездешет. Биздин сүйлөө речибизде-кебибизде, күнүмдүк турмушубузда образдуу айтылган, өтмө маанидеги метонимия сөздөр арбын учурайт. Бир ак калпак, ак жоолук менен сүйлөшүп турат. Сары тон бизди көздөй бет алды. Комуз күүсү айыл кыдырып жүрөт.

Метонимия-грек тилинде которуу, алмаштыруу деген маанини билдирет. Метонимияда кубулуштар же нерселер башка сөздүн, түшүнүктүн жардамы аркылуу түзүлөт. Метонимиядагы түшүнүк кыйыр же сөздүн экинчи маанисинде билинет. Мисалы, «Кабар салып барбасын, караңгы менен жарыкка» («Манас»). Көкөтөйдүн ашында элге кабар берүүдөгү бир үзүндү «Караңгы менен жарыкка» кабар бербе дегени, күн батыш менен күн чыгышка, алыска кабар бербе деген мааниде айтылып жатат. Дагы эле ошол эпизоддон бир мисалга көңүл буралы. «Менин көзүм өткөн соң», «дүйнөдөн көчкөн» деген сөздөр мен өлгөндөн кийин деп, өтмө мааниде которуп сүрөттөп бергени. «Эки чыны ичтим», «эки табак жедим», «бир чанач ичтик», «бир стакан ичтим» ж.б. бул өңдүү сөздөр өзүнүн образдуулугун жоготуп, кадимки эле жалпы сөзгө айланып кеткен. Адамдардын аң-сезиминде булар өзүнүн метонимиялык мүнөзүн жоготуп коюшкан. Көркөм каражат болуш үчүн өзүнүн метонимиялык мүнөзүн ачык сактап турууга тийиш.

А.Осмоновдун «Музыка» деген ырына кайрылып көрөлү.

«Мен ыйлабайм, капа тартып турганда,
Мен кубанбайм, бак-дөөлөткө тунганда.
Дарым ушул, кайгы жана шаттыкка,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!»

Автордун ысмы менен чыгармасынын аты алмашылган учурлары болот. «Белинский менен Гоголду базардан алып келишет», -дейт. Белинский менен Гоголдун чыгармаларын базардан сатып келишет деген түшүнүктү метонимия каражаты аркылуу сүрөттөп бергени. Некрасов өзүнүн ырында. Ушуга жакын метонимиянын дагы бир түрү музыкалык чыгарманы аткарган адам музыкалык аспап менен алмашылып айтылат. Комуздун шаңшыган күүсү айылдан-айыл кыдырып жүрөт.

Метонимиянын дагы бир түрү: «Анын калеминен өч алуунун жыты байкалат». «Анын кылычынан кан тамат», «Анын бычагы өтө эле курч», «курч жигит турбайбы», «көзү курч», «белдүү, билектүү адам», «зал каткырып күлүп, шаңдуу бийлеп жатты», «бул тайпа өтө начар окуйт», «шаар кыймылы башталды» ж.б.

Ошентип, метонимиянын көпчүлүк түрлөрүнө автор сүрөттөп жаткан кубулуштун маанилүү жактарын баса көрсөтөт.

«Бардык байрактар бизде конокто болушат». (Пушкин).

Россиянын дүйнөлүк аренага чыгышын, анын башка өлкөлөр менен болгон экономикалык жана маданий байланышын метонимия аркылуу көркөм жана элестүү сүрөттөп берген. «Алыстан бир сары тон көрүндү», «Бир ак калпак жүгүрүп келе жатат…».

Т.Сыдыкбеков «Тоо арасында» романынан бир үзүндү келтирели. «Такалуу семиздер көчөнүн так ортосу менен таскак урганда, таканын эмчектери тапталган музга барт-барт батып, даңкан болуп туяктан серпилген кар менен муздар чананын алдыңкы калпагын сабай берет».

Ж.Турусбеков «Кыштакта» деген ырынан бир үзүндүгө көңүл буралы.

«Сыдырым жүрүп таң атат
(Жоголгон түндү муң басат…)
Уктап жаткан кыштакка
Балкытып күн нур чачат».
«Он солдаттык призент
Чатыр уйкуга толду бат эле»

(Т.Сыдыкбеков «Бел-белес»).

Метонимиянын бөтөнчө бир түрү-синекдоха. Синекдоха-бир кубулуштун маанисин экинчи бир кубулушка сандык белгиси боюнча которууга негизделет. Мисалы, жекеликтин ордуна көптүк болуп айтылат. «Бардыгы уктап жатат-адам да, айбан да, канаттуу да». (Гоголь).

Көрүнүштү, окуяны сан белгилери менен көрсөтүү, б.а.бүтүн нерсенин анын айрым жактары, же тескерисинче айрым жактары аркылуу бүтүн нерсени сүрөттөө кездешет. Гипербола, литота да тропторго жатат. Гипербола апыртып сүрөттөөнүн бөтөнчө бир түрү. Тигил же бул көрүнүштүнже образдын белгилерин, касиеттерин апыртып, күчөтүп, чоңойтуп сүрөттөө. Жазма адабиятта да гипербола кеңири колдонулат. Ж.Турусбеков фашизмди мындай апыртып сүрөттөйт.

«Ажыдаар болуп ышкырып,
Желмогуз болуп унчугуп,
Ашынса дагы фашизм
Жок болор кези тумчугуп».

Душман канчалык каардуу, сүрдүү болсо да, жеңиш, адилеттик мекенин коргогон эл тарапта болрун ишеничтүү баяндап берет.

К.Маликов өзүнүн бир лирикалык ырында сүйгөн жарына арнаган аруу сезимин апыртуу ыкмасы менен бөтөнчө элестүү, таасирдүү мындай көркөм сүрөттөп берет.

«Ак булутту аралап,
Айды карай сызсам да.
Ак деңиздин түбүндө
Ак балык болуп сүзсөм да
Кызыл чекте кармашып,
Кыргын салып жүрсөм да.
Санаалашым, курдашым
Сен болорсуң оюмда».

Гипорбола-көркөм апыртуу, бөтөнчө чоңойтуп көрсөтөт, литота да көркөм апыртуу, бөтөнчө кичирейтип көрсөтөт. Окуучулардын көңүлүн тигил же бул кубулушка бөтөнчө бурат. «Днепрдин ортосуна чейин сейрек куш араң учуп жетет». (Гоголь). Днепрдин кеңдигине Гоголь ушундай суктанып, апыртып сүрөттөйт.

Элдик оозеки адабиятта троптор өтө кеңири учурайт.

Мисалы, «Манас» эпосунда «Чыканактай Эр Агыш», бүткөн боюу тарамыш, «Алакандай Ташкенге», ашты кантип беребиз, «Алакандай кыргыз эл. Бир ууч эл» сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн күчүн, көлөмүн, маанисин атайлап кичирейтип, сүрөттөгөн көркөм сөз каражаттарынын бири-литота.

А.Осмонов өзүнүн «Пушкинге» деген ырында улуу улуу акындын талантын бөтөнчө даңазалап литотаны чебер колдонгон.

«Кыялы терс бир кез эле ал күнүм,
Анда күчтүү өзүмчүл курч бүтүмүн
Ар бир кыйын, ар бир улуу акындан
Көңүлүм калып муздаганды сүйчүмүн.
Ошол өңдүү кез келишип өзүңө,
Күч жетпеске үстөм кылган күнүмдө.
Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом
Жарым кашык дарыямдын түбүнө».

Акын өзүнүн талантын «Жарым кашык дарыя» деп сүрөттөп жатканын көрөбүз. Гипербола көркөм каражаттын ролун гана аткарбастан, айрым учурда бир бүтүн чоң образ жаратууга өбөлгө түзөт. Мындай мүнөз бөтөнчө элдик оозеки чыгармачылыкка таандык. Мисалы, «Манас» эпосунда Манастын образын «тоодой болгон күрс алган, тоону көрсө бир салган, үйдөй болгон күрс алган, үйдү көрсө бир салган» деп сүрөттөсө, Ак Куланын образын «тоодой болгон Манасты томуктай кылып көтөрүп, учуп барат Ак Кула» деп сүрөттөйт. Белгилүү окумуштуу Кеңешбек Асаналиев гиперболага мындай так, ынанымдуу аныктама берет. «Бир бүтүн жеткилең, көркөм образ жаратыш үчүн бир нерсенин күчүн, сырткы келбетин, окуянын маанисин ашкере сүрөттөгөн элестүү көркөм сөз каражаттарын гипербола деп аташат».

А.Осмонов өзүнүн «Толубай сынчы» аттуу поэмасында Толубай сынчынын образын гипербола аркылуу бөтөнчө элестүү, көркөм сүрөттөп берген.

«Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек».

Гротеск-Италия тилинде үңкүр дегенди билдирет. Үңкүрдө табылган сүрөттөрдү гротеск деп аташкан. Гротеск аркылуу көрүнүштү, образды күчөтүп, апыртып сүрөттөп фантастикалык маани берет. Элдик оозеки адабиятта терс каармандарга карата колдонулуп, жийиркеничтүү сезим жаратат. Мисалы, «Манас» эпосунда терс каармандын бири, баатыр аял Ороңгуну мындай апыртып фантастикалык мүнөздө сүрөттөйт.

«Ороңгу жүрөт ороңдоп,
Ороңгунун чачында
Отуз-кырк чычкан сороңдоп».

Ошол эле «Манас» эпосунда алп балбан, Көкөтөйдүн ашында Кошой менен күрөшкөн Жолойго карата берген мүнөздөмөсү.

«Алты батман буудай жеп
Дан жыттанган чоң Жолой.
Алтымыш эрди бир союп.
Кан жыттанган чоң Жолой»

Үңкүрдөн адамдын, айбандын, өсүмдүктүн түспөлүндөгү жандыкты табышкан. Фантазиянын бул күлкүлүү фигурасы «гротеск» деген атайын теориялык терминдин жаралышына негиз болгон. Акырындап бул жаңы терминдин мааниси кеңейип, гротесктүү образ катары бүт дүйнөгө тарайт. Гротеск, парадокс акылга сыйбай турган көрүнүш болгон, мүмкүнчүлүгү өзгөчө кеңири. Гортеск-бул апыртуу, күчөтүү, анда сатира фантастика менен айкашат. Фантастикалуу сүрөттөөнүн жардамы менен максаттуу күчөтүүгө жетет. В.Маяковский өзүнүн «Прозаседавшиеся» аттуу ырында карикатуралык гротесктүү сүрөттөө жаратып, бюрократтарды катуу сынга алат. Бир убакта эки жердеги жыйынга катышкан адамдар мыскылга алынат. Гротеск деген термин кайра жаралуу дооруна, 15-кылымга таандык. «Чындык искусстводо реалдуу турмуштук көрүнүштүн чегинен чыгып кетүүдөн коркпойт чочулабайт. Шарт ошону талап этсе»-дейт Марк Твен.

«Белгилүү бир окуянын сүрөттөлүшүн ыргактуу түрдө уламадан улам курчутуучу стилдик ыкмалардын бир түрүн градация деп аташат».

«Аз-аздан барган сайын ызы-чуулар,
Алыстан калып жаты куугунчулар,
Аркырап учкан боздун арышына,
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар».
(А.Осмонов «Толубай сынчы»)

Акын мында «аркырап учкан боздун» ченемсиз күлүктүгүн көрсөтүү үчүн улам күчөяя453яяid4792026 _үп, «жер да тар», «асман да тар», «аалам да тар» деп сүрөттөп жатат.

Ирония - грек тилинен алынган сөз. Шылдың, мыскыл дегенди билдирет. Иронияны өзгөчө мааниси-эки башка мааниге ээ болушу. Чындык түз айтылбай, каршысындагы сөз аркылуу божомол түрүндө берилет. Эки түшүнүктүн ортосунда карама каршылык канчалык күчтүү болсо, ошончолук ирония таасирдүү болот. Нерсенин маңызы гана мыскылга алынбастан, анын айрым жактарыда мыскылга алынат. Искусстводо ирония сатиралык, юмордук мүнөздө көрүнөт. Ирония байыркы Грецияда эле улуу Философ Сократтын чыгармаларында олуттуу мааниге ээ болгон. Ошентип, ирония ачык айтылбаган кош маанилүү мазмунду камтыйт. Жакшы, оң пикир айтылып болуп, мыйыгынан күлүп мыскылдайт.

М.Алыбаев турмуш чындыгын калпыс сүрөттөгөн акындарды иронияның күчү менен өтө чебер, көркөм сүрөттөп берет.

«Оймок ооз,
кыр мурун
кара көз деп берет
сулуулардын элесин
анда санда кошо коет
«кымча бел» деген эмесин.
Сулууларда
Карадан башка
Көз жокпу?
Акындарда мындан башка
Сөз жокпу?»
«Түшүнсөң түшүнөрсүң,
Түшүнбөсөң дагы бир
Кыздын мээсин бүтүрөрсүң».
(Р.Шүкүрбеков).

Көркөм чыгармада ирония ыкмасы да учурайт. Сүрөттөлүп жаткан кубулуштун тышкы формасы анын ички маанисине туура келбейт. Крыловдун бир тамсилинде Түлкү Эшекке кайрылып «Кайдан келе жатасың, акылдуу баш?» дейт. Жымсалдап кылдат айтылган юмордун бир түрү ирония болот. Т.Сыдыкбеков «Тоо арасында» романында Карымшактын семиздигин какшыктап «Тактанын алдына чыккан чөптөй үлпүлдөп араң олтурасың» деп, Саякбайдын сөзү менен айттырат. Бөтөнчө ачуу ирония сарказм деп аталат. Крыловдун «Карышкыр дөбөтканада» аттуу тамсилинде сарказмды чебер пайдаланганын көрөбүз. Ирония сүрөттөлүп жаткан предметтин маанилүү жагын баса белгилеп, автордун ага карата болгон мамилесин ачык билгизет. Тигил же бул кубулушту белгилөөдө же адамды көрсөтүүдө жазуучу так айтпай, үстүртөн сыпаттап берген учурлары бар. Мисалы, Пушкин «Полтавада», «Петр 1-ни», «Полтаванын баатырлары», «Евгений Онегинде» Байронду «Жуан менен Гяурдун ырчысы», Лермантов «Акындын өлүмү» аттуу ырында Пушкинди «Намыстын кулу» деп сүрөттөйт.

Энчилүү же башка аттарды сыпаттоо аркылуу билдирсе перифраз болот. «Предметтин, нерсенин атын атабай туруп алардын эң маанилүү, эң негизги касиеттерин, сапаттарын сүрөттөө аркылуу анын элестүү картинасын көркөм троптордун бир түрү перифраз деп аталат». (К.Асаналиев) перифразэлдик оозеки чыгармачылыкта да кеңири учурайт.

«Бир келин болуптур. Ал келиндин алты кайын агасы бар экен. Алардын аттары: Суубай, Камышбай, Карышкырбай, Койлуубай, Бычакбай экен. Бир күнү алиги келин кой кайтарып жүрсө, камыштын ары жагында, суунун бери жагында бир койду карышкыр басып жеп жатканын көрөт. Кайнагаларын атынан айта албай, мындай тергептир: шабырдын ары жагында, шаркыратманын бери жагында, улума маараманы жеп жатат, жанымага жанып ал, суураманы сууруп чал».

Окуучулардын көңүлүн бир кубулушка же проблемага буруш үчүн жазуучу риторикалык суроо коет. Ырас, риторикалык суроону жооп алыш үчүн койбойт. Гоголь «Май түнүндө» аттуу чыгармасында окуучуларга кайрылып: «Силер Украина түнүн билесиңерби»?

Жазуучу өзүнүн повесть-прологунда Украина түнүнүн сулуулугун мына ушундай ыкма менен баса белгилейт да, өзүнүн

суроосуна өзү жооп берет. «Оо, Украина түнүн силер билбейсиңер!».

Поэтикалык речтеги стилистикалык ыктын бир түрү риторикалык кайрылуу да ушундай милдет аткарат. Баяндоо учурунда жазуучу окуучуларга, катышкан каармандарга, предмет жана кубулуштарга кайрылат. Пушкин мындай ыкманы көп колдонот.

«Татьяна, милая Татьяна!
С тобой теперь я слезью люблю…»

Белгилүү предметке көңүл буруп, ага карата тийиштүү мамиле чакырат.

О, весна без конца и без краю
Без конца и без краю мечта!

Ырда же строфада башкы сөздөрдүн же сөз айкаштарынын кайталанышы анафора деп аталат.

«Сенин шаңың Ала-Тоо,
Сенин каның Ала-Тоо». (Ж.Турусбеков)

Анафора сыяктуу синтаксистик ыкма-бул эпифора ырдын аягындагы сөздөр же сөз айкаштары. К.Асаналиев мындай аныктама берет. «Чыгарманын идеялык-көркөмдүк умтулушун жыйынтыктаган бөлүмдү эпифора деп аташат». М.Алыбаевдин «Ак чүчүнөн» төмөнкүдөй мисал келтирет:

Рас,
Аялдар-
Биздин коомдо чоң күч!
Бул чоң күчкө качан кошулат
Өзү
Куштун көлөкөсүнө тоңгон
Элге күлкү болгон
Ак кол, «ак чүч!!!»

Параллелизм-грек тилинен алынган сөз. Сөзмө сөз которгондо катар жүрүү деген мааниде. Кубулуштардын, түшүнүктөрдүн мүнөздүү окшоштугу, жалпылыгы. Эки же бир нече кубулуштарды кеңири салыштыруу, өзүнүн функциясы боюнча параллелизм салыштырууга жакын.

Көркөм чыгармада эки түрдүү окуяны салыштырып сүрөттөө учурлары кездешет. Ушундай ык менен окуялардын арасындагы окшоштуктарды, же болбосо айырмачылыктарды көргөзүү параллелизм деп аталат. Параллелизм элдик поэзияда кеңири

учурап, традициялык мүнөзгө ээ. Мында көбүнчө жаратылыштык кубулуштар адамдардын турмушу, тагдыры менен салыштырылат.

Кечээ Темиркандын шаарына
Тентип кеткен сен кандай?
Теңтушум качан келет деп
Телмирип жүргөн мен кандай? («Семетей»)

«Соңкөлдүн башы тал менен
Соодагер өтөт мал менен,
Солкулдап ыйлап баратам
Соолуган Жантай чал менен» (Ак Мөөр).

«суурулуп токой
Кыйрап сулары.
Чыдабай тоолор
Жардай кулады» (А.Токомбаев)

Элдик поэзияда параллелдүү сүйлөмдөр жыш учурайт.
«Саратан беле, гөзөл кыз
Эмдиги айлар, эки ай күз
Эстедип беле, гөзөл кыз»
«Пара алганды көргөмүн,
Пара алгандын түбүндө
Элге болуп шерменде
Камалганын көргөмүн» (Барпы)

Асманда алданын күнү
Бүркөлүп Алмамбеттин башына
Алтымыш санаа бир келип. («Манас»).

Келтирилген мисалдарда параллелизм коздук үчүн гана алынбайт, Алмамбеттин чоң трагедиясын, лирикалык сезимин ачык, көркөм сүрөттөйт, мисал психологиялык параллелизмге кирет. Алмамбеттин тагдыры, анын мекенинен ажыраган кайгуулу арман монологу параллелизм аркылуу бөтөнчө таасирдүү көркөм сүрөттөгөн. Көркөм чыгармада бир түрдүү мүнөздөгү поэтикалык каражаттарга өтө бай. Биз айрым бир мүнөздүү, типтүү көркөм каражаттарга гана кыска токтолдук.

# V ГЛАВА
# АДАБИЙ УРУК, ТҮР, ЖАНР

План.

1. Адабият – бул сөз искусствосу. Эпикалык уруктун-мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, драма, лириканын олуттуу белгилери.

2. Эпикалык чыгармалардын түрлөрү. Эпопея, поэма, роман, повесть, аңгеме, новелла.

3. Лирикалык чыгармалардын түрлөрү. Ода, элегия, сатира, эпиграмма.

4. Драма жана анын түрлөрү.

Адабият-бул сөз искусствосу. Адабиятка универсалдуулук, ачык проблемалуулук мүнөздүү. 19-кылымда адабиятты сөз искусствосунун бөтөнчө бай түрү деп баалашкан. Белинский минтип жазган: «Поэзия-искусствонун эң жогорку чеги… Анткени поэзия башка искусстволордун бардык элементтерин камтыйт. Ар кандай искусствого өз алдынча берилген бардык каражаттарды чогултуп түз эле пайдалангандай көрүнөт. Поэзия бүт искусствону өз ичине алат». Белинский поэзия деп адабиятты айтып жатат.

XIX кылымда реализм күч алып, өнүгүп турган мезгилде адабият искусствонун башка түрлөрүнө караганда өзгөчө орунду ээлеп турган. Бул жагынан Белинский адабияттын ордун адилеттүү белгилеген. Адабияттын коомдук мааниси да бөтөнчө зор. Ал искусствонун башка түрлөрүнө да бөтөнчө таасир этет. Жазуучулар жараткан образдар өзүлөрүнүн экинчи өмүрүн театрда, радиодо, кинодо, сүрөттө, музыкада, хореографияда өткөрүүдө. Бирок искусствонун тигил же бул түрүн жогору же төмөн коюу туура эмес. Тарыхый жагынан искусствонун түрлөрүнүн алган орду өзгөрүп турат. Синкретикалык искусстводо бий жана пантомима алдыңкы орунду ээлегендиги белгилүү. Антикалык доордо баатырдык эпос, драма, лирика бөтөнчө өнүгөт, кайра жаралуу доорунда архитектура, сүрөт жана адабият өзгөчө өнүгүүнүн жолуна түшөт. Кайра жаралуу менен калассицизмдин эстетиткасы сүрөткө бөтөнчө негизделгени белгилүү. Немец романтизминин теорияларында искусствонун түрлөрүнөн бөтөнчө поэзия менен музыканы бөлүп карашкан. Ал эми XIX кылымдын реалисттик эстетикасында биринчи орунду

адабиятка ыйгарышкан. Азыркы мезгилде Батыштын айрым теоретиктери кино менен телевидениени биринчи орунга коюп карап жатышат. Мунун да белгилүү деңгээлде чындыгы бар. Бирок ошондой болсо да адабият искусствонун бөтөнчө бир таасирдүү түрү катары дагы эле алдыңкы катардан орун аларын жокко чыгарыш кыйын.

Платон, Аристотель көркөм чыгарманы үч чоң топко: эпос, драма жана лириа деп бөлүшкөн. Эпос менен драма лирикадан айырмаланып, бир катар өзгөчө касиеттерге ээ. Эпикалык жана драмалык чыгармаларда мейкиндикте же мезгилде өткөн окуялар калыбына келтирилет. Эпос менен драма мезгил менен мейкиндикти өз ичине кеңири камтыган окуяларды чагылдырат жана ар түрдүү адамдардын ортосундагы кээ бир татаал мамилелерди, байланыштарды, карама-каршылыктарды сүрөттөйт. Бул жагынан эпос менен драма бир-бирине жакын турган адабий түрлөрдөн болуп эсептелет. Эпосто сүрөттөлгөн окуялар жана персонаждардын кыймыл-аракети баяндоо аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Мындайча айтканда баяндоо эпостук чыгармалардын көркөмдүк формасын уюштурган жана бириктирген башталма. Баатырдык эпоско кеңири масштабдуулук, баяндоонун жай өнүгүшү мүнөздүү. Анда айрым персонаждар, алардын өз ара мамилелери, жүрүш-турушу, ой толгоолору сүрөттөлөт. Ырас, эпосто, драмада сүрөттөлгөн турмуш автордун түздөн-түз түшүнүгү, баасы аркылуу берилет. Окурмандар болсо сүрөттөлгөн кубулуштарды автордун эркинен тышкары болгон көрүнүш катары кабыл алат. Башкача айтканда эпикалык чыгармалар, бөтөнчө драмалык чыгармалар толук обьективдүү көрүнүш катары таасир калтырат.

Драма, бөтөнчө эпос чексиз кеңири таанып билүү мүмкүнчүлүктөргө ээ. Эпикалык, драмалык чыгармалардын авторлору турмуштун ачык, көп кырдуу көрүнүштөрүн өзгөрүп, карама-каршылыкка толуп турганын кеңири, терең сүрөттөп беришет. Драма менен эпоско ар кандай тема, проблема, пафостун түрлөрү обьект катары туура келе берет.

Ошону менен бирге эпикалык жана драмалык чыгармалар бири-биринен кескин айырмаланып турат. Эпосту уюштурган формалдуу башталыш-персонаждардын турмушундагы окуялар жана алардын жүрүш-турушу жөнүндөгү баяндоо. Адабияттын

бул тегинин аты эле баяндоону билдирип турат. (грекче эпос-сөз, баяндоо). Сүрөттөө каражаттары эпосто эркин жана кеңири колдонулат.

Эпосто баяндоо маанилүү роль ойнойт, башкача айтканда, болгон окуялар жөнүндө аңгеме басымдуу мүнөзгө ээ. Баяндоого карата сүрөттөлүп жаткан нерсе өткөн көрүнүш болуп берилет. Ошондой эле эпосто сыпаттоо олуттуу мааниге ээ. (Жаратылыш, жашоо тиричиликти мүнөздөө, персонаждардын тышкы белгилери). Баяндоого автордун ой-толгоолору жакын. Буга Л.Толстойдун, Ф.Достоевскийдин, Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыктары ачык мисал боло алат. Окуя, кыймыл аракеттер жөнүндөгү баяндоолор персанаждардын айткан сөздөрү менен коштолот: алардын монологдору, диалогдору аркылуу каармандардын кыймыл-аракетин мүнөздөө баяндоонун негизин түзөт.

Драмада кеңири түрдөгү баяндоо жок. Чыгарманын текстти персонаждардын сөзүнөн турат. Автордун сөзү кошумча гана мааниге ээ. Драманын өзгөчөлүгү сценага коюш үчүн жазылат. Ошондуктан драманы синтетикалык искусство деп аташат. Анда сөз, пантомима (ымдоо, жандоо) декорация, музыка маанилүү роль ойнойт.

Лирика-гректин лирикос лиранын коштоосу менен ырдоо. Көркөм чыгармада эпос, драмадай эле негизги бир түрү, теги. Аристотель өзүнүн «Поэтикасында» көркөм чыгарманы үч топко бөлөт. Окуя жөнүндө баян-бул аңгеме. (Платон да үч тектин маңызын айтып койгон). Гегель болсо лирикада адамдын рухий турмушу, анын сезим жана идеялдуу дүйнөсү сүрөттөлөт дейт. Ал эми Белинский, Чернышевский, Добролюбовтор болсо лирикалык чыгармаларда адамдын ой-толгоолору аркылуу адамды курчаган турмуш, чындык, анын ички дүйнөсүн аныктаган мүнөз сүрөттөлөт. Лирикада сүрөттөлгөн мүнөздүн абалы көркөм образдын белгисине ээ болот. Мына ошону биз ой-толгоонун образы катары баалайбыз. Адамдын рухий дүйнөсүнүн жекелештирилген, типтештирилген сүрөтү жаралат. Мүнөздүн айрым белгилерин сүрөттөө жагынан лирика башка жанрлардан айырмаланат. Адамдын ой-толгоосунун көп кырлуу мүнөзүн сүрөттөш үчүн, анын белгилүү шарттагы абалын көркөм сөз каражаттары аркылуу анын толкундуу сезимин

субьективдүүлүгүн билдирет. Ошондуктан акын тилдин өзгөчө экспрессивдүү формаларына кайрылат. Лирикадан адамдын жандуу, толкундуу речи өкүм сүрөт. Лирикада өнүккөн сюжет, өзүнчө бүткөн мүнөз, кыймыл аракет, кеңири сүрөттөө болбойт, андай белгилер прозага мүнөздүү. Баяндоо мүнөзүндөгү сюжеттүү чыгармалардын ырга кайрылышы, лиро-эпикалык композициялык курулушту жаратат; тагыраак айтканда лиро-эпикалык чыгармаларга мүнөздүү. Лирикадагы образ жеке эстетикалык мааниге ээ. Лирикалык каарман акындын чыгармачылыгы адамдын коомдук тиби жөнүндө өзүнчө бүткөн түшүнүк берет.

Социалисттик коомдо лирика бөтөнчө обьективдүү мүнөзгө ээ болот. Маяковскийдин лирикасында «мен» деген лирика «биз» дегенди билдирет. Лирика адамдын белгилүү мезгилдеги жана чөйрөдөгү ой-толгоосун сүрөттөйт. Конкреттүү мазмуну боюнча лирика түрлөргө бөлүнөт. Саясий, пейзаждык, философиялык, сүйүү, достук ж.б. Эколог - айылдын турмушу жөнүндөгү ыр, эпиграмма-мыскыл мүнөзүндөгү ыр, эпитафия-өлгөн киши жөнүндө ыр, элегия-кайгылуу, муңдуу мазмундагы ыр. Шарттуу мүнөзгө ээ болгон лириканын бул түрлөрү өзүлөрүнүн башталышы боюнча антикалык доорго таандык.

Лирикалык проза – проза түрүндөгү лиро-эпикалык жанр. Лирика менен эпостун айрым белгилерин камтыйт. Баяндоо болот да, мүнөз окуя аркылуу өнүгөт. Анын сюжети окуялардын системасынан турат. Лирикада адамдардын мамилелери анча чоң роль ойнобойт. Окуя, кыймыл сүрөттөлбөйт. Лирика сөз искусствосунун бир түрү болгондуктан сүрөттөө маанилүү орунга ээ. Анда болгон иш, ой-толгоо, сезим жөнүндө акындын таасирленүүсү берилет.

Лирика акын өзүн билдирип, өзүшүн лирикасында өзү каарман болгондой таасир калтырат. Акындын ички дүйнөсү негизги роль ойнойт. Турмушту таанып билүү лирикада өзүн таанып билүүгө айланат. Лирикада акын окурман менен түз, жакын, жандуу байланышта болот. мындай байланыш эпикалык, драмалык чыгармаларга салыштарганда акын өзүнө мүнөздүү ой-сезимди билдирет да, анын чыгармаларында лирикалык «мен» деген бар. Ошону менен бирге эле лирик-акын топтун, класстын, бүт элдин, ал тургай адамзаттын көз карашын, ой-толгоосун билдирет.

Лирикада сүрөттөлгөн ой-толголордун бардыгы эле акындын өзүнүн жеке ой-толгоосу деп түшүнүү да туура эмес. Лирикада ишеним, сезим туудуруу жагы күчтүү. Мазмунуна жараша сезим лирикасы, пейзаждык, социалдык, саясий, философиялык, нравалык, эстетикалык көркөм ж.б. түрлөрү бар.

Лирика деген сөз байыркы гректердин лира аттуу музыкалык аспабын билдирет. Лирика эпос менен драмадан, баарыдан мурда сүрөттөө предмети менен айырмаланат. Окуяларды, адамдардын өз ара мамилелерин, жүрүш-турушун кеңири, майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөө драмада жок. Лирика көбүнесе адамдын ички дүйнөсүн: ой-толгоолорун, сезимдерин, таасирлерин сүрөттөйт. Лирикада субьективдүү башталыш күчтүү. Лирикада сөз (кеп) эксперссивдүү милдет аткарат. Лирикалык чыгармага анча өнүкпөгөн сюжет мүнөздүү. Чыгарманын аталышы, лирикалык чегинүү, финалы, сөз башы, сөз аягы ж.б. анча өнүкпөгөн сюжеттер бар.

Лирика тематикасы боюнча саясий, философиялык, табият, сүйүү ж.б. болуп бөлүнөт.  Эпос, драма, лирика деп тектерге бөлүү шарттуу мүнөзгө ээ. Эпикалык чыгарманын мыкты үлгүсү болгон «Манас» эпосунда да лириканын элементтери аз эмес. Алмамбеттин трагедиялуу образында, «Каныкейдин жомогунда», «Каныкейдин Тайторунун чабышында» каарманды ички дүйнөсү, кайгы-муңу, арманы лирикалык маанайда күчтүү сүрөттөлөт. Лиро-эпикалык чыгармалардын көлөмдүү, сюжеттүү түрүнүн бири поэма (грекче- чыгарма деген мааниде). Поэмада аңгемечи менен лирикалык каарман бир бүтүн көрүнүш катары берилет. Мында аңгемечинин ролу чоң. К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасында лирикалык каармандын образы басымдуу мүнөзгө ээ. Ырас, А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында эпикалык белгилер күчтүү. Бирок лириканын элементтери жок эмес.

Адабият тектеринин пайда болушун Н.Веселевский «Тарыхый поэтика» аттуу чыгармасынын үч главасында карайт. Анын далили боюнча адабий уруктар байыркы элдердин салт түрүндөгү хор ырларынан пайда болот.

Салт түрүндөгү хор, бий жана мимикалык кыймылдар менен коштолуп, кубаныч, кайгыны билдирген. Мына ушундан лирика жаралган. Хорду баштаган (корифей) адамдын ырынан лиро-

эпикалык чыгармалар, кийин эпос пайда болот. корифей-гректин-cozyphaios деген сөзүнөн алынган. Башчы, жетекчи дегенди билдирет. Хорду жетектеген кишини корифей деп аташкан. Кийин кардебалеттеги башкы ролду ойногон артисти да корифей дешкен. Өтмө маанисинде өзгөчө авторитетке ээ болгон инсанды корифей деп коюшат. Мисалы, илимге, искусствого зор салым кошкон таланттуу адамды илимдин, искусствонун корифейи деп айтышат. Хорго катышкандардын өз ара сөзүнөн драма жаралат. Мифологиялык баяндоолор өз алдынча салт ырларынан тышкары пайда болгон. Демек, эпос мифтен жаралышы да мүмкүн.

Адабий процесстин таасири менен урук жөнүндөгү түшүнүк өзгөрүп турган. XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында немец эстетиктери урук жөнүндөгү түшүнүктөрдү бир системага келтиришкен. (Шиллер менен Гетенин, кийин Шеллинг менен Гегелдин эмгектеринде). Буларды улантып Белинский «Поэзияны урук түрлөргө бөлүү» (1841) аттуу макаласында өзүнүн теориясын берген. Эпикалык чыгармаларды обьект жөнүндөгү түшүнүк менен байланыштырган. «Эпикалык поэзия көбүнесе обьективдүү поэзия», ал эми «Лирикалык поэзия көбүнесе субьективдүү поэзия» -деп жазган Белинский.

Ошентип адабиятты эпос, эпикалык чыгармалар, драма, драмалык чыгармалар, лирика, лирикалык чыгармалар деп үч топко бөлүшөт. Кыргызча муну адабияттын уруктары деп атап жүрүшөт. Ал адабияттын уруктары өзгөчө түрлөргө бөлүнөт. Эпос, роман, повесть, аңгеме, комедия, трагедия, ода элегия дегенди адабий түр катары карашат. Адабий түрлөр да өзүнчө жанрларга бөлүнөт. Мисалы, тарыхый, философиялык, үй-бүлөлүк роман дегенди жанр деп түшүнөбүз. Ырас, адабияттаануу илиминде көркөм чыгарманы урук, түр жана жанрга бөлүүдө такталган бир бекем пикир жок.

Байыркы, алгачкы коомдо искусствонун өз алдынча жашаган түрлөрү болгон эмес. Ал мезгилдеги искусствого синкретизм мүнөздүү болгон, башкача айтканда поэзия, бий, музыка ажырагыс бир бүтүн көрүнүштү түзгөн. Кыргыздын элдик оозеки адабиятына мына ушундай синкретизм мүнөздүү. Манасчы, акындар ыр жаратышат, аны өзүнчө обонго салып, ымдап, жаңдап аткарышат. Көркөм чыгарманын автору, композитору, айтуучусу, аткаруучусу болуп чыга келишет.

Мезгилдин өтүшү менен синкретизм мүнөзүндөгү искусстводон эпос, лирика жана драма бөлүнүп чыгып, сюжети улам татаалданып, жеке мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болот. Эпос окуяларды, лирика адамдын ой толгоосун, драма кыймылды сүрөттөйт. Ал эми драманы обьективдүүлүкүн жана субьективдүүлүгүн «синтези» катары баалаган.

Советтик илимпоз адабият таануучулар Белинскийдин айткандарынын көпчүлүгүн кабыл алышын, андан ары өркүндөтүшкөн. Ырас, Белинскийдин макаласында бир жактуулук да бар. Драма гана эмес ар кандай көркөм чыгарма обьективдүү жана субьективдүү байланышты камтыйт. Анткени турмушту жөн гана обьективдүү чагылдырбастан, ага автор өзүнүн субьективдүү баасын берет.Адабият мындан тышкары ыр жана проза болуп бөлүнөт. Лирикалык чыгармаларды, поэзия менен эпосту проза менен гана байланыштыруу туура эмес. Ар бир урук ыр жана прозадан турары белгилүү.

Эпос жазма адабияттагы эпикалык чыгармалар («Евгений Онегин», «Таң алдында»,) ыр менен берилген.Драмада проза, ыр учураганы сейрек көрүнүш эмес (Шекспирдин пьесалары, Пушкиндин «Борис Годунову»). Проза менен жазылган лирика да жок эмес. «Эпикалдуу», «драматизм», «лиризм» деген түшүнүктөр бар. Окуя жай, шашпай өнүгүп турмушка, дүйнөгө кеңири көз караш бар (« Согуш жана тынчтык»). Бирок булардын арасына бийик дубал коюу да туура эмес.

## Эпикалык чыгармалардын түрлөрү

Эпикалык чыгармалар обьективдүү дүйнөнү сүрөттөө менен бирге, окуялуу,кеңири сюжеттүү, болгон окуяны, тарыхты баяндайт. «Эпосто тагдыр өкүм сүрөт» (Гегель). Тышкы кырдаал каармандардын тагдырларына бөтөнчө таасир этет.Эпикалык чыгармаларда жазуучу аналитик, изилдөөчү катары көрүнөт. Көп учурда тагдыр, коом адамга жат көрүнүш катары сүрөттөлөт. Ал эми сациалисттик түзүлүштү сүрөттөгөн чыгармалар «тагдыр», «коом» адамга жакшы шарт түзгөн фактор катары берилет. Окуянын өнүгүшүн каарман аныктабайт. Мисалы, М.Островскийдин «Болот кантип курчуду» романында

контрреволюция менен күрөш, граждандык согуш Павелдин эркинен тышкары өтөт. Эпикалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрүнө карата баяндоочу аңгемечинин образы бар экендигин көрөбүз. Автор кээде башка кишинин аты менен окуяны баяндан, кээде баяндоо автордун атынан өтөт. Пушкиндин «Белкиндин повесттери», Тургеневдин «Аңчынын жазмалары», Ч.Айтматовдун «Жамийила» повести ушундай мүнөздөгү чыгармалар.

Эпос грекче сөз, сүйлөө, аңгеме деген маани берет. Алгач эпостун сюжети жөнөкөй, турмуштук аңгемелер түрүндө пайда болот да, кийин кара сөз жана ыр түрүндөгү үлгүлөрү жаралат. Турмуштун өзгөрүшү менен бирге мазмуну, көркөмдүгү татаалданып кадимки көркөм чыгармага, эпикалык жанрга айланат. Эпикалык адабияттын көлөмдүү жана момументалдуу түрү эпопея деп аталат. Эпопеянын өзгөчө түрү-бул баатырдык эпос. Баатырдык эпостун классикалык үлгүлөрүнө «Манас», Иран-тажиктердин «Шахнамеси», байыркы гректердин «Илиада», «Одиссеясы» индустардын «Махабхаратасы», армяндардын «Давид Сасунский», калмактардын «Жангар» өңдүү эпостору кирет. Европада орто кылымда «Роланд жөнүндөгү ыр», «Нибелунгдар жөнүндөгү ыр» сыяктуу баатырдык эпостор жаралат. Жаңы доордун эпопеясы «роман-эпопея» деген ат менен белгилүү болгон. Л.Толстойдун «Согуш Жана тынчтыгы», Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба», Т.Касымбековдун «Сынган кылычы» ж.б.

Баатырдык эпос байыркы доордо эле, б.а. уруулук доордо, мамлекет калыптана баштаган мезгилде жаралат да миф, тарыкка чейинки легендарлуу окуялар мазмунун түзөт. Кылымдар бою өнүгүп, өсүп өзүнчө бүткөн чыгарма катары калыптанат. Эпопеянын мазмуну окуяларга бай, көп кырдуу, татаал. Элдин эл болуп калыптанышы, турмуштун көп кырлуу жактары, бай тажрыйбасы эпостун негизги мазмунун түзөт. Кыргыздын кенже баатырдык эпостору «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаныш, Байыш» негизинен сырттан басып кирген душмандарга каршы элдин боштондук күрөшүн сүрөттөйт. Бул эпостордо реалдуу тарыхый окуялар инсандар бир кыйла кеңири орун алат. Мына ушуга карата аларды тарыхый баатырдык эпос деп атаса тура болот, ырас, тарыхый окуялар көркөм окуяларга, тарыхый

инсандар көркөм образга айланат. Эпос тарыхтын көчүрмөсү эмес, ал баарынан мурда көркөм чыгарма. Демек, баатырдык эпоско көркөм чыгарма катары мамиле жасап, көркөм чыгарма катары баа бергенибиз түзүк блор. Бирок эпостун тарыхый баалуулугун жокко чыгарбаш керек.

Баатырдык эпос коллективдүү чыгармачылыктын түрүнө кирет. Ал оозеки түрүндө жаралып, оозеки түрүндө элге таралып, муундан муунга өтүп, улам жаңыланып, олуттуу окуялар менен мазмуну байып, көркөмдүгү артып өсүп-өнүгүп келген. Искусствонун түрлөрү арбын. Аларга жалпы мүнөздөгү окшоштуктар менен бирге, ошондой эле өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Эпос болсо сөз искусствосуна кирет, турмушту көркөм образдар аркылуу таанып билет. Сөз искусствосуна сүрөттөөчүлүк бөтөнчө мүнөздүү. Анын искусствонун башка түрлөрүнөн айрмалап турган өзгөчөлүктөрү бар. Сөздүн күчү менен адамдын өткөн турмушун, келечегин, бүгүнкү өмүрүн кеңири, терең ар тараптан сүрөттөп берсе болот. Демек, сөз искусствосуна универсалдуулук, бөтөнчө мүнөздүү, б.а. сүрөттөө масштабы чексиз. Бирок искусствону жаратылышты, айбандарды, турмуштук окуяларды, кыскасы, эмнени сүрөттөбөсүн, анын негизги обьектиси адап тагдыры, дүйнөгө, турмушка, өзүнө болгон мамилеси. «Манас» эпосу кыргыз элинин мифтик көз карашынан тартып, реалдуу тарыхый окуяларга чейин кеңири сүрөттөп берет. Эпостун универсалдуу касиети кыргыз элинин улуттук тилинин бөтөнчө байлыгы менен тыгыс байланыштуу. Ырас, тил өзүнчө бир өтө татаал көрүнүш. Турмушта анын аткарган милдети өтө көп. Эпосто таланттуу айтуучулар тилдин көп түрдүү функциялуулугун өтө чебер, чыгармачылык менен пайдаланышат. «Манас» эпосу өзүнүн бүгүнкү өтө бай, бийик көркөм деңгээлине эчен татаал жолду басып, элдин омалуу-төкмөлүү татаал турмушу менен бирге өнүгүп-өсүп келди. Көркөм чыгармага баа берүүдө аны жараткан доордон бөлүп кароо туура эмес. «Манас» башка доордо, башка көз караштын негизинде жаралган көркөм эстелик. «Манас» эпосуна баа берүүдө анын жаралган доорун, чөйрөсүн, ошо замандагы элдин көз карашын, эске тутуу зарылчылыгы келип чыгат. Ошондуктан конкреттүү тарыхый мамиле жасоо керек.

Эпопея-улуттун, элдин тагдырын чечкен зор окуяларды сүрөттөгөн эпикалык чыгарма. Эпопея коом гармоникалуу болгон бөтөнчө шартта пайда болот. Адам өзүн коллективге каршы койбойт, каарман өз элинин кызыкчылыгы менен жашайт. Улуттук тарыхтын баатырдык барактары эпопеяга материал болот, көп учурда мифологиялык сюжеттер кеңири орун алгандыгын көрөбүз. Мисалы, Троян согушу Гомердин «Иллиада» менен «Одиссеясына» мазмун болсо, элдин сырттан басып кирген душмандарга каршы боштондук күрөшү «Манас» эпосунун мазмунун түзөт.

Белинскийдин ою боюнча Гомердин поэмалары «Элдин балалык» доорунда, турмуш «поэзия, проза» болуп бөлүнө элек мезгилде, социалдык карама-каршылыктар жаңы эле башталган учурда, баяндоочу өз атынан гана эмес, өз мекендештеринин атынан сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү бар кезинде пайда болот. «Элдүүлүк эпикалык поэманын негизги шарттарынын бири» - дейт Белинский. Эпопеянын автору жалпы элдик, улуттук ой-сезимдерди билдирет. Турмушту кеңири, универсалдуу камтуу эпопеяга бөтөнчө мүнөздүү. Байыркы гректердин үрп-адаты, ишенимдери, нравалык түшүнүктөрү Гомердин чыгармачылыгында орун алган. Ушундай эле ойду «Манас» эпосуна карата айтсак өтө адилеттүү болот. Улуттук аң-сезимдин бардык олуттуу жактарын чагылдырган «Манас», «Илиада» элдик чыгармалар болуп саналат. Бул чыгармаларда баатырдык, каармандык, согуштук кагылыштар кеңири орун алат. Коомдун, улуттук мүнөздүн олуттуу белгилерин сүрөттөө эпос үчүн эң негизги касиет.

Жаңы тарыхый шартта эпостун мазмуну толук өзгөрөт. Мисалы, Дантенин «Ажайып комедиясы», Тассонун «Бошонгон Иерусалими». Данте өзүнүн чыгармасында мезгилдин мүнөздүү, олуттуу белгилерин сүрөттөп берет. Феодалдык Европанын адабиятында «Роланд жөнүндөгү ыр», «Менин сиңдим жөнүндө ыр» (баатырдык аракеттер баяндалат) эпоско жатат. «Манас», «Илиада» өңдүү чыгармалар кийинки доордо жаралбайт. Ахиллес дары менен коргошундун кылымында пайда болбойт. эми улуттук-боштондук согуштар эпостун мазмунун түзөт. «Манас» эпосунда баатыр Манас «Кулалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым, тели куш таптап куш кылдым, тентиген

элди жыйнап журт кылдым», -дейт. Ар кандай урууларды бириктирип, башын кошуп эл кылганын баяндап жатпайбы. Ал эми «Кожожаш» эпосунда адамдын жаратылыштын каардуу күчү менен болгон күрөшү баяндалса, «Курманбек» эпосунда сырттан басып кирген душмандарга каршы элдин боштондук күрөшү сүрөттөлөт. Жаңы тарыхый негизде Л.Толстойдун «Согуш жана тынчтык» романы пайда болот. Эпопеяда турмуш кеңири камтылат. Баарынан мурда тыштан басып кирген душманга карүшы жалпы элдик күрөш сүрөттөлөт. Айрым адамдардын турмушу кеңири сүрөттөлөт да, Россиянын улуттук, тарыхый тагдырларын чечкен окуялар менен байланыштуу берилет.

XIX кылымда орус адабиятында эпостун булагын, эл массасынын социалдык эркиндик үчүн чыгуулары түзөт. Эпостун белгиси Некрасовдун «Россияда ким жакшы жашайт» аттуу чыгармасында ачык байкалат. Чындык ишдешкен жети дыйкан бүткүл элдин атынан аракеттенет. Пролетариаттын боштондук кыймылынын шартында эпопеянын сапаттык жаңы этабы пайда болот. Мисалы, Серафимовичтин «Темир сел» - Л.Толстойдун «Хождение по мукам». Бул чыгармалардын каармандары жалпы улуттук мааниге ээ болгон окуялардын катышуучулары, алар жалпы элдик иш үчүн күрөшүшөт. Маяковскийдин «В.И.Ленин» жана «Жакшы» поэмалары да эпикалык мүнөзгө ээ. Улуу Ата Мекендик согуш эпостун кубаттуу булагы болуп калды. Совет элинин фашисттик баскынчылар менен болгон күрөшүнүн көркөм жалпылоосу-Твардовскийдин «Василий Теркини». Жаңы тарыхый доордо көп элдерде эпос өнүгүшүн токтотот. Ырас, эпостун айрым элементтерин камтыган эпикалык чыгармалар жазылат.

Эпосту жараткан доор өттү. Элдин мифтик, фантастикалык көз карашы өзгөрөт. Эпос эми мурункудай өсүп, өнүкпөй калат. Бирок баатырдык эпостой кеңири, көп кырдуу болбойт. ырас, көп убакытка чейин көптөгөн акындар баатырдык эпосту кайрадан жаратууга аракеттенишет. Байыркы римдик акын Вергилей, италиялык акын Бассо, француз Ронсар, англиялык акын Спенсер. Булардын чыгармаларында байыркы баатырдык эпоско окшош жактары бар. Аларды «Жасалма эпос» деп туура баалашкан. Тассонун «Бошотулган Иерусалим» деген чыгармасы жөнүндө Гегель Гомердикиндей чыныгы эпос эмес,-дейт. Доор

өзгөрүп, эпопеянын жаңы түрү пайда болот. буга Дантенин, Рабленин, Сервантестин чыгармалары ачык күбө. Булардын чыгармалары мазмуну, формасы жагынан баатырдык эпостон кескин айырмаланат. Эми роман-эпопеялар жаралат. Жаңы доорго мүнөздүү чыгармалар.

Кыргыздарда «Манас» эпосу мурункудай өнүкпөй басаң тартып калат, эпосту айткан таланттуулар да азаят. Ошентип, улуу таланттардын-айтуучулардын мезгили, доору өтөт да, башкалардын доору, мезгили башталат. Белгилүү окумуштуулар Р.Кыдырбаева менен К.Асаналиев өзүлөрүнүн сөздүгүндө айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө токтолушуп минтип бир туура, баалуу пикир айтышат: «Токтогул менен Жеңижоктун, Сагымбай менен Саякбайдын заманы өткөн доор. Эми Токомбаев менен Сыдыкбековдря'ed, Осмонов м_нен Айтматовдун доору келет». Андан ары белгилүү учурга чейин алар жанаша жашарын, бири бирин уларын айтып, айтуучунун табиятында орошон өзгөрүүлөр болорун айтат. Эми жазгыч айтуучулар-манасчылар чыгаарын, б.а. «айтуучунун», «манасчынын» жаңы тиби жаралат дешет. Мисал катары Ж.Мамайды, Т.Молдону, Ы.Абдрахмановду келтиришет.

Поэма-эпикалык же лирикалык мүнөздөгү көп бөлүктүү чыгарма. Поэма боюнча бир беткей так пикир жок. Анткени поэма турмушту эпикалык ыкмада чагылдырат, лирикалык поэмада сюжет жок, ошондой эле драмалык поэма бар (окуя диалог формасында өнүгөт). Поэма гректин жаратам деген сөзүнөн алынган.

Поэма классикалык эпопеянын жана баатырдык эпостун түздөн-түз уландысы - «Манас», «Илиада», «Песня о Роланде», «Игорь кошу жөнүндө сөз» өңдүү баатырдык эпостордун айрым элементтерин камтыйт. Поэмада эпоско мүнөздүү белгилер-окуялуулук, кеңири сюжеттүүлүк, баяндоочунун же аңгемечинин болушу ж.б. бар. Европада поэма кайра жаралуу доорунда өнүгө баштайт. Бул мезгилде чиркөөнүн идеологиясында кризис башталат, буржуазиялык мамилелер калыптанат. Мына ушуга байланыштуу адамга анын ой-сезимине кызыгуу күч алат. Поэманын каарманы аскер башчы, падыша эмес адам, анын адамдык кызыгуулары. Эгер мамлекеттик ишмерлер каарман болсо, алар да жөнөкөй адамдар катары сүрөттөлөт.

Классицизм доорунда Батыш Европада комедиянын элементтерин камтыган поэмалар кеңири тарайт. Турмуштук жөнөкөй кубулуштар көтөрүңкү тил менен бөтөнчө баяндалганын көрөбүз.

Поэманын гүлдөгөн мезгили-бул романтизм доору. Поэманын предмети ички дүйнөсү же граждандык турмушу менен ачылган, феодалдык шарттардан же буржуазиялык коомдун адам чыдагыс факторлору менен күрөштө калыптанган каарман сүрөттөлөт. Поэмада сын ачык байкалат, бирок анын негизги пафосу-адам сезимдеринин сулуулугунун., ишмердигин даңазалоо.

Белинский минтип жазат: «Поэма идеалдуу турмушту сүрөттөйт жана турмуштук бийик учурларын камтыйт». Байрондун, Пушкиндин поэмалары мына ушундай. Тескерисинче роман жана повесть ыр же проза менен жазылгандыгына карабастан, турмушту толук мүнөздө сүрөттөйт. Ырас, поэмада терс көрүнүштөр да орун алышы ыктымал. Поэманын каарманы коомдук турмуш менен карама-каршылыкта, т.а. белгилүү социалдык мамилелерде сүрөттөлөт.

Советтик адабиятта поэма ачык эпопеялык мүнөздө болот. Д.М.Бедныйдын «Главная улица» - «Негизги көчө», Маяковскийдин «Жакшы» поэмалары. Эпопеядагы конфликтиге караганда поэмадагы конфликт чакан мүнөзгө ээ. Поэмада айрым адамдардын тагдырына байланыштуу маселелер сүрөттөлөт, бирок жалпы адамзаттык мааниге ээ (сүйүүнүн, достуктун, социалдык эркиндиктин ж.б.у.с. проблемалары). Турмуштун адамга жат формасын жокко чыгарат, ошону менен бирге жакшылыкка кызмат этет.

Поэма романтизм доорунда жаралган дедик. Бирок романтизмдин элементтери реалисттик чыгармалардан да орун алган. Байрон, Шелли, Пушкин, Лермантовдун тышкары, Некрасов да поэма жанрына кеңири кайрылгандыгын көрөбүз. Некрасов поэмага материалды өткөн мифологиялык доордон издебейт, мактоого татыктуу көрүнүштөрдү коомдун өзүнөн табат (сүргүндө жүргөн декабристтердин аялдарынын эрктүүлүгү, орус дыйкандарынын аялдарынын сулуулугу). Советтик акындар өзүлөрүнүн чыгармаларында турмушту өзгөрткөн жаңы адамды жана жаңы турмушту даңазалайт.

Драмалык поэмаларда эпикалык башталыш күчтүү. Ошондой эле драмага тийиштүү болгон мүнөздөрүнүн күрөшү жок. Бөтөнчө адамдын ой-сезимдеринин даңктоодо жазуучулар драмалык поэмага кайрылышат. Бул бөтөнчө Агартуу доорунун адабиятына мүнөздүү. Драмалык поэманын алгачкы үлгүсү-бул Лессингдин «Натан мудрый» («Акылман Натан» 1779). Автор өзү бул поэманы «драмалык ыр» деп атаган. Чыгармада мүнөздөр карама-каршы коюлбайт, чыгарма идеялардын кагылышууларына негизделет. Пьеса бүтүндөй диспутту элестетет. Ал эми акылман Натан Лессингдин өзүнүн гуманисттик көз карашын билдирет.

Европалык адабиятта драмалык поэмалардын гүлдөгөн мезгили романтизмдин жеңишине туш келет. Революциячыл романтиктердин чыгармачылыгында бул форма бөтөнчө кеңири жайылгандыгын көрөбүз. Агартуучулардай эле булар да өзүлөрүнүн коомдук-саясий көз караштарын пропагандалоого пайдаланышкан. Ошондуктан өзүлөрүнүн идеяларын жылмалап бериш үчүн өткөнгө, мифке, уламыштарга кайрылышкан. Байрондун драмалык поэмалары «Жомоктук» колоритке ээ («Манфренд», «Каин», «Асман жана Жер»), ошондой эле Шеллинин «Бошонгон ПРометейи». Өткөн тарыхый доорго кайрылышкан авторлор А.Блок («Роза жана крест»), Есенин («Пугачев»). Драмалык поэма, адетте, кайраттуу, акылдуу адамдын трагедиялуу тагдыры жөнүндө баяндайт да, тематикасы боюнча трагедияга жакындайт. Кеңири көркөм жалпылоо жасап, өткөндөн бүгүнкү күн үчүн сабак алат. Өткөн тарыхка, уламышка кайрылып конкреттүү, өз мезгилинин максатын көздөйт. Романтикалык багыттагы драмалык поэмада бири-биринин мүнөздөрү карама-каршы коюлбайт, көз караштын ар түрдүү типтери карама-каршы коюлат. Шеллиде деспотизм идеясына каршы Прометей турат, ага каршы анын бийлиги турат. Байрондун Каини эркин сын ойлордун жактоочусу болуп берилет. Кудайга, кулдук моралга каршы Прометейда, Каинда душмандары менен түздөн-түз кагылышпайт, өзүлөрүнүн көз караштарын гумандуу монологдорунда билдиришет.

Адабиятта лирикалык поэма кеңири тарагандыгы белгилүү. Сүрөттөөнүн предмети турмуш, белгилүү окуя, бирок ал өз алдынча өнүкпөйт, ал жөнүндө автор баяндайт (өзүнүн түшүнүгү боюнча). Твардовскийдин «Мейкинден мейкинге» аттуу поэмасы ушундай мүнөзгө ээ. Бул акындын жол жүргөн мезгилдеги

таасирлеринин күндөлүгү (Волга, Урал, Сибирь, Ыраакы Чыгыш, Россиянын тагдыры жөнүндө ой толгоолору).

Эпикалык жана лирикалык поэма таза түрүндө сейрек учурайт. Айрым чыгармаларды эпикалык, башкаларда башка белгилер өкүм сүрөт. Лиро-эпикалык поэманын мыкты үлгүсү- бул Байрондун «Чайльд-Гарольду»-поэма жол жүргөндөгү таасирлердин күндөлүгү (Португалия, Испания, Греция боюнча). Испандыктардын Наполеондун чабуулуна каршы патриоттук күрөшү да бар. Европа элдеринин үрп-адатын, турмушун да сүрөттөйт. Поэма эпикалык мазмунга бай. Ошону менен бирге автор сүрөттөлгөн көрүнүштөргө баа берет.

Пушкиндин «Кавказ туткунунда» лиро-эпикалык мүнөзгө ээ болуу менен тарыхый сүрөттөөлөр жок. Туткун коомго наразы жана жалгыз. Пушкин XIX кылымдын 20-жылдарындагы жаштардын ой-толгоолорун берүүгө умтулган. Ырас, Кавказдын жаратылышы, тоолуктардын турмушу бар. Рылеевдин «Войнеровский» аттуу поэмасы да ушундай мүнөздө. Украинанын көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн, активдүү каарман сүрөттөлөт.

Орустун лиро-эпикалык поэмасынын чокусу болгон Лермонтовдун «Мцыри». Поэманын каарманы-эркиндиктин пафосу, кайраттуу адам. Кырдаал менен келишпес каарман. Ал эркиндикке күчтүү умтулат, монастырдын камоосунан качат. Мцырыны баянында лирикалык кыялдануу күчтүү, эпикалык башталыш Кавказ жаратылышын, барс менен кармашууну, грузинка менен кезигүүнү сүрөттөөлөрүндө бөтөнчө байкалат.

Некросовдун «Мороз Красный нос», «Коробейники», Маяковскийдин «Согуш жана тынчтык», «Владимир Ильич Ленин». Блоктун «Он эки», Есениндин «Ана Снегина» поэмаларында лиро-эпикалык поэмалардын мыкты тажрыйбалары андан ары өнүктүрүлгөн. Кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларында эпикалык салт өтө күчтүү. Ошону менен бирге эле лирикалык элементтери жок эмес. Мисалы, «Ак Мөөр», «Аксаткын менен Кулмурза».

Поэма баатырдык эпостун уландысы катары өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. баатырдык эпостун айрым белгилерин камтыйт. Ошону менен бирге эле эпостун, лириканын элементтерин, белгилерин өзүнө сиңиргенин көрөбүз. Мына ушул жагынан поэманы лтиро-эпикалык поэма деп атоо өтө

туура, негиздүү. Кыргыздын элдик поэмалары ар түрдүү темада өтө кеңири тараган эпикалык чыгарманын бир түрү. Тилекке каршы, элдик поэмалар жөнүндө такталган, илимий жагынан негиздүү бир пикир жок. Айрымдарын эпос десе, дагы башкаларын ар түрдүү атап келүүдө. «Саринжи Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» өңдүү чыгармаларды эпос атабай, лиро-эпикалык поэма деп атаса туура болот. Аткени бул чыгармаларда эпикалык жана лирикалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү кеңири камтылган. Ч.Айтматов «Олжобай менен Кишимжан» болсо лирикалык поэма, даркан талаанын өзүнчө эле бир «Ромео менен Джульеттасы» деп жогору баалайт. Ал эми «Олжобай менен Кишимжанды» лиро-эпикалык эпос деп жүрүшөт.

«Ак мактым», «Кулмырза менен Аксаткын», «Кыз Дарыйка», «Боз жигит», казактардын «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу» өңдүү чыгармалары лиро-эпикалык «Тайлак баатыр», «Балбай», «Шырдак» өңдүү элдик эпикалык чыгармаларды баатырдык поэма деп атоо керек. Бул чыгармалар баатырдык эпостун деңгээлине чейин өсүп жеткен эмес. Бирок чыгарманын негизги идеялык мазмунун баатырдык окуялар аныктайт.

Кыргыз совет адабиятында алгачкылардан болуп поэма жараткан М.Токобаев. анын «Өмүркул менен Гульнар» (1927) поэмасы алдыңкы жаштардын турмушу, өз укугун чечкиндүү коргогон Гулнар кыздын образы бир кыйла жеткилең сүрөттөлгөн. А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы» (1926), К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» (1925) поэмалары өз мезгили үчүн оригиналдуу чыгармалардан болгон. Бөтөнчө К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы көркөмдүгү бийик, эстетикалык баалуулугу менен кыргыз адабиятынын тарыхында өзүнүн олуттуу орду бар, өзгөчө поэтикалык чыгарма.

Улуу Ата Мекендик согуш бир катар поэмалардын жаралышына чоң себеп болду. Ж.Турусбековдун «Каракчынын трагедиясы» А.Осмоновдун «Махабат», «Майдын түнү», Ж.Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар намыс» ж.б. согуш темасына арналып жазылган чыгармалар.

А.Осмоновдун поэмалары ар кыл темада, көркөмдүгү бийик, өзгөчө жогорку баага татыктуу. Акын элдик оозеки адабияттын мазмунуна кайрылып бир топ мыкты поэмаларды жараткан. «Толубай сынчы» поэмасында элдик мурас чыгармачылык менен

чебер иштелген. «Ак Саткын менен Кулмырза» поэмасы жөнүндө да ушундай эле баалуу пикир айтса болот.

А.Токомбаев өткөн кылымдын 50-60-жылдары жемиштүү эмгектенип ар кыл темада жазылган оригиналдуу поэмаларды жараткан. Алар: «Майлыбай», «Менин метрикам», «Өз көзүм менен», «Комуз күүсү».

Кыргыз адабиятынын тарыхый поэмалар да аз эмес. Буга К.Маликовдун «Балбай», А.Токтомушевдин «Ак Мөөр», Т.Үмөталиевдин «Баатыр» ж.б.

Поэма жанрын жаңы көркөм табылгалар менен байыткан чоң акын С.Эралиев. акындын «Ак Мөөр» поэмасы кыргыз адабиятынын тарыхында өзгөчө көркөм көрүнүш болду. Бул чыгармада С.Эралиев өзүн чебер сүрөткер, чоң талант экендигин айкын көрсөттү. Акындын «Жаңыл Мырзанын керээзи» аттуу поэмасы өзүнүн оригиналдуулугу, бийик көркөмдүгү менен өзгөчө бөлүнүп турат. Ал эми С.Эралиевдин «Өмүрлөргө, жылдыздарга» саякат поэмасы космос темасына арналып жазылган, акындын эркин ыр формасын чебер өздөштүргөнүн ачык күбөсү.

Таланттуу акын Ж.Садыков ар кыл темада жазылган, эпикалык чыгармиалардын өзгөчөлүктөрүн камтыган, кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, көркөмдүгү бийик оригиналдуу поэмалардын автору. Алар «Саякбай», «Унутулгус обондор», «Сагыныч» ж.б.

«Аккан суу» аттуу поэмасында кыргыз жеринин атайын кооздугун, суу адамга өмүр, кубаныч, кайрат-күч берерин таасирдүү, эпикалык мүнөздө көркөм сүрөттөп бере алган.

Акын Жолон Мамытовдун «Жүз жашка тол, кылым», «Даңгырды даңктоо» аттуу публицистикалык мааниййда жазылган поэмаларында өзүнүн акындык поэтикалык ойлорун жеткилең көркөм сүрөттөйт.

## Роман

Роман-баяндоо дегенди билдирет. Алгач роман тилдеринде жазылган чыгармаларды роман деп аташкан. Романда негизинен айрым адамдардын тагдырына бөтөнчө көңүл бурулат да, анын мүнөзүнүн, аң сезиминин калыптанышы, өнүгүшү көрсөтүлөт. Теоретиктердин, бөтөнчө Белинскийдин пикир боюнча роман-

бул жеке турмуштун эпосу. Роман адамдын жеке турмушун жөн гана сүрөттөө менен чектелбейт. Романда жеке инсандын коом жана жаратылыш менен болгон күрөшү баяндалат. Коом менен адамдын ортосундагы тең салмактуулук жоголгон коомдо роман өнүгөт. Роман буржуазиялык коомдо бөтөнчө күч алат. Ошондуктан аны буржуазиялык жанр деп атайт. Инсандык идея романда маанилүү роль ойнойт. Романды биздин замандын романы деп да атап коюшат.

Тематикасы боюнча түрлөрү көп. Сүйүү, үй бүлөлүк, турмуштук, социалдык-саясий, философиялык, тарыхый, биографиялык, фантастикалык, көлөмү боюнча да роман айырмаланат-диалог, трилогия (экилтик, үчилтик) романдардын цикли. Баяндоо ыкмасы боюнча романдар бири биринен айырмаланат. Кат, дневник, диалог түрүндөгү романдар бар. XX кылымдын романы деп да айтышат. Романдын өзгөчөлүгү сюжеттин жыйынтыктуу бүтүшүндө эмес, турмуштук процесстерди сүрөттөө мүнөзүндө. Коомдун бардык жагын кеңири сүрөттөйт, каарман көптөгөн окуяларга катышат, башкы каармандын мүнөзүнүн эволюциясы көрсөтүлөт, 2-катардагы көптөгөн каармандар башкы персонажды курчап турушат.

Роман-чоң эпикалык форма, коом менен кеңири байланышта болгон адамдын жеке турмушу сүрөттөлөт. Роман б.э.ч. байыркы грецияда пайда болгон. Б.э.ч. II-VI кылымда Пелиодордун «Эфиопикасы», Лонгдун «Дафнис и Хлоясы». Булар негизинен үзүндү түрүндө бизге жетти. Байыркы гректердин романдары кызыктуу, чаташкан сюжеттүү мүнөзгө ээ болуп, бир сюжеттик схема менен курулган. Бири бирин сүйүшкөн жигит, кыз күчкө каршылык көрсөтө албай ажырашат. Кеме кыйрайт, жырткычтар кол салат, абака түшөт, кулдукка сатылат, кыздын актыгына кол салат. Кыз, жигит бардык сыноолорду жеңип, туруктуулугун билдиришип, бактылуу баш кошушат. Адам-терс көрүнүшкө, зомбулукка, согушка нравалык гана туруктуулугун көрсөтөт да, реалдуу каршылык көрсөтө алышпайт. Ошондуктан көп чыгармаларга бактылуу бүтүш мүнөздүү көрүнүш. Ошентип байыркы доордо эле романга мүнөздүү ой жүгүртүү бар эле. Турмушту көркөм сүрөттөп, ага баа берүү жеке адамдын көз карашына байланыштуу болот.

Орто кылымда рыцардык роман деген жанр жаралат. Роман бөтөнчө кайра жаралуу доорунда өнүгөт. Эми мифтик күчтөрдүн, чиркөөнүн бийлигинен бошонот, ал адам катары коомдук шарттар менен кеңири байланышта сүрөттөлөт, гуманисттик идея бөтөнчө ачык көрүнөт. Каарман турмуштан өзүнүн ордун күтүлбөгөн кокустуктан таппай, анын акылы, эрки маанилүү роль ойнойт. Кайра жаралуу доорунун адабиятында бүт турмуш адамдын кызыкчылыгына байланыштуу каралат. Роман поэмадан айырмаланып турмуштун бүткүл прозасын, б.а. майда-чүйдөсүнө чейин кеңири сүрөттөйт. Каарман социалдык кырдаалга көз каранды, анын ички дүйнөсү өзгөрөт, өсөт. Роман социалдык тарыхый мазмун менен толукталып, каарман «тагдырдын» күчүн пассивдүү кабыл албайт, жер үстүндө гумантисстик идеалды бекемдөөгө күрөшөт. Буга Сервантестин, Рабленин романдары ачык күбө. Сүйүү жана бөтөнчө окуялуу элемент рыцардык романга да мүнөздүү. Рыцарь сүйүүгө бөтөнчө берилген идеалдуу адам, өзүнүн сүйгөнү үчүн татаал сыноодон өтүүгө даяр. «Тристан жана Изольдада»-сүйүү темасы терең гуманисттик мааниге ээ. Романдын каармандары өз чөйрөсүнүн нормалары менен карама-каршылыкта болушун, алардын сүйүүсү даңазаланат.

Романдын чыныгы гүлдөгөн доору XIX кылым. Анын эң мыкты өкүлдөрү-Стендаль, Бальзак, Диккенс, Гончаров, Тургенов, Достоевский, Толстой. Булар социалдык мамилелерди терең анализдейт, крепостнойлук жана буржуазиялык түзүлүштүн адамга жат экендигин курч сындашат. Алардын көңүлүнүн борборунда драмалык, көп учурда адамдын трагедиялуу тагдыры турат. Баяндоого драматизм, психологизм мүнөздүү. XIX кылымда романды теориялык жактан изилдөө башталат. Роман турмушту универсалдуу сүрөттөөгө мүмкүнчүлүгү чоң. Романист турмуштун бардык сферасын, адамдын трагедиялуу, комедиялуу жактарын сүрөттөп берүүгө күчү бар дейт Шеллинг.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында Батыш адабиятында мыкты сүрөткер Дж.Голсуорси, Г.Манн жана Дж.Лондондун реалисттик романдары коомчулуктун көңүлүн бөтөнчө бурган олуттуу окуя болот.

Пушкиндин «Евгений Онегин», романын, Белинский «Орус турмушунун энциклопедиясы» деп өтө жогору баалайт. Лермонтов, Гончаров, Тургенов өзүлөрүнүн чыгармаларында орус элинин турмушундагы олуттуу көрүнүштөрдүн, «ашык адамдардын» коом менен келишпестигин кеңири сүрөттөшөт. Л.Толстой менен Ф.Достоевский роман жанрынын мыкты үлгүлөрүн жаратышып, XX кылымдын романынын өнүгүшүнө зор салым кошушат.

Совет адабиятында романдын жаңы түрү, роман-эпопея-бул М.Горькийдин «Эне» романы. Романдын идеялык мазмунун аныктаган башкы тема-капиталисттер менен пролетарлардын келишпес күрөшү, революцияга чакыруу. М.Шолоховдун «Тынч Дону», «Көтөрүлгөн дыңы», М.Булгаковдун «Мастер жана Маргарита» аттуу сатиралык-философиялык романы, Леоновдун «Орус токою» өңдүү чыгармалар улуттук кайталангыс мааниге ээ, ошону менен бирге эле дүйнөлүк адабиятты жаңы табылгалар менен байыткан өзгөчө көрүнүштөр.

Кыргыз адабиятында роман жанры XX кылымдын 30-жылдарында пайда болот. Кыргыз адабиятынын тарыхында реалисттик прозанын калыптанышына жана өнүгүшүнө зор салым кошкон таланттуу жазуучу Т.Сыдыкбеков. Жазуучунун «Кең суу», «Темир» романдары кыргыз адабиятында алгач пайда болгон реалисттик чыгармалар.

Демек, Т.Сыдыкбеков кыргыз адабиятынын тарыхында реалисттик романга негиз салган жазуучу «Кең суу» романын кийин толуктап, кайрадан иштеп «Тоо арасында» деген жаңы ат берген. Романда жаңы замандын таасири менен адамдардын аң-сезиминин өзгөрүшү, кыргыз жергесинде коллективдештирүүнүн жүрүшү кеңири, көркөм сүрөттөлөт. Роман жанрына кайрылган дагы бир белгилүү жазуучу-бул Касымалы Жантөшев. Анын «Каныбек» романы өз мезгилинде элге кеңири тараган, окурмандардын калың катмарынын сүйүктүү чыгармасы болгон. Жазуучунун атын элге тааныткан, оригиналдуу жазылган роман эле. «Каныбекти» социалдык-турмуштук роман катары баалап, анда элдик оозеки адабияттын таасири бир кыйла күчтүү деген пикирдин олуттуу негизи бар. Кыргыз адабиятында роман жанрын ар кыл тема менен байыткан жазуучу дагы эле Т.Сыдыкбеков. Анын «Биздин замандын кишилери» СССР

мамлекеттик сыйлыгынын лауераты наамына татыктуу болуп көп тилдерге которулган. «Зайыптар» романын аялдар темасына арнап жазса, «Сыр ачуу» романынын мазмунун студенттердин турмушу түзөт. «Жол» болсо автобиографиялык роман катары бааоанса, «Көк асаба» өткөн тарыхты баяндаган чыгарма. А.Токомбаевдин «Кандуу жылдары» ыр түрүндө жазылган романдын түрүнө кирет. Чыгармада кыргыз элинин 1916-жылкы боштондук күрөшү, Кыргызстанда совет бийлигинин орношу кеңири эпикалык планда сүрөттөлөт. Кыргыз адабиятынын тарыхында Т.Касымбековдун «Сынган кылычы» тарыхый романдын мыкты үлгүсү катары бааланган оригиналдуу чыгарма. Чыгармада негизинен түштүк кыргыздардын турмушу, олуттуу тарыхый окуялар, белгилүү тарыхый инсандардын өмүр жолдору кеңири сүрөттөлгөн. Роман жанрын өнүктүрүүдө улуу жазуучу Ч.Айтматовдун кошкон салымы өтө зор. Анын «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандранын тамгасы» романдары жалпы адамзаттык маанидеги олуттуу проблемаларды көтөргөн өзгөчө чыгармалар.

Повесть-орто формадагы эпикалык чыгарма. Көп учурда повесть романдан же аңгемеден кескин айырмаланбайт. Адамдын тагдыры, турмуш менен болгон мамилеси, «Баягы эле роман, бирок көлөмү чакан» (В.Г.Белинский). Повесттин өзгөчөлүктөрү автобиографиялык чыгармаларда бөтөнчө ачылат. Мисалы, буга Л.Толстойдун, М.Горькийдин, М.Элебаевдин «Узак жол», А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат» автобиографиялык повесттери ачык күбө. Аталган повесттерде турмушта болгон окуялар орун алгандыгын көрөбүз, бирок эпикалуу, окуянын жай өнүгүшү өңдүү белгилер повесттин сөзсүз зарыл белгилери эмес. Айрым повесттерде драматизм, курч карама-каршылык мүнөздүү. Бул белгилер аны романга жакындатат. Мисалы, Гоголдун повесттеринде («Невский проспект», «Шинель») крепостнойлуктун шарттарында жашаган бечара адамдын азап тозогу, трагедиялуу тагдыры ачылат. Ушундай эле мүнөзгө Достоевскийдин повесттери ээ («Двойник», «Хозяйка»). Булар «Кичине романдар» деп аталууга толук укуктуу.

Советтик адабиятта повесть маанилүү орунга ээ. Паустовскийдин «Кара-Бугаз», «Колхида», Ч.Айтматовдун

«Жамийла», «Бетме-бет», «Жаныбарым Гүлсары» ж.б. мыкты повесттери жалпыга белгилүү. Өзгөчө түр катары ыр формасындагы повесть да болушу мүмкүн. Адабияттын теориясында повесть орто эпикалык түр деп аталып жүрөт. Демек, роман прозанын чоң формасы. Мындай атоо көлөмүнө, окуяларды камтуу, сюжети, композициясы, образдар системасына байланыштуу айтылса керек. Аңгеме болсо каармандын турмушу, бир окуяны сүрөттөсө, повесть бир катар окуяларды, роман каармандын турмушун толук же коомду толук сүрөттөйт. Эпикалык прозанын эки башка тиби бар. Бирине аңгеме жана повесть кирсе, экинчисине новелла менен роман кирет. Биринчи тип байыркы эпикалык традиция менен байланыштуу: экинчиси жаңы адабиятта калыптанууда. Повесть, аңгеменин башаты оозеки традицияга барып такалат. Роман менен новелла жазма жанрга жатат. Бирок мындан повесть менен роман жакындыгы жок жанр деген жыйынтык болбоого тийиш. сөздүн тар маанисинде повесть менен роман бири биринен кескин айырмаланган ар башка жанрдык формалар. Повесть романга чейинки эпостун айрым белгилерин сактайт. Повесттин структурасында автор, аңгемечи, айтуучуну ролу өзгөчө жандуу, конкреттүү, демек повесть эпикалуу, обьективдүү. Повесттин типтүү таза формасы автобиографиялык мүнөздөгү чыгармалар. Романтикалуу повесть жана новеллалуу аңгемелер бар. «Кичине роман» жана «чоң роман» деп атоо да сейрек көрүнүш эмес. Ошондой эле чоң, кичине повесть деп айтуу да жөндүү. Повестте бөтөнчө зор роль ойногон-бул автордун, же аңгемечинин үнү. XX кылымдын орто ченинде повесть жанры адабиятта өзгөчө көрүнүш болуп калды. 60-жылдары кыргыз адабиятында Ч.Айтматовдун повесттери өзүнчө үлгүгө айланат.

Кыргыз адабиятынын тарыхында, проза жанрында алгачкы пайда болгон көлөмдүү чыгарма-бул С.Карачевдин «Эрксиз күндөрдө» аттуу повести. Чыгармада өткөн доордогу кыргыз аялдарынын теңсиздиги, укуксуздугу сүрөттөлөт. Жыпар аттуу кыздын төртүнчү аялы болуп Мамырбай аттуу байга сатылышы, трагедиялуу өлүмү баяндалат. Баялиновдун «Ажар» повести жазуучунун өзү көргөн, өз башынан өткөргөн реалдуу турмушту бир кыйла көркөм, жеткилең сүрөттөп берген чыгарма. М.Элебаевдин «Узак жол» повети автобиографиялык көркөм

чыгарманын алгачкы мыкты үлгүсү, чыгармада 1916-жылкы көтөрүлүштө бир үйбүлөнүн татаал турмушу аркылуу бир кыйла кеңири сүрөттөлөт.

Повесть жанры тематикасы боюнча өтө бай, ар кыл мүнөзгө ээ. Ч.Айтматовдун повесттери кыргыз адабиятынын тарыхында гана эмес, жалпы советтик адабияттын тарыхында өзгөчө көркөм, эстетикалык баалуулугу бийик чыгармалардан болду. Жазуучунун «Жамийласы» лирикалык повестин мыкты үлгүсү катары өзгөчө жогору баага татыктуу болуп, дүйнө элдеринин сүймөнчүлүгүнө ээ болбодубу. Л.Арагон повести француз тилине которуп, «Жамийланы», «Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян» деп баалаган. «Бетме-бет» повести бийик көркөм чеберчиликте жазылган чыгарма. «Биринчи мугалим» повети элдин билимге болгон умтулуусун өзгөчө таасирдүү сүрөттөгөн, күчтүү драматизмге толгон оригиналдуу, өзгөчө көрүнүш. Ал эми Ч.Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым», «Бото көз», «Ак кеме» повесттеринде доордун өзгөчө көйгөйлүү маселелери адам, адамкерчилик, нравалык маселелер чоң чеберчилик менен бийик көркөмдүктө чечилген.

Аңгеме-чакан эпикалык форма. Аңгеменин көлөмү чакан, повестке караганда жеке адамдын турмушундагы бир окуя сүрөттөлөт, көп учурда анын мүнөзүндөгү бир белги ачылат. Чехов «Кутудагы адам» аңгемесиндеги Беликовдун аң-сезиминдеги консерватизм, бардык жаңы нерсеге карата болгон коркунучу («бир нерсе болуп кетпесин», «титиреп жашап», «титиреп өлгөн»). Бир окуялуу, бир проблемалуу-бул аңгеменин эң негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү. Аңгеме жазуучудан чоң чеберчиликти талап этет, аз сөз менен көп нерсени билдирүүгө тийиш. К.Симонов жапан жазуучусу Такакура Тэручун «Чочконун ыры» аттуу аңгемеси жөнүндө минтип жазат: «Андай болушу мүмкүн эмес, бул аңгеме болгону 12 беттен турат. Жапан кыштагынын он жылдан ашуун турмушу, бир нече адамдардын тагдыры, жапанга мүнөздүү болгон 40-50-жылдар биздин көз алдыбыздан өтөт».

Аңгемечи көңүлдү эң негизги маселеге буруп, башка маанилүү эмес көрүнүштөр алынып ташталат. Аңгемеде деталь бөтөнчө зор роль ойнойт, ал типтештирүүнүн эң негизги каражаты. Мисалы, Чеховдун «Кутудагы адам» аңгемесинде,

Беликовдун «чатыры» жана «калоши» анын «кутулугун» мүнөздөйт. Аңгемеде баяндоо бир түйүнгө топтолот да, чыгарманын бүткөн көрүнүш катары таасир этишине шарт түзөт. Аңгеме бир гана окуп кетүүгө, бөлбөй кабыл алууга эсептелген. Ошентип, аңгеменин чакан көлөмү формалдуу белги эмес, анын мазмундуулугун, жыйынтыктуулугун, көркөмдүгүн көрсөткөн олуттуу көрүнүш. Аңгеме эпикалык адабияттын чакан түрү. Ыр менен жазылган аңгемелер да бар. Көр учурларда аңгеме деп көлөмү анча чоң эмес баяндоо түрүндөгү чыгарманы айтышат. Аңгемеде баяндоо жай эпикалык мүнөздө жүрүп, өнүккөн сюжет болот. аңгемеге баяндоо мүнөздүү болгондуктан, аңгемечинин баяны оозеки айтылгандай таасир калтырат. И.Тургеновдун «Аңчынын эжазмалары» аттуу аңгемесинде автор аңгемечи, ошондой эле окуяга катышкан адам катары сүрөттөлөт. Демек, аңгемеде автордун образы бар. «Аңгеме» деген термин кеңири мааниде да колдонулат. Жалпы эле эпикалык прозанын чакан түрү катары «Аңгеме» деген термин байыркы замандан тартып эле чакан проза түрүндөгү эпикалык чыгармаларга карата айтылып келген. Эпикалык чыгармалардын ичинен повесть, аңгеме, роман, новеллага караганда мурда жаралган түрлөр. Мисалы, кыргыз элинин оозеки эпикалык чыгармаларында баяндоо, сюжеттин жандуу өнүгүшү «Манас» эпосунан тартып чакан жөө жомокторго чейин кеңири тарап, бекем салтка айланган көрүнүш. Алардын баары сюжеттүү, анда баяндап бере турган аңгемечи бар. Демек, кыргыздын элдик эпикалык чыгармаларында аңгеме менен повесттин элементтери, белгилери арбын учурайт.

Кыргыз адабиятында 30-жылдары аңгеме жанрынын тематикасы бир кыйла байып, жаңы түрлөрү жарала баштаганы ачык байкалат. Чакан мазмундагы сатиралык аңгемелерди белгилүү куудул Шаршен оозеки аткарып жүрүп, кийин өзүнчө китеп жазып чыгарат.

Кыргыз адабиятынын тарыхында 1919-1920-жылдары биринчи болуп С.Карачев бир катар аңгемелерди жараткан. Алар «Үйлөнүүдөн качты», «Армандуу эки жаш», «Ысыккөл боюнда», «Эрик таңында» ж.б. Ал мезгилде аялдар темасына кайрылуу арбын учурап, өзүнчө салттык көрүнүш болгон. С.Карачевдин «Эрик таңында» аңгемеси айрым мүчүлүштөрүнө карабастан,

ошол мезгил үчүн актуалдуу темада жазылган түзүк көркөм чыгарма. 1924-жылы К.Тыныстановдун «Мариям менен көл боюнда» аттуу аңгемесинде Октябрь революциясына чейинки кыргыз элинин турмушундагы аялдардын тең укукка ээ болбогондугу сүрөттөлөт. К.Баялинов 1925-жылы «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» аттуу элдик жомоктун сюжетинин негизинде жазылган чакан мазмундагы көркөм жазылган аңгемелерин жаратат.

Согуш мезгилинде К.Жантөшевдин «Чолпонбай» аттуу документалдуу аңгемеси, Ж.Турусбековдун «Айласыз кезигүү» аңгеме-этюду, К.Баялиновдун «Ал эми жетим эмес» аңгемеси негизинен согуш турмушу жөнүндө баяндалат.

Ч.Айтматовдун «Ашым», «Гезитчи Дзюйо», «Ак жаан», «Түнкү сугат» өңдүү аңгемелери 1950-жылдары жарык көрөт. Кыргыз адабиятынын тарыхында аңгеме жанрын жаңы көркөм табылгалар менен байытып, өркүндөткөн таланттуу жазуучу Аман Саспаев. Жазуучунун «Татым туз», «Сарала ит», «Каныкейдин алтын билериги» ж.б. аңгемелери олуттуу темада жазылган оригиналдуу, көркөмдүгү бийик мыкты чыгармалар. А.Саспаевдин жогоруда аталган чыгармалары аңгеме жанрынын мыкты үлгүлөрү катары жогору баага татыктуу өзгөчө көрүнүш.

Новелла-италиялыктардын тилинен алынган бизче жаңылык деген маанини билгизет. Новеллага фантастикалык окуя да жат эмес. Новелланын мазмунунда кыймыл-аракет жандуу, курч болуп, психологиялык драматизм басымдуу мүнөзгө ээ болот. новелланын мыкты үлгүлөрүн француз жазуучусу Мопассан, орус адабиятында Чехов жаратышкан.

Кыргыз адабиятында новеллага мазмуну жагынан жакын чыгармалар А.Токомбаевдин «Өлүм кимди коркутпайт», Т.Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы», Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» ж.б.

Новелла-чакан эпикалык формага кирет. Аңгемеден кескин айырмаланбайт. Новелла кайра жаралуу доорунда пайда болот. новелланын сюжети күлкүчакыра турган материалдардын негизинде курулат. Ырас, мүнөздөрдүн психологиясы анча терең эмес. Мисалы, Боккачонун «Декомеронунда» каарман адатта, сүйүүдөн ырахат алган, трагедиялык кырдаалда сейрек болгон ички ой-толгоосу бай болуп сүрөттөлөт, дайыма кыймылда болот.

Новелланын негизинде жеке адамдын турмушундагы бөтөнчө окуя же күтүлбөгөн жерден чечилген курч учур сүрөттөлөт. Мына ушул жагы менен ал аңгемеден айырмаланат. Новеллист күнүмдүк турмушту, тарыхый этнографиялык көрүнүштөрдү аңгеме сыяктуу төкпөй-чачпай баяндап бербейт. Новелланын сюжети динамикалуу, күтүлбөгөн курч сюжеттик бурулуштар, чечилиштер да новеллага мүнөздүү. Бөтөнчө күтүлбөгөн кызыктуу элементтер новелланын сюжеттеринде бар. Новеллалык ачык сюжеттин мыкты үлгүсү-бул Боккачонун «Декамеронундагы» беш күндөгү 9 новелла. Новеллада жарды рыцарь өзүнүн сүйгөн аялын сыйлап, шумкарын союп бышырып даскорконго коет. Аял болсо өзүнүн оорулуу уулу үчүн шумкарды сурап келген болот. Бул жерде сюжеттин күтүлбөгөн бурулушу-бул рыцардын өзгөчөлүгү, анын сүйүүсү. Пушкиндин «Повести Белкина» аттуу чыгармасы романтикалуу новеллага кирет. Новелланын каарманынын мүнөзү коомдук-саясий шартта эмес, моралдык маңызда ачылат.

Романтиктер да новеллага кеңири кайрылышат. Каарман акылдуу, бирок буюмдар өкүм сүргөн, ак сөөктөрдүн турмуш шарттарына баш ийген кырдаалда жашайт: (Гофмандын «Алтын карапа», Гоголдун «Вечера на хуторе близ Диканьки»). Сын реализм доорунда новелла мурункудай өнүкпөй калат. Француз жазуучусу Мериме, ырас, новеллага кайрылат. Анын новеллалары драматизм, психологизм, социалдык изилдөө багыты менен айырмаланат. Мисалы, Мопассандын «Пышка», «В порту», Т.Манндын «Смерть Венеции» өңдүү новеллалары да ошондой мүнөзгө ээ.

Очерк-так аныктамага туура келбеген түр. Очерк-көркөм прозанын бир жанры. Башка эпикалык чыгармалардай эле очеркке баяндоо мүнөздүү, сюжеттүү болот. алгач очерк жанр катары батыш Европада Агартуу доорунда өзгөчө орунга ээ болот. англиянын белгилүү реалист жазуучулары Диккенс, Теккерей өзүлөрүнүн адабий ишмерлигин очерк жазуудан башташкан. Франциянын улуу жазуучусу Бальзакда очерк жанрына көп кайрылган. Документализм, фактографизм, фотографизм, универсализм-очерктин мүнөздүү белгилери. Мисалы, белгилүү орус жазуучусу Гончаровдун «Фрегат, Паллада» аттуу очеркинде документализм күчтүү, бирок

публицистикалык касиети анча эмеес. Ал эми Г.Успенскийдин «Власть земли», Горькийдин «По Руси» аттуу очерктеринде көркөмдүк жагы күчтүү, ойдон чыгарылган каармандар бар. Ырас, очеркте факт маанилүү роль ойнойт. Бирок Горький айткандай факт али толук чындык эмес, ал чийки гана материал. Андан искусствонун нак чындыгын жаратыш керек. Горькийдин пикири боюнча очеркист ойдон чыгарып, апыртып сүрөттөп очерк жаратууга укугу бар. Демек, көркөм очерктерди жазууга укуктуу. Очерктин мазмунуна жараша «Жол очерктери», «Эскиздер», «Портреттер», «Сүрөттөөлөр» ж.б. түрлөрү бар. Очерктин сүрөттөгөн предмети анын өзгөчөлүгүн аныктайт. Ошондой эле универсализм очерке бөтөнчө мүнөздүү. Очерк турмуштун бардык кубулуштарына кайрылат. Турмуштун тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү этабындагы нравалык, саясий, экономикалык, социалдык картинаны баяндап берет. Жаратылыштын кубулуштарын сүрөттөйт, эмгек адамдарынын, илим менен искусствонун, саясий ишмерлеринин портретин түзүшөт. Бирок очеркте турмуштун толук көрүнүшү көркөм баяндалат деген түшүнүк чыкпоого тийиш. Очеркте турмуштун айрым бир көрүнүшү сүрөттөлөт. Ошондой болсо да очерк турмуштун тышкы көрүнүшүн толук камтыйт. Бул жагынан очерк менен эч бир баяндоо жанры тең келе албайт. Ушул өзгөчөлүгүн эске алып очерктин турмушту сүрөттөөдөгү мамилелери да бөтөнчө. Очеркист романисттен, аңгемечиден айырмаланып, адамдын тагдырын, өмүрүн изилдебейт, аны коомдук турмуш кызыктырат (саясий, моралдык, экономикалык) баяндоо бөтөнчө толкундуу, сүрөттөгөн көрүнүштөргө баа берүү публицистикалык курч мүнөзгө ээ болот. Ырас, очерк адамдын өзүнө да түздөн-түз кайрылат. Бирок адам өз алдынча өнүккөн коомдук, тарыхый процесстин бир бөлүгү катары берилет. Очеркке анализ, синтез мүнөздүү. Өзүнүн формасы боюнча публицистикалуу, беллетристикалуу, лирикалуу болушу мүмкүн, бирок максаты бир. Турмуштун обьективдүү сүрөтүн берүү, маанилүү кубулуштарына көңүл буруу, жаңыны колдоо, прогресске тоскоол болгонду сыноо. Очеркте беллетристика менен илимий изилдөөнүн элементтери да бар. Ушуга карап аны синтетикалуу жанр деп да аташат. Очеркте аңгемечи бар, экинчиден, обьективдүү дүйнөнүн абалын ачып берүүнү көздөйт.

Ошондуктан ал эпикалык урукка таандык, бирок очерктин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Романда аңгемеде мазмун мүнөздөрдяя92026 үяя5210233н катнаштарында ачылат, алар сюжеттин кыймылын аныктайт. Бул жагынан очерк субьективдүү. Анткени очеркте автордук башталыш күчтүү. Очеркист баяндоону өзү алпарат. Зарыл идеяны билдирген материалды ал өзү тандап алат. Очерк көлөмү жагынан ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, Г.Успенскийдин «Четверть лоүади», ошондой эле Карамзиндин «Орус саякатчысынын каттары», «Радүевдин «Петербургдан Москвага саякат», Мерсьенин көп томдуу «Париждин картиналары» аттуу очерктери өз убагында дүйнөгө белгилүү болгон. Көлөмүнөн карап буларды роман деп атоо туура эмес. Анткени романдын принцибинде турмушту сүрөттөп берүү жок. Мындай очерктерди китептер, циклдер деп атоо туура болот.

Турмуштун аз изилденген кубулуштарына көңүл бурган очерктер Россияда XIX кылымдын 40-жылдарында пайда болот. Мындай очерктерге Некрасов редакциялаган «Физиология Петербурга» аттуу жыйнак кирет. Орус адабиятында очерктин мыкты үлгүлөрүн Г.Успенский жараткан. Советтик адабиятта Пришвин, Шагинян, Паустовский өңдүү жазуучулар мыкты очерктерди жазышкан.

Кыргыз адабиятынын тарыхында очерк жанры 30-жылдары жанданып, аздыр-көптүр өнүгүү жолуна түшөт. Ырас, очерк жазуу аракети 20-жылы эле башталат. А.Токомбаевдин «Биз балапан кездерде», «Ашырбай», Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогулдун өмүрү» биографиялык очерк катары бир кыйла дурус жазылган. Кыргыз акын, жазуучуларынын дээрлик көпчүлүктөрү эле очерк жазышкан. Белгилүү жазуучу Саткын Сасыкбаев көп сандаган, ар түрдүү темада жазылган очерктердин автору. Ч.Айтматовдун «Манас атанын ак кар, көк муз», «Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген», «Таалайга бүткөн улуу бийчи» ж.б. очерктери бул жанрдын мыкты үлгүлөрү катары өтө бийик баага татыктуу.

Тамсил-дидактикалык максатты көздөгөн ыр түрүндөгү аңгеме. Тамсилчи тигил же бул кемчиликти аллегориялык формада сүрөттөп, акыл-насаатты көздөгөн максатка жетет. Моралдык жана социалдык жамандыкты алып жүргөндөр

айбандардын образы аркылуу берилет. Арстан-мансапкор, түлкү-куу, эшек-акылсыз, аюу-аңкоо ж.б. Ошентип тамсил турмуштун терс көрүнүштөрүн өтмө мааниде сүрөттөп берет. Адатта, тамсил эки бөлүктөн турат: сюжет-баяндоо, каармандар аракеттенген чөйрө, акыл-нассат, жыйынтык. Бирок тамсил жанрына мындай структура сөзсүз эмес. Көптөгөн тамсилдерде акыл-насаат жыйынтык берилбейт. Бирок андагы акыл-насаат ачык байкалып турат. Тамсилчи окуяны баяндап берүү менен бирге түшүндүрмө берет, көп учурда тигил же бул каармандын атынан сүйлөйт.

Тамсил байыркы доордо эле жаралгандыгы белгилүү. Биринчи белгилүү тамсилчи Эзоп (б.з.ч. VI к.) өз чыгармаларын проза түрүндө жазган. Тамсилге байыркы индиялык адабияттын үлгүсү-«Шастра» жакын; акыл-нассат түрүндөгү тарых, адамдын мүнөзүндөгү кемчиликтерди оңдоону көздөйт. Мына ушундай аңгемелердин алгачкы жыйнагы-белгилүү «Панчатантра». «Панчатантра («Беш китеп») б.э.ч. III же IV кылымдарда жазылган. Ыр түрүндөгү тамсилдердин биринчи үлгүлөрүн байыркы Римдин акыны Федр (б.э.I к.). Сюжети жагынан Эзопту көп кайталайт. Агартуу доорунда акыл-насаат бөтөнчө ачык берилген кара сөз түрүндөгү тамсилди Лессинг жазган.

Тамсил жанрынын тарыхында бөтөнчө орун француз жазуучусу Лафонтендин чыгармачылыгына таандык. (1621-1695). Анын чыгармалары классицизмдин адабий багыты менен байланыштуу болгон. Лафонтен тамсилдин баяндоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, ага реалисттик белги берген, граждандык мазмун менен байыткан, феодалдык-монорхиялык коомдун кемчиликтери менен күрөшкөн каражатка айландырат. Лафонтендин жетишкендиктерин андан ары улаткан орус тамсилчилери Дмитриев, Хеминцер бөтөнчө Крылов болду. Крылов тамсилди чыныгы көркөм чыгарманын деңгээлине көтөрдү. Көркөм элдик тил, жалын чачкан юмор Крыловдун тамсилин макал-ылакапка айландырган.

Октябрь революциясына чейин жана андан кийин Д.Бедный (1883-1945) тамсил жазат. Анын тамсилдери-курч сатира болуп эскинин калдыгына каршы күрөшөт, жаңынын жеңишине бекем ишенет. («Карнет и рожок», «Молодняк»), жаңы мазмун менен байытат. Тамсилди совет адабиятында андан ары өнүктүргөн (С.Михалков, О.Вишни).

Кыргыз адабиятында тамсил жанрына белгилүү салым кошкон таланттуу акын Райхан Шүкүрбеков, М.Алыбаевдин «Эшек жана ат», «Карга менен сагызган», «Сот болгон коен» ж.б. тамсилдери ар кыл темага арналып жазылган, тамсил жанрынын өзгөчөлүктөрү толук камтылган, көркөмдүгү бийик, оригиналдуу чыгармалардан. Р.Шүкүрбековдун «Карга менен чыйырчык» аттуу тамсилинде бекерпоз, жалкоо, ач көз карганын образы таасирдүү, образдуу көркөм сүрөттөлгөн чыйырчыктын образы аркылуу ак ниет, эмгекчил адамдын образы берилген. Мына ушундай мазмундагы акындын мыкты жаралган тамсилдери арбын.

## Лирикалык чыгармалардын түрлөрү

«Лирика» деген сөз байыркы гректердин лира аттуу музыкалык аспабын билдирет. Лирика драмадан баарыдан мурда сүрөттөө предмети менен айырмаланат. Окуяларды, адамдардын өз ара мамилелерин, жүрүш-турушун кеңири, майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөө лирикада жок. Лирика көбүнесе адамдын ички дүйнөсүн: ой-толгоолорун, сезимдерин, таасирлерин жаратылыштын ажайып коздугун сүрөттөйт. Р.Шүкүрбековдун «Койчунун ити» аттуу ырында жайлоодогу күздүн түнүн, бийик асманды, түнкү суунун шаркыраган жандуу добушун акын ташка тамга баскандай даана, көркөм сүрөттөйт.

Заңгырап түн ичинде бийик аска,
Угумдуу терең сырдуу дабыш менен
Түнөрүп түн койнунда түрү башка
Түнкү суу боюн урат таштан ташка.

Лирикада субьективдүү башталыш күчтүү. Лирикада сөз (кеп) экспрессивдүү милдет аткарат. Белинский «Поэзияны урук түрлөргө бөлүү» (1841) аттуу макаласында өзүнүн теориясын берген. Эпикалык чыгармаларды обьект жөнүндөгү түшүнүк менен байланыштырган. «Эпикалык поэзия көбүнесе обьективдүү поэзия», ал эми «Лирикалык поэзия көбүнесе субьективдүү поэзия»-деп жазган Белинский. Ар кандай көркөм чыгарма обьективдүү жана субьективдүү байланышты камтыйт.

Анткени турмушту жөн гана обьективдүү чагылдырбастан, ага автор өзүнүн субьективдүү баасын берет. Эгер эпосто эң негизги-окуянын өнүгүшү каармандын тагдыры болсо, лирикада негизги көңүл сезимдин динамикасына бурулат.

Мисалы, орус акыны А.Феттин «Терек» аттуу ырында кечки күздүн өтүп бара жаткан учуру чындыкта сүрөттөлөт да, ошону менен бирге бул ыр автордун өзүнүн ички ой толгоосун бериш үчүн жазылгандай. «Теректе» эки сезимдин кагылышы берилген, кубанычтуу жазгы жана кыйгылуу күзгү сезим. Терек-жаз, кубанычы жөнүндө баян бергендей, ошондуктан ал акынга кубат берет, көңүлүн көтөрөт, сезимин сергитет. Ал эми чоң акын с.Эралиев өзүнүн «Ак Мөөр» поэмасында Мөөрдүн адам суктанган аруу, сулуу келбетин чоң чеберчилик менен бөтөнчө таасирдүү, образдуу көркөм сүрөттөп берген.

«Ичке бели, шоола төккөн бурагы
Узун кирпик-мелт деп жаңсоо ырагы.
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек жалдуу чачтары
Жука үлбүрөп алкымынын туру агы.
Тирсейиңки көкүрөктө кош алма.
Мүмкүн жеткен, бышса бышар курагы».

Гегель, ошондой эле В.Г.Белинский чыныгы лирика жалпы адамзаттык мазмунду камтырын баса белгилеген. Андагы ой-толгоолор бир гана акынга тиешелүү болбостон, көптөгөн адамдарга тиешелүү. Лирикага субьективдүүлүк гана бөтөнчө мүнөздүү деген пикир бар. Ал эми чыныгы лирика обьективдүү да мүнөздө болот. Анткени адамдын сезими, ой-толгоосу тарыхый коомдук турмуштун окуяларындай эле обьективдүү мүнөзгө ээ. Лирик, драматург, романтисттей эле өз ишинде чынчыл. Лириканын гүлдөгөн мезгили-бул романтизм доору. Буга улуу лириктер Байрон, Шелли, Гейне, Гюго, Лермантов, Пушкиндин ж.б. акындардын чыгармалары ачык күбө.

Лирикада кеңири сюжет жок, өзүнчө бүткөн мүнөз болбойт, сүрөттөө кыска, чакан. Ырас, лиро-эпикалык чыгармаларда сюжет, баяндоо бар. Лирикалык чыгармаларда лирикалык каармандын образы болот. Маяковскийдин лирикалык чыгармаларында «Мен» деген лирикалык каарман «биз» деген

каарманга айланып жалпы элдин атынан сүйлөйт. А.Осмонов болсо акындын эл, коом алдындагы зор милдетин өзгөчө түшүнүп, өзүнө өзү ыраазы болбой, ички дүйнөсүнө бүлүк салган оюн мындай билдирет.

«Мен уялам, мына мындан уялам
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп: «жолуң болгур!»-дегенсийт
Жер шаарынан күлүк качкан заманам».

Лирикалык чыгармага тарыхый мамиле жасоо керек. Доордун мүнөзүнө жараша лирика өзүнүн мазмунун өзгөртүп турат. Уруулук коллективден бөлүнүп чыккан алгачкы адам өзүн жеке инсан катары сезип, жеке кызыкчылыгын билдирип, ой-сезимин ырга айландырат. Лириканын мына ушундай алгачкы түрү байыркы Кытайда, Египетте, Грецияда пайда болот. Чыгышта Саади, Хафиз өңдүү улуу лириктер феодалдык коомдун олуттуу өзгөчөлүктөрүн, бийик сүйүүнү бөтөнчө көркөм, элестүү, таасирдүү сүрөттөп беришет. Кайра жаралуу доорунда лирика жаңы түс алып, мазмуну олуттуу окуялар менен байыйт.

Лирикалык поэзияда акынды толкундаткан турмуштук кубулуштар сүрөттөлүшү мүмкүн. Мисалы, М.Ю. Лермонтовдун «Үч пальма», «Бородино». Бул ырлардын ар биринде белгилүү окуя орун алган. Бирок лирикада конкреттүүлүк жана окуялуулук жеке мааниге ээ болбойт. Лирикалык акын өзү жөнүндө гана жазбастан, өзүнүн сезимин обьективдештирүүгө умтулат. «Бородинодо» М.Ю.Лермонтов улгайган солдат-артиллеристтин атынан сүйлөйт, ал эми «Үч пальмада» эски чыгыштын уламышын турмуштун белгилүү жактарына сын көз менен кароо үчүн пайдаланат. Мына ушинтип сюжеттик лирика автордун ой-толгоосу менен тыгыз байланыштуу каралат. Акын өзүнүн ой-толгоолорун билдире турган материалды тандап алат. Мисалы, «Бординодо» орус элинин өткөн баатырдык иши өз заманынын терс көрүнүштөрүнө каршы коюлат. Бородинонун каармандары 30-жылдардагы эриккен жаштарга («Баатырлар силер эмессиңер») карама-каршы коюлат.

А.Өмүрканов азыркы замандын көйгөйлүү, олуттуу маселесин козгоп, элдин оор турмушуна жаны кейип өзүнүн «Жер алды кыргыз балдар» деген ырында «балапандай куйкаланып», капаланып, ички муңун мындай билдирет.

«Мамлекет
Мамлекет
Баш тамгада жазылган бир балакет
Абадан башка бербей
Бүт бардыгын алган ээлеп…
Сүйүнгөмүн
жер алган кедейлерге
Жыйырманчы жылдары.
Азыр эмне
Жери жок жүрөт дале.
Ошолордун балдары
Бул кимдердин кылганы?
Өз жериңе
өзүң ээ
боло албаган
кандай жаман.
Кандай жаман…
Отко түшүп куйкаланган
балапандай куйкаланам».
«Дүйнө-өмүр уул бердиң, бала бердиң.
Дүйнө-өмүр алоолонуп жана бердиң.
Неге сен алыс кеткен сапарыңдан
Ээри жок жайдакталып кайра келдиң».

А.Осмоновдун көптөгөн чыгармаларында элдик оозеки адабияттын сюжетин өтө чебер чыгармачылык менен пайдалангандыгына күбө болобуз. Ошол эле «Жеңишбек» поэмасында Ысык-Көлдүн образын жандандырып, Миңбай карыя менен бирге терең кайгыга түшүп, муңканып, түнөрүп, оозунан «көк түтүн, ала булут жалын» чыгып турганын акын көркөм, образдуу, элестүү, жан кейиткен сезим аркылуу чебер сүрөттөйт.

«Ысык-Көл Ата журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол күйбөй турган суу болсо да
Көк түтүн, ала булут жалын чыгат».

Гегелдин пикири боюнча сюжеттүү лирикада «мазмун эпикалык, ал эми аны ачып берүү лирикалык мүнөзгө ээ болот». Лирикалык ыр ички жыйынтыктуулугу менен айырмаланат.

«Лирикада ар кандай музыкалык чыгармадай эле бир гана тон, бир негизги сезим өкүм сүрөт» - дейт Шеллинг. Лирикада поэтикалык сөз бөтөнчө мааниге ээ болот. Сөздүн мааниси, үн, интонация, ритм өңдүү элементтер активдүү пайдаланылат. Лирикалык чыгарма адамдын аң-сезимине бөтөнчө бүлүк салып, жан дүйнөбүздү козгоп, адабияттын башка тектерине караганда бизге өзгөчө күчтүү таасир этет. Оюубуз далилдүү болуш үчүн К.Тыныстановдун махабат жөнүндөгү лирикалык ырынан бир мисал келтирип кетели.

«Махабат-тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине албырган.
Махабат-кырдан качкан кызыл түлкү.
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган,
Махабат-турагы жок соккон шамал».
Мойнуна түргөн чалма салдырбаган».

Акын улуу сүйүүнү, махабатты, салыштырууну чебер колдонуп, бөтөнчө көркөм, элестүү, таасирдүү, ачык сүрөттөп берген. Махабаттын образын балбылдап күйгөн отко, жөн эмес тозок отуна, кызыл түлкүгө, желип-жорткон шамалга ыктуу салыштырып, жандуу, бөтөнчө таасирдүү көркөм образ жараткан. А.Токомбаевдин көптөгөн ырларында аруу сүйүүдөн алган ырахаты, тунук сезими, жаштыктын жалындуу илеби, ачык, бөтөнчө образдуу сүрөттөлөт.

«Көзүңдү карагаттай тиктегенде
Өзүмдү карегиңден көрөр элем
Жалындуу илебиңе чыдай албай
Жалбарып маңдайыңдан өбөр эле
Эрксизден балтыр бешик бала болуп
Чекемди жүрөгүңө жөлөр элем».

Ошентип, лирика ырга жакын. Тематикасы боюнча ар түрдүү, сүйүү, пейзаждык саясий, философиялык ж.б., бирок тематикалык принцип лириканын өзгөчөлүгүн толук сактабайт, мисалы, А.С.Пушкиндин «К…» («Я помню чудное мгновение…») сүйүү лирикасына жатат, бирок мында акындын турмушка болгон мамилеси да бар. Ал эми Некрасовдун «Акын жана гражданин» ачык граждандык чыгарма, бирок мында патриоттук, философиялык ой да күчтүү.

Эне тил жөнүндө жазган акындар арбын. Бирок элестүү,

бөтөнчө таасирдүү, конкреттүү, окурмандардын жан-дүйнөсүнө бүлүк салган, терең ойго батырган, сезимине чок салган ырлар сейрек жаралууда. Ал эми Ш.Дүйшеевдин ырлары эч кимди кайдыгер калтырбаган, окурмандын аң-сезимине терең из калтырган, куру коездугу жок, мазмуну терең, замандын олуттуу маселелерин козгогон оригиналдуу ырлар. Акындын «Эне тилин унуткандар» деген ырынан бир үзүндүгө көңүл буралы.

«Мен азыр мисал кылып,
Мурат деген жигит жөнүндө айткым келет.
Мурат минтет:
«Энеке
Энекебай
Өзүңдү түшүнсөм да,
Сөзүңдү түшүнбөймүн.
Тууган эл, кечир, кечир
Туз-наныңа түкүрбөймүн.
А бирок эмне кылам
Энемди түшүнсөм да
Эне тил дегенге мен түшүнбөйм.
Түшүнбөймүн ырыңды
ырыңды.
макалыңды
Кошоюңду, Бакайыңды.
Башка калктын тарыхын билген менен
Билбеймин Манасыңды.
…………………………
Мен Муратмын,
досторум Мурик дешет.
Мурик эмес
Муратмын мен
Мен ошомун
Орустардын арасында-
«дуракмын» мен.
Кыргыздардын
арасында-«келесоомун».

Эски традициялык ода, элегия, сатира деп бөлүштүрүү лириканын өзгөчөлүгүн толук ачып берет. Лириканын түрлөрү эпостогудай так, даана мүнөзгө ээ эмес.

«Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.
Алгалай бер, кыргыз эли,
Азаттыктын жолунда
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда».

Кыргыз республикасынын Гимнин акындар Ж.Садыков, Ш.Кулуев шаңдуу, салтанаттуу маанайда, мазмундуу, көркөм сүрөттөшөт.

Ода-лирикалык ыр, баатырдык окуяны, адамдын эрдигин, жаратылыштын бөтөнчө көрүнүшү мактоого алынат. Одага салтанаттуулук, патетика бөтөнчө мүнөздүү.

Ода өзүнүн классикалык варианты боюнча классицизм дооруна таандык. Бирок ода байыркы доордо эле пайда болгон. Байыркы Египеттин поэзиясында «Нилди мактоо» өңдүү чыгармада оданын бардык касиеттери камтыганын көрөбүз. Ал эми байыркы Грецияда оданы спорттук мелдештерде жеңгендерге арнап Пиндер жазган. б.э.ч. 5-к. Байыркы римдик акын Гораций да саясий турмушка гана эмес, күнүмдүк турмушка кайрылып ода жараткан. Анын көп ырлары кудайларга, конкреттүү адамдарга арналган.

Кайра жаралуу доорунда ода жазган француз акыны П.Ронсар (1524-1585). Мунун одалары тематикасы боюнча өтө ар түрдүү, ренессанстык мотивдерге бай. Ошондой эле Ронсардын көп одаларында граждандык идея күчтүү. Абсолюттук мамлекетти коргоо, корлду, падыша сарайындагыларды, аскер башчыларын мактоо-мына ушулар Маелбдин одаларынын мазмунун түзөт. Буалонун эстетикасында ода теориялык жагынан каралат. Трагедия сыяктуу ода «бийик» жанрга таандык,- дейт Буало. Немецтик улуу акын шиллердин чыгармачылыгында ода революциячыл агартуу багытында өнүгөт (1759-1805).

Орус одасын негиздеген Ломоносов (1711-1755). Ырас, буга чейин Кантемир, Тредиаковский ода жазышкан. М.В.Ломоносов Екатарина IIге, илимге Россияга арнап да ода жазган. М.В.Ломоносовдун традициясын Державин улантат.

Державиндин одаларында сатиралык элементтер бар.

Романтизм доорунда одага революциячыл романтиктер да кайрылышат. Англиянын улуу акыны Байрондо (1798-1824) ода эркиндик үчүн күрөштүн каражаты, ошондуктан ал сатиралык багытта баяндалат. Ал эми Шиллерде ода бүт символдук мүнөзгө ээ. Мисалы, Батыш шамалы өзүнчө мактоонун предмети болуп калган, ошондуктан ал социалдык, тарыхый өзгөрүштүн символу, б.а. революциянын шамалы. Эркиндикти сүйгөн патриоттук мазмундагы одаларды жаш А.С.Пушкин да жазган. Мисалы, «Эркиндик». Россияда сын реализм калыптанышы менен ода мурункудай кеңири тарабай калат. Оданы пародиялык максат үчүн колдонушат. Мисалы, Некрасовдун «Мезгилдин одасында» либералдарды катуу сынга алат.

XX кылымда ода жанры кайрадан жаңдана баштайт. В.Брюсовдун («Адамга», «Наполеон»), Маяковскийдин «Революцияга ода» ырлары, А.Токомбаевдин «Октябрга ода», Т.Умөталиевдин «Чыңгызга» ж.б.

Б.Сарногоев «Калаыкка кайрылуу» деген ырында социализм доорун мактоого алып, өзүнүн ыраазычылыгын, кубанычын мындай билдирет.

«Шоокумду ал Ак жарык
Социализм доору экен.
Оюн бирге ойлоштук
Ойсуз эмес, ойлуу кеп
Жаш-карыбыз көп окуп
Жаңылыктар болду эчен.
Жолун бирге басыштык
Жолсуз эмес жолдуу экен
Көл жаратып көп жерге
Көзөп салдык тоону эчен».

Эллегия-кайгылуу мүнөздөгү лирикалык ыр. Элегияда тагдыр, тез өткөн өмүр, башка турмуштук кыйынчылыктарга карата кайгы-муң, капа баяндалат. Бул жанрдын аты гректин сөзүнөн чыгат. Элегиялык мүнөздөгү чыгармалар эң байыркы көркөм эстеликтерге таандык. Байыркы Египетте, Батыш Кытайда жаралган чыгармалар элегияга бир аз жакын. Орус акыны Сумароковдун элегиясында жеке адамдын жоготуусу, кайгысы берилет. Элегиялык поэзияда жаңы көрүнүш сентиментализм жана бөтөнчө романтизм доорунда ачык байкалат. Эми эллегияда крепостнойлук жана буржуазиялык

коомдогу эрктүү, кайраттуу адамдын кайгы-муңу берилет. В.Г.Белинский Жуковский жөнүндө «Россияда биринчи ирет адамдын турмушка карата болгон арманын эллегиялык тил менен билдирген» дейт. Адамдардын бактысыздыгы, кайгы-муңу акын үчүн кокустук көрүнүш эмес, турмуштагы реалдуу көрүнүштөрдүн жыйынтыгы. Өмүр-кыска, анда жакшы нерсе жок.

Ал эми романтиктер өзүлөрүнүн сезимине жакын көрүнүштөрдү билдирет. Романтиктер тагдырга болгон наразылыгынан чыгуунун жолун өзүлөрү түзгөн ой-санаасынан издешет. Реалисттик багыттагы лирикада арман, кайгы, кубаныч турмушка жакын. Мисалы, Пушкиндин лирикасында эллегия жаштыкка карата гимн менен бүтөт. Турмуш күрөш жана азаптануу менен байланыштуу. Ал эми Некрасовдун эллегиясында орус коомундагы терс көрүнүштөрдү ашкерелегенин көрөбүз. «Еду ли ночью по улице темной» аттуу эллегияда аялдын трагедиялуу абалы: ачкачылык, жаш баланын өлүмү, бузулууга аргасыз болуу сүрөттөлөт.

Ал эми советтик адабиятта эллегиялык мотив С.Есениндин чыгармачылыгында ачык байкалат («Өкүнбөйм, чакырбайм, ыйлабайм», «Биз эми аз station кете беребиз»). Акын өлүм жөнүндө ой жүгүртөт, бирок турмуштун кубанычынан жана сулуулугунан алган ырахатына ыраазы. 20-жылы Есениндин эллегиясында айыл-кыштакты жок кыла турган «темир коноктон» техникадан корку байкалат («Мен айылдын акыны акынымын»). Эллегиянын өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөр бар. Турмуштун карама каршылыгынан пайда болгон көрүнүштөр. Өмүр жана өлүм, жаманчылык жана жакшылык, кайгы, кубаныч, сүйүү, ажырашуу.

С.Жусуевдин «Курманжан» романында башкы каарман Курманжан эл үчүн жан дили менен күйүп-бышкан, элдин тагдырын ойлогон, элдин келечеги үчүн күрөшкөн чыныгы патриот, акылман, айлакер инсан катары сүрөттөлөт.

«Бизди жактайт биз да элди жактасак,
Бизди сактайт биз да элди сактаса.
Эркелетип бакмак беле эл бизди,
Элди биз да барктабасак, бакпасак
Эл мүдөсүн көкүрөккө түйбөсөк,
Эл күйгөндө биз эл үчүн күйбөсөк.

Эл күймөкпү элдин канын кактасак?»

Эллегиялык мотив Алигердин «Зоя», Антокольскийдин «Уулу» аттуу поэмаларында байкалат. Мекен үчүн курман болгон уул-кыздарын совет эли урматтоо жана терең кайгыруу менен эскеришет.

А.Осмоновдун айрым ырларында эллегиянын мотиви жок эмес. Акын өмүрдүн кыскалыгын, «октой тездигин» өзүнүн белгилүү «Отуз жаш» аттуу ырында бөтөнчө көркөм, таасирдүү сүрөттөп берген.

«Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле
Анын октой тездигине катат баш…
Кечээ гана тиги кырда жок эле
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?»

К.Тыныстановдун лирикалык ырларында кубаныч, бакыт, сүйүүдөн ырахат алууга караганда көңүл калуу, айрылуу мотивти басымдуу мүнөзгө ээ. Буга анын ырларынын аталышы эле ачык күбө. Мисалы, «Айрылуу», «Алданган сулуу», «Ырдаба, сулуу, кыйнаба», «Эрксиз ажырашканга». «Ырдаба, сулуу, кыйнаба» деген ырында сүйүүдөн калган көңүлүн, капасын, муздаган сезимин, кайгылуу абалын өтө конкреттүү, ачык, так билдирет.

«Ырдаба, сулуу, кыйнаба
Алданбастын, сүйбөсмүн.
Сайраба, сулуу, жайнаба
Экинчи отко күйбөсмүн».

А.Осмонов «Жеңишбек» поэмасынын мазмунун лирика менен трагедиясын кошулушу түзөт. Улуу Ата Мекендик согуш миңдеген үй бүлөгө кайгы-муң, өчпөгөн үмүт, трагедия алып келгендиги белгилүү. Миңбай карыянын орду толгус муң-кайгысы, арманы поэмада өтө жеткилең, бийик көркөмдүктө баяндалат.

Сатира-латын тилинде Saltuza-кошумча, аралашма деген маанини билгизет. Сатира аралашма турмуштагы ырайымсыздыкты, жапайлыкты жана эки жүздүүлүктү сынга алат. Акын көп учурда өзүнүн сатиралык ырларында айыптоочу болуп чыга келет.

Кыргыз адабиятында сатиралык ырлардын мыкты үлгүлөрүн жаратышкан сатирик акындар Р.Шүкүрбеков менен М.Алыбаев.

райхандын «Халтуршик досума кат» деген ырында алсыз, кунарсыз, көркөмдүгү начар ырларды жараткан акын сөрөйлөрдү сынга алат.

«Тоо дегенди жазат
Баштады болду, калеми өзүн ала качат.
Көлүң сонун Ала-Тоо,
Чөбүң сонун Ала-Тоо,
Өзүң сонун Ала-Тоо.
Ала-ала-ала Тоо
Тоо-тоо-тоо
Оо-оо-оо-о».

Сатирак акын турмуштун бардык жагына кайрылат да, адамдын мүнөзүндөгү терс көрүнүштөрдү, кемчиликтерди, менменсинүү, ыксыз мактанууну, сараңдыкты, мартыкты, куйкум сөздүн курч тил менен бөтөнчө таасирдүү, образдуу сүрөттөп берет. М.Алыбаев «Владимир Маяковскийге акындын отчету» аттуу белгилүү поэмасында сапатсыз, көркөмдүгү начар, алашем ыр жазгандарды сынга алат. К.Маликовдун оригиналдуу жазылган «Мен кандаймын?», «Сен койсоң, мен да койсом» аттуу сатиралык мазмундагы лирикалык ырлары бар.

«Ишти таштап, үйүмдө уктап
Жатканымды мен койсом.
Билбесең да билемин деп
Мактанууну сен койсоң».

«Рифмачтардын
Жазгандары
Эң эле узун
Бирок
Кем кылып
Коюшат экен тузун».

Сатира-турмуштун терс көрүнүштөрүнө карата болгон акындын нааразылыгын, каршылыгын билдирген лирикалык ыр. Мисалы, орус акыны Кинтемир өзүнүн сатираларында Петр Інин улуу өзгөрүүлөрүн, реформаларын жактайт, эскини эңсегендерди сындайт. Римдик акын Гораций, Пушкин, Некрасов, совет адабиятында Маяковский мыкты сатиралык ырлардын үлгүлөрүн жаратышкан. Р.Шүкүрбековдун күлкү чакырган, көңүлдүү юмор менен жазылган лирикалык ырлары арбын.

«Акындар мурда барыптыр,
Айтып ырдап салыптыр.
Тоо суусу тегиз макталып.
Мага куму калыптыр»
("Ысыккөлдүн куму»).

Эпитафия-лириканын чакан түрү-мүрзөгө коюлган эстеликке түшүрүлгөн жазуу. Гректин –cpitaphios деген сөзүнөн алынган. epi-үстү, taphos-мүрзө дегенди билдирет. Байыркы Грецияда, Римде алгач пайда болот. Эпиграмманын бир түрү. Негизинен өлгөн адамды эстен чыгарбоо максатында жазылган. Кийинки доордо эпиграмма шарттуу мүнөзгө ээ болуп, сатиралык мазмун чыгарманын негизин түзөт. Эпиграммада тигил же бул предмет жөнүндө акыл-насаат, шылдың, сүйүүнү билдирүү бар. Эпиграммада чакан ой так, таамай айтылат. Юмористтик жана сатиралык эпиграммалар бар. Мисалы, А.С.Пушкиндин эпиграммасына кайрылып көрөлү:

Змея ужалила-Маркела. (Маркелди жылан чагыптыр).

- Он умер? – Нет, змея, напротив, околела. – Ал өлүптүр? – адам суктанган ару, сулуу келбетин чоң чеберчилик менен бөтөнчө таасирдүү, образдуу көркөм сүрөттөп берген.

«Ичке беш шоола төккөн бурагы
Узун кирпик-мелт деп жаңсоо ырагы.
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек талдуу чачтары
Жука үлбүрөп алкымынын туру агы.
Тирсейинки көкүрөктө кош алма.
Мүмкүн жеткен, бышса бышар курагы».

Кыргыз адабиятында эпиграмма жанрын баштаган акын М.Алыбаев. Ал жанрдын улаткан Б.Сарногоев. Б.Сарногоевдин Райканга эпиграммасына көңүл буруп көрөлү.

«Сөз сүйлөр кезде ойлонуп,
Соо башын солго кыйшайткан.
Куйкумду сөздү курч айткан,
Сөөгү жок эттей сулп айткан.
Күтпөгөн жерден күлдүрүп,
Күлбөстүн тишин ырсайткан,
Эл, жер – деп дайым тилегин,

Эл, жер деп соккон жүрөгү».

М.Ю.Лермантов да эпиграмма жазган. Советтик адабиятта эписгамманын чебери - С.Маршак.

Эпиграмма грек тилинен алынгае сөз, бизче жазуу дегенди билдирет. Сатиралык роэзиянын бир түрү. Көлөмү чакан ыр. Конкреттүү же турмуштук көрүнүштү мыскылдоо. Эпиграмма Байыркы Грецияда арноо мүнөзүндөгү ыр катары жаралат. Өзгөчөлүгү-фактыга, окуяга карата жеке, субьективдүү мамилесин билдирүү. Эпиграммада автордун окуяга карата ңаасы, б.а. оң же терс мамилеси, симпатиясы же антипатиясы ачык берилет. Эпиграмма орус адабиятында кеңири тараган өзгөчө жанр. Пушкинден баштап көптөгөн орус акындары эпиграмма жазышкан. Сатиралык мазмундагы эпиграмма жазгандар совет адабиятында Маяковский, С.Маршак ж.б.

## Көркөм метод, багыт, стиль жөнүндө жалпы түшүнүк

План:

1. Көркөм метод жана ага аныктама. Көркөм методдун конкреттүү тарыхый доордо пайда болушу. Көркөм методу аныктаган факторлор. Көз караш.
2. Көркөм образ. Көркөм ойлоонун типтери. Адабий багыт. Адабий агым, мектеп. Көркөм стилге аныктама. Гуманисттик реализм, классицизм, сентиментализм, романтизм.
3. Сын реализм. Тарыхый доордун мүнөздүү белгилери. Орустун сын реализми. В.И. Ленин, Л.Толстой жөнүндө.
4. Социалисттик реализм. Пролетариаттын боштондук кыймылы. Россия – социалисттик реализмдин мекени. М.Горький жана социалисттик реализм.

Улуу жазуучулардын бардыгы оригиналдуу жана кайталангыс. Бирок ошону менен бирге аларды чыгармалардын идеялык багыты жакындаштырбайт, турмушту сүрөттөөнүн жалпы принциптери гана аларды жакындаштырат. Мына ушул өңдүү жакындактары биз Байрон менен Шеллиден, Некрасов менен Шедринден, Блок менен Брюсовдон көрөбүз. Алар идеялык жагынан (коомго болгон көз карашы), ошондой эле эстетикалык (образ түзүү ыкмалары) жагынан да жакын.

Ошентип көркөм метод дегенибиз эмне?

Бир катар жазуучуларга мүнөздүү болгон жана алардын чыгармачылыгында түздөн-түз көрүнгөн идеялык-эстетикалыкжалпылыкты көркөм метод дейбиз.

Метод искусстводо мазмунда да, форманы да аныктайт. Метод чыгарманын идеясында да ошондой эле образ жаратуу, сюжет куру, композиция түзүү, тилдик каражаттарды пайдалануу принциптеринде ачык байкалат. Метод – бул сүрөткердин көркөм ойлонуусуна жана эстетикалык идеалына карата турмушту сүрөттөп берүүсү же берген басы. Метод закондордун жана эрежелердин катып калган жыйындысы эмес. Метод өз алдынча обочо турган көрүнүш эмес. Ал тарыхый жагынан шартталып чыгармачылыктын өзүндө жашайт, турмушту көркөм үйрөнүп билүү процессинде аражалып, өнүгөт.

Сын реализми Пушкиндин, Гогольдун чыгармаларында көркөм уялаган мезгилинде али эч ким тарабынан калыптанган эмес. Турмушту реалисттик сүрөттөө ыкмасы классицизмдин рационалисттик догматикалык, агартуучулардын дидактизмине, сентименталисттердин турмуштан алыс сезимдерине каршы күрөштө өзүнө жол ачат. Турмушту реалисттик планда сүрөттөө алгач мурун алдыңкы жазуучулардын аң-сезиминен кеңири орун алат да, кийин гана Белинскийдин эстетикасында теориялык жагынан негизделет. Ушундай эле социалисттик реализмди турмуш өзү жараткан. Социалисттик реализм Горькийдин чыгармаларында ачык байкалып, Октябрь революциясынан кийин жазуучулардын чыгармаларында да жашап, өнүгүп калган (Маяковский, Фурманов, Гладков, Фадеев, Шолохов). Ал эми социалисттик реализм теориялык жактан 1934-жылы гана негизделет.

Метод алдына ала иштелип чыкпайт. Ал көркөм практикада жаралат адабияттын, коомдун өнүгүшү менен бирге өнүгөт.

Метод үч фактор менен аныкталат: турмуш, жазуучунун көз карашы жана анын көркөм ойлоосу. Турмуш дайыма көркөм чыгармачылыктын мүнөзүн аныктайт.

Социалисттик реализм метод катары тарыхый өнүгүштүн белгилүү этабында гана жаралары белгилүү, б.а. социализм пролетардык бoштондук кыймылы менен бириккен мезгилде, көп миллиондогон Эл массасы бийлик үчүн күрөшкө чыккан мезгилде. Бирок бирдей тарыхый шартта эле ар түрдүү көркөм

методологияны жактаган жазуучулар болушкан XX кылымдын 10-жылдарында социалисттик реалист Горький менен бирге социалисттик идеологиядан көп алыс болгон символисттер, футуристтер аракеттенишкен. Демек, методу обьективдүү гана фактор аныктабастан, субьективдүү фактор да аныктайт. Ошондой эле турмуш менен бирге жазуучунун коомдук-саясий ж.б. көз караштары мезгилдин идеологиялык күрөшүндө анын орду, анын идеалынын коомдук-эстетикалык мүнөзү да методу аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Чыгармачылык процессте көркөм ойлонуу маанилүү олуттуу касиетке ээ. Көркөм ойлонуу – бул жазуучунун образдар аркылуу ойлонуусу, чыгарманын структурасын жаратышы.

Көз караш – методдун негизи, жазуучунун ишинде компастын милдетин аткарат, турмушту, анын татаал процесстерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок көз караш канчалык маанилүү роль ойнобосун көркөм чыгармачылыкта толук шарт түзүп бере албайт. Кандай гана зор идеялык ой болбосун, ал искусствонун өз алдынча кубулушуна айланбайт, эгер ал көркөмдүк жагынан чечилип, ишке ашпаса.

Чыныгы сүрөткерлердин бардыгы турмушка кайрылат, бирок турмушту ар башка мүнөздө көркөм өздөштүрөт.

Мисалы, Пушкин «Евгений Онегиндин» жетинчи главасынын 1-строфасында, Жуковский «Жазгы сезим» («Весеннее чувство» 1916) ырында алгачкы жазды сүрөттөшөт. А.С.Пушкин жаздын ойгонушунун обьективдүү картинасын берсе, ал эми Жуковский болсо жазга карата өзүнүн ички ой-толгоосун сүрөттөйт.

Пушкинге мүнөздүү болгон ойлонуу (ошондой эле бардык реалист – жазуучуларга мүнөздүү) өзүнүн негизинде обьективдүү. Мындай көркөм ойлонуунун тибин реалисттик деп аташат. Жуковскийдин поэзиясына жана башка романтиктердин поэзиясына мүнөздүү болгон көркөм ойлонуунун тибин романтикалык деп аташат.

Көркөм образ өзүндө обьективдүү жана субьективдүү элементтерди камтыйт. Образда обьективдүү чындык турмуштун логикасы гана болбостон, жазуучунун субьективдүү ойлору, турмуштун тигил же бул кубулуштарын кабыл алуусу орун алгандыгын көрөбүз.

Реалисттик жазуучу өзүнүн чыгармачылыгында – реалдуу

турмушка кайрылат. Коомдук турмушту сүрөттөп, ал адамдардын социалдык мамилелерин терең изилдейт. Анын жалпылоолору – белгилүү социалдык чөйрөнү изилдөөнүн жыйындысы. Реалисттик искусство өзүнүн маңызы боюнча обьективдүү, ошондуктан зор таануу мааниге ээ болот. Реалисттик жазуучунун чыгармасы коомдук жана тарыхый шарт жараткан адамдардын мүнөздөрүн чындыкта ачып, «доордун документи» катары кызмат этет. Турмушту мына ушундай обьективдүү принципте сүрөттөө реалисттик багыттары бардык жазуучуларды бириктирет. Мындай яғринря'еяя'ef яяd1ер_антес, Филдинг, Толстой, Шолохов ж.б. үчүн да мүнөздүү. Ал эми романтиктер өзүлөрүнүн эстетикалык манифесттеринде, программалуу сөздөрүндө искусствонун субьективдүү жагына басым коюшат, «генийдин» турмуштук материалы менен эркин мамиле жасоо, өзүнүн идеалына карата турмушту өзгөртүү укугуна көп көңүл бурушат. Турмушка субьективдүү мамиле жасоо – бул романтизмдин бөтөнчө мүнөздүү белгиси. Идеологиялык поэицияларына карабастан бул белги бардык романтик жазуучулар – Гейкенин, Шатобриандын, Гюгонун, Шеллинин, Байрондун, орустун декабрист-акындарынын чыгармаларына мүнөздүү. Булардын коомдук-саясий көз караштары ар түрдүү экендиги белгилүү.

Ошентип көркөм ойлоонун реалисттик жана романтикалык типтери турмушту көркөм билүүнүн процессинде бир бүтүн көрнүштүн эки жагы катары көрүнөт, ошондуктан адата адабиятта алар бири-бирин коштоп жүргөнүн көрөбүз. Адабияттын тарыхында таза реалисттик же таза романтикалык типтерди жолуктуруу мүмкүн эмес. Ошондой эле аларды бири-биринен ажыратуу да туура эмес. Мындай мамиле көркөм образды бузары бышык. Өтө эле ашкан субьективдүү «реалист» турмушту өзүндөй кылып, күзгүдөй чагылдырбашы белгилүү. Ошондой эле ашкан субьективдүү «романтик» обьективдүү реалдуу турмуштан такыр качып кете албайт. Бирок ошого карабастан реалисттик «романтикалык-искусстводо» субьективдүүлүк же башка жашары ачык. Реализмге автордун субьективдүү умтулуулары турмуштук сүрөттөөнүн обьективдүү логикасын бузбайт. Романтизмде субьективдүү башталыш бөтөнчө кеңири көрүнөт. Ал бүт чыгарманы камтыйт, жалпылоонун принциптеринде, көркөм форманы куруунун бардык элементтеринде чагылат (сюжете, композицияда,

каражаттарда).

Көркөм ойлонуунун тиби белгилүү деңгээлде туруктуу болот. Бирок ал камтыган көркөм ой бир жерде турбайт. Көркөм ойдун өнүгүшү турмуштун өзгөрүшү, жазуучунун философиялык, социологиялык ж.б. көз караштарынын өнүгүшү менен байланыштуу. Мисалы, Гомер, Софокл турмушка мифтик көз караштардын негизинде мамиле жасашкан. Бул адамдардын мүнөздөрүн сүрөттөөдө ачык байкалат. Алардын каармандары көп жагынан статикалык мүнөзгө ээ. Ал эми Шекспирдин чыгармаларында адам кудайдын эркинен тышкары тургандыктан такыр башка сүрөттү көрөбүз. Карман реалдуу шартта аракеттенет, өзүнүн тагдырына өзү жооп берет. Ал өзүн курчап турган турмуштук чөйрө менен тынымсыз күрөшөт, өзүнүн кайгы-кубанычын өтө терең кабыл алат. Анын ички турмушу кыймылдуу, бул драманы татаал психологизм менен сургарууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле мезгилдин изи  XVIII, XIX, XX кылымдын реалист жазуучуларынын көркөм ойлонууларынннда ачык байкалат. Бирок образ түзүү принцибинде алар бири-биринен кескин айырмаланбайт.

Ар бир элдин, улуттун өсүп өнүгүш тарыхына тыгыз байланыштуу алардын көркөм адабияты жаралат, калыптанат, өнүгөт.

Драма – гректин dzama деген сөзүнөн алынган. Кыргыз тилине которгондо кыймыл деген маанини билдирет. «Драмалык поэзия суеналык искусствосуз толук эмес. Адамды толук түшүнүш  үчүн, анын кыймылын, сөзүн, сезимин билүү аздык кылат, анын кантип кыймылдаганын, сүйлөгөнүн, сезгенин көрүш, угуш керек», - дейт Белинский.

Актерлордун ойну, мизансцена, декорация, музыка, үндүн жана жарык эффектилери драмада маанилүү көркөм каражат катары олуттуу роль ойнойт. Драмада эпоско мүнөздүү болгон автордук баяндоо, каармандарды сүрөттөө, мүнөздө болбойт. Мына ушул өзгөчөлүктөрү менен драма эпика менен лирикадан кескин айырмаланат. Каармандардын мүнөзүн ачып бере турган бирден бир негизги каражат алардын сүйлөгөн сөздөрү б.а. диалогу, монологу, кыймылы.

Драманын эпос менен лирикадан айырмасы театрга-сахнага коюлат. Ырас, драмалык чыгарманы окуса да болот. Аристотель өзүнүн «Поэтикасында» эпос, драма жана лириканын үч тегине

мүнөздүү болгон жалпылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү көрсөткөн. Ал эми Белинский «Поэтиканын түрлөрү жана тармактары» деген эмгегинде адабиятттын уруктарына толук, конкреттүү анализ берип, ар биринин предметин жана көркөмдүк каражаттары жөнүндө далилдүү пикир айткан. Белинский драманы өтө жогору коюп мындай баалайт. «Бул поэзиянын жогорку түрү жана өнөрдүн тажысы, бул драмалык поэзия», Белинский поэзия деп жалпы эле адабиятты айтып жатат.

Доордун өсүшү менен искусствонун кино жана телевидение өңдүү жаңы түрлөрү жаралды. Кино фильм (киноспектакль), телефильм (телеспектакль), радиоспектакль жаралып өнүгүүдө. Булардын да негизги мазмунун драмалык окуялар түзөт.

Драманын сюжети эпикалык чыгармалардагыдай жай өнүкпөстөн тез өнүгүп динамикалуу болот. Мазмуну карама каршылыкка толгон, ага конфликт бөтөнчө мүнөздүү. Драма турмушка жараша бөтөнчө өнүгөт. Кино менен теленин аудовизуалдык искусствонун түрү катары бааласа болот. Бирок театрдын артыкчылыгы-бар. Искусствонун бул эки түрү адам турмушунун, жаратылыштын көп кырдуу жактарын өз каражаты менен кеңири көрсөтө алат. Бирок чектелүү жагы – тирүү адамдын демин, үнүн укпайбыз, т.а. жансыз сүрөттү көрөбүз. Бирок заманга, доорго жараша кино, теле азыркы мезгилдин өтө өнүккөн, мүмкүнчүлүгү зор искусствонун түрлөрүнө кирет.

Эпикалык чыгармаларга кеңири баяндоо, сыпатто мүнөздүү болсо, драмада кеңири баяндоо, сүрөттөө болбойт. драманын көлөмү да чектелүү болот. Анткени драмалык чыгарма театрда коюлат да, 1,5 2 саат убакытты камтыйт.Драманын мына ушундай айрым бир чектелүү жактары бар.

Эпикалык чыгармада баяндоо өткөн окуя жөнүндө болсо, драмада окуя азыр болуп жаткандай таасир калтырат. Драмада баяндоочуну жоктой кабыл алабыз. Персонаждардын жүрүш-турушу жандуу, көзгө барандуу, эффективдүү, театралдуу болот. Чынында искусствонун бардык түрлөрүнө шарттуулук мүнөздүү. Драмада шарттуулук басымдуу мүнөзгө ээ. Драманын каармандарынын сөздөрү төкмө акындардын, чечендердин сөздөрүнө окшоп кетет.

Эпос менен драма мезгил менен мейкмндикти өз ичине кеңири камтыган окуяларды чагылдырат, ар түрдүү адамдардын ортосундагы не бир татаал мамилелерди, байланыштарды,

карама-каршылыктарды сүрөттөйт. Мезгил жана мейкиндикте өткөн окуяларды, персонаждардын кагылыштарын сүрөттөө жагынан эпос менен драма бир-бирине жакын турган адабий түрлөрдөн болуп эсептелет. Драматургияда адамдардын өз ара мамилелери, алардын ортосундагы карама-каршылыктар, конфликтер сүрөттөлөт. Англиянын улуу драматургу В.Шекспирдин «Король Лир» аттуу чыгармасында феодалдык көрүнүш менен гуманисттик идеянын кагылышы Король Лир жана анын дүйнөкор кыздары Регана жана Гонерильдердин образдары аркылуу берилет. Адамдык күчтүү сезимдердин кагылышы драматургияга бөтөнчө мүнөздүү көрүнүш. Чыгармада сүрөттөлгөн каармандар өз алдыларына белгилүү максат коюшат да, ошого жетиш үчүн аракеттенишет. Биринин аракетине экинчиси каршы болуп, чыгарманын сюжетиндеги сүрөттөлгөн окуя тез чечилүүгө тийиш. Ошентип, драмалык чыгарманын жанын мүнөздөрдүн кагылышы түзөт. Драматургиянын мазмунун адамдардын мамилеси түзөт да, анда сүрөттөлгөн конфликтин өзгөчөлүгүнө жараша түрлөр жаралат.

Ошентип, трагедия, комедия жана драма деген түрлөр пайда болот. Драманын сюжети эпостун сюжетиндей эле окуялардын системасынан туруп, окуянын башталышы, чиелениши, өнүгүшү, кульминация чечилиши өңдүү элементтери бар. Драманын сюжетинин эски аты интрига деп аталып, латын тилинен которгондо чаташкан деген маанини берет.

Драмада мүнөздөрдүн кагылышы маанилүү роль ойнойт. «Айкын-ачык белгиленген мүнөздөр болсо, алар кагылышпай койбойт» (Горький).

Белинский «Шекспир драманын Гомери» деп англиялык улуу драматургду өтө жогору баалайт. Драма эпос менен лириканын элементтерин кеңири пайдаланып гана тим болбостон, эпоско мүнөздүү обьетивдүүлүктү, лирикага мүнөздүү субьетивдүүлүктү жогорку бийиктикке көтөрөт. Драма башка адабий тектерге салыштырганда бөтөнчө драмалуу искусство. Анда образ сөз менен гана эмес, сцена менен да жаралат. Драмада нерсе, үн, жарык, бөтөнчө артистин үнү, тышкы көрүнүшү, кыймылы маанилүү роль ойнойт. Гогольдун сөзү боюнча драма сценада гана жашайт. Ансыз ал денеси жок жан. Театрдын өзгөчө артыкчылыгын В.Маяковский мындай образдуу белгилейт «Театр чагылтып көрсөтүүчү күзгү эмес, чоңойтуп көрсөтүүчү

айнек». Драматургдар образ жаратууда каармандардын мүнөзүнө жараша аларды өзүнө тааныш белгилүү артисттер ойносо деп самашат. Ушуга байланыштуу Гоголдун мындай бир айткан сөзү бар. «Эки кичинекей адамдын образдарын жаратууда мен алардын терисинен Үепкин менен Рязановду элестеткем». Гоголь эки кичинекей адам деп өзүнүн «Текшерүүчүсүндөгү» Бобчинский менен Добчинскийди айтып жатат. Ал эми Үепкин, Рязановдор орустун белгилүү драмалык артисттери.

Белинский драманы синтетикалык жанр деп баалап, анда эпос менен лириканын элементтери орун алганын айтат. Драмада адамдын мүнөзүнүн бир олуттуу белгиси бөтөнчө басым коюлуп сүрөттөлөт. Шекспирдин Отеллосу өтө ишенчээк, кызганчак, адам болсо, Сальер эки жүздүү. Горькийдин пикири боюнча драма күчтүү сезимдерди талап этет. Драмада сүрөттөлгөн адамдардын мүнөзү автордун кийлинишүүсүн, түшүндүрүүсүн талап этпейт.

Адабияттын башка тектерине салыштырганда драмада конфликт-кагылышуу зор роль ойнойт да, ал мүнөздөрдү ачуунун негизги каражаты катары өзгөчө милдет аткарат. Ырас, доордун, мезгилдин агымына жараша, драма турмуштун өзүндөй өзгөрүп тура турган көрүнүш. Байыркы гректердин, улуу драматургу Эсхил адам жана тагдырдыдын ортосундагы конфликти сүрөттөсө («Падыша Эдип»), Шекспир ак көңүлдүүлүк менен эки жүздүүлүктү («Отелло») Пушкин («Борис Годунов»), адамдын адилетсиз аракет менен бийликке келишин сүрөттөйт. Пушкин өзүнүн «Борис Годунов» деген трагедиясында мезгил менен мейкиндиктин чегин кеңейтип, карапайым элди театрга алып чыгып, адамдын, элдин тагдырын көркөм изилдейт. Чыгарма «жандуу, байлуулугу» менен айырмаланат. Орус адабиятында В.Маяковский, К.Тренев, В.Вишневский өзүлөрүнүн драмалык чыгармаларына социалдык күрөш революциялык кыймылдын күч алышына байланыштуу турмуштук көрүнүштөрдү кеңири эпикалык планда сүрөттөө өңдүү жаңылыктарды киргизишет.

Диалог түрүндө жазылган адабий чыгармалар бар. Аларды драманын бир түрү катары карап, театрга коюга эмес, окуш үчүн жазылган чыгарма катары баалашат.

Кино, теле искусствосунда курч дедективдүү фильмдердин жазгы жоогазындай жайнап чыгышы кокустук көрүнүш эмес,

азыркы замандын турмуш талабы.

Драма бекеринен адабияттын татаал кыйын түрү деп айтылбайт. Драмалык чыгармаларда адамдын психологиялык абалы ар тараптан кеңири, терең, элестүү, конкреттүү ачылууга тийиш. Драманын сюжети өзүнчө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Драманын эпостой турмушту кеңири сүрөттөө мүмкүнчүлүгү чектелүү болот. Катышкан каармандар, убакытты камтыган ж.б. жактары менен драма өзгөчөлөнөт. Бирок ошону менен бирге эле драмалык чыгармаларда турмушту кеңири, ар тараптан эпикалык масштабда сүрөттөө болбойт деген пикир жаралбоого тийиш. Англиянын улуу драматургу Шекспир драмага көптөгөн жаңылыктарды киргизгенине күбө болобуз. Шекспирдин пьесаларында трагедия менен комедиянын өзгөчөлүктөрү эриш-аркак мүнөздө орун алат. Драматург өзүнүн чыгармаларына карапайым элдин турмушун киргизет. Ошон үчүн аны Шекспирдин маскарапоздору театрды каптап кетти деп күнөөлөшкөн.

Драма адабияттын башка тектериндей эле узак, татаал тарыхый жолду басып өтөт. Драманын байыркы түрүнө элдик үрп-адат, салтка байланыштуу, хор, диалог, бий, пантомина менен коштолушу мүнөздүү болгон. Драманын мына ушундай өзгөчөлүгү чыгышта, атап айтканда, Индияда, Кытайда көпкө чейин сакталган. Кийин драма мына ушул өзүнүн синкретизм мүнөзүнөн акырындап ажырай баштайт.

Европада драма алгач байыркы Грецияда пайда болот. Грецияда трагедиянын мыкты үлгүлөрүн жаратышкан Эсхил (б.з.ч. 525-456жж), Еврипид (б.з.ч. 480-406), Софокл (б.з.ч. 497-406), «Комедиянын атасы» деген даңктуу атка конгон Аристофан (б.з.ч. 446-385). Байыркы гректердин улуу ойчулу Аристотель өзүнүн «Поэтика» аттуу эмгегинде драманын башкы касиети адамдардын мүнөзү эмес, чыгарманын фабулласы деп эсептеген. Индияда трагедия жазган белгилүү драматург Калидаса (4-5кк).

Кайра жаралуу доорунда драма бөтөнчө Англияда өнүгүп өсөт. Буга Англиянын улуу драматургу Шекспирдин чыгармалары ачык күбө (1564-1616). Ошондой эле драма Испанияда жандуу өнүгөт. Мыкты өкүлдөрү Лопе де Вега, Кальдерон. Булардын чыгармаларында адам, адамдын мүнөздөрү, эрки бөтөнчө терең, кеңири ар тараптан толук сүрөттөлөт.

Классицизм доорунда драма мезгилдин талабына жараша

көтөрүңкү мүнөзгө ээ болуп, жөнөкөй реалдуу турмушту сүрөттөөдөн алыс эле. Милдет менен сезимдин күрөшү башкы тема болгон. Үч бирдикти талап эткен. Классицизмдин көрүнүктүү өкүлү, (Францияда) дүйнөлүк адабияттагы мыкты комедиограф Мольер заманынын тар алкагынан чыгып, анын эстетикалык нормаларын, талаптарын жерип, реалдуу турмушка жакын көрүнүштөрдү сүрөттөгөн.

18-кылымда агартуу доорунун алдыңкы жазуучулары Лессинг (Германиянын белгилүү окумуштуу-теоретиги, драматург) «Эмилия Галотти», Шиллер (Германиянын улуу акыны, драматург) «Коварство и любовь» аттуу реалисттик мазмундагы драмалардв жаратышат. 18-кылымдан баштап адабияттын тарыхында «Драма» деген термин колдонула баштайт. Лессингдин «Натан мудрый» («Акылман Натан»), Гетенин «Фаусту» да агартуу доорунда жаралат.

Комедиянын мыкты үлгүлөрүн жаратышкан драматургдар Францияда П.Бомарше «Женитьба Фигаро», Англияда Г.Шеридан, Италияда К.Гольдони.

Романтизм доорунда драма Францияда бөтөнчө өнүгүүнүн жолуна түшөт. Буга В.Гюгонун «Эрнани», «Кромвель» аттуу драмаларын мисалга алса болот. Романтикалык каарман өзгөчө тагдырга туш болуп, бөтөнчө шарттарда аракеттенет.

XIX кылымда реалисттик драма жараткан белгилүү Норвег драматургу Г.Ибсен. XX кылымда Англияда драманын чебери Б.Шоу болду. Драматург социалдык, философиялык мазмундагы драманын жаңы түрүн жаратат.

Орус адабиятында реалисттик драманы баштоочулардын бири Финвизин. Анын сатиралык комедиясы «Недоросль» оригиналдуу чыгарма. Ал эми Грибоедовдун «Акылдын азабы», Пушкиндин «Борис Годунову» реалисттик драманын мыкты үлгүлөрүнө жатат. Романтикалык драманын мыкты үлгүсүн Лермонтов жаратса «Маскарад», сатиралык драманын мыкты үлгүсүн Гоголь жаратат («Текшерүүчү»). Орус адабияттын тарыхында социалдык мазмундагы мыкты пьесаларды жараткан А.Островский. Гоголдун сатиралык драмасынын традисиясын уланткан Салтыков-Үедрин. Советтик адабиятта сатиранын мыкты үлгүсүн В.Маяковский жазат. («Клоп»), («Кантала»). Тарыхый революциялык мазмундагы драмаларга Вс.Вишневскийдин «Оптимистик трагедиясы», А.Корнейчуктун

«Гибель эскадрасы» кирет. В.И.Лениндин образын чагылдырган бир топ драмалык чыгармалар бар. Улуу Ата Мекендик согушка арналып жазылган драмалар да аз эмес. Мисалы, К.Симоновдун «Русские люди» («Орус адамдары»).

Кыргыз адабиятынын тарыхында биринчилерден болуп көп актылуу пьесаны жараткан Молдогазы Токобаев. Анын «Какей» аттуу чыгармасы кыргыздын улуттук драматургиясынын ана башы. Кыргыз элинин турмушундагы олуттуу көрүнүш болгон аялдардын теңсиздигине арналган, реалдуу турмушту көркөм сүрөттөгөн алгачкы оригиналдуу драмалык чыгарма. Ушундай эле темага арналып жазылган алгачкы драмалык чыгарма К.Жантөшевдин «Карачач» пьесасы.

30-жылдардын башында К.Тыныстановдун «Академиялык кечелер» («Көз көргөндөр») аттуу пьесалар цикли театрга коюлат. Бул чыгарма өз учурунда олуттуу талаш-тартыштардын обьектисине айланып, Касымдын өмүрүнүн трагедиялуу бүтүшүнө бирден-бир чоң себеп болгон. 30-жылдары коллективдештирүү мезгилиндеги тап күрөшүнө арналып Ж.Турусбековдун «Беш-Мойноктогу окуя» Ж.Бөкөнбаевдин, «Алтын кыз» К.Маликовдун «Күлүйпа» өңдүү пьесалары жарык көрөт. Кыргыз элинин 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүшүн чагылдырган Ж.Турусбековдун «Ажал ордунда», Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогул» драмалары кыргыз улуттук драматургиясынын тарыхында чоң ийгилик катары бааланган.

Согуш мезгилинде кыргыз драматургиясы өзүнүн өсүш деңгээлин токтоткон жок. А.Токомбаевдин «Ант» А.Осмоновдун «Баатырдын өлүмү», «Махабат», «Ак Мөөр», Р.Шүкүрбековдун «Кек» ж.б. чыгармалар пайда болот.

Согуштан кийинда А.Осмонов бул жанрда жемиштүү эмгектенет. 50-жылдары К.Жантөшевдин «Эл ырчысы», «Каныбек», Т.Абдумомуновдун «Ашырбай», «Атабектин кызы» өңдүү мезгилдин актуалдуу темаларын чагылдырган мыкты чыгармалар жаралат.

Кыргыз драматургиясы турмушту ар тараптан кеңири терең сүрөттөп берүү жагынан 60-80-жылдары жаңы көркөм-эстетикалык бийиктиктерге жетишет. Нравалык темаларга көбүрөөк көңүл бурулуп, адам, адамдын ички дүйнөсү өзгөчө обьект катары терең изилдене баштайт. Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» кыргыз драматургиясынын тарыхында өзүнчө этаптуу чыгарма болду. Согуштун трагедиясын Акылбек карыянын

образы аркылуу драматург чоң чеберчиликте мыкты сүрөттөп бере алган. Драма терең психологиялык мазмунда жазылып, адамдардын аң-сезимине өзгөчө таасир эткен чоң көркөм табылга болду. Согуш темасын көркөм иликтеген Ч.Айтматовдун «Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу» повесттеринин театрга келиши, сахналаштырылышы кыргыз драматургиясын жаңы табылгалар менен байытып, көркөм-эстетикалык бийиктикке жеткирди.

Кыргыздын улуттук драматургиясын өнүктүрүүдө таланттуу драматург, чебер калемгер Т.Абдумомуновдун ар кыл темаларда жазылган, көркөмдүгү бийик драмалары оригиналдуулугу, жаңылыгы менен өзгөчө бөлүнүп турат. Анын «Абийир кечирбейт», «Каркыралар кайтканда», «Сүйүү жана үмүт» ж.б. чыгармалары адамдын бай ички дүйнөсүн, адамдык асыл касиетин, турмушта кезиге турган татаал көрүнүштөрдү жогорку чеберчиликте, өзгөчө жеткилең, таасирдүү сүрөттөп берет. Дагы бир таланттуу сүрөткер Ш.Садыбакасов «Ак боз ат», «Керме тоо» аттуу драмаларында Ата Мекенди, элди-жерди сырттан басып кирген душмандардан коргогон элдин боштондук күрөшүн бир кыйла бийик көркөмдүктө сүрөттөп бере алганына күбө болобуз.

Трагедияда курч карама каршылыктардын күрөшү, келишпес мүнөздөрдүн кагылышы, чечилбеген конфликтер сүрөттөлөт да, көп учурда чыгарма каармандын өлүмү менен бүтөт.

Трагедия, комедия драманын байыркы түрлөрү. Трагедия-гректин трагос-эчки, одэ-ыр, эчкинин ыры, эчкиге арналган ыр дегенди билдирет. Байыркы Грецияда Дионис деген кудайдын урматына ыр ырдап, бий бийлеп, курмандыкка эчки союшкан. Трагедия – драмалык чыгарманын негизги түрлөрүнүн бири. Турмушта инсандын субьективдүү умтулуусу, анын обьективдүү ишке ашпастыгы өңдүү карама каршылыктарга негизделген конфликт трагедиянын мазмунун түзөт. Трагедиялуу коллизия тигил же бул обьективдүү турмуштук шартта пайда болот. Буга В.Шекспирдин «Отеллосун», Вс.Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясын» ж.б. чыгармаларды мисал келтирсе болот. Элдик поэмаларда да мындай трагедиялуу мазмундагы чыгармалар жок эмес. Кыргыздардын «Олжобай менен Кишимжаны», казактардын «Кыз жибеги», өзбектердин «Тахир менен Зухра» поэмалары ачык күбө.

Трагедиялуу көрүнүштү ар бир доор ар башка түшүндүрүп келген. Байыркы гректер трагедияны тагдыр менен

байланыштырышкан. Алардын түшүнүгү боюнча дүйнөнү, ошондой эле адамдын турмушун тагдыр башкарат, аныктайт. Гректердин мифтеринде трагедиялык чыгармаларында тагдырдын чечүүчү ролу арбын учурап, бекем салтка айланган көрүнүш. Софоклдун «Эдип-падыша», Эсхилдин «Агамемнону» аттуу трагедияларында, Гомердин «Илиада» эпосунда трагедиялуу окуялар тагдыр менен байланыштырып сүрөттөлөт. «Бул ишке күнөөлүү тагдыр» деп ачык эле айтылат. Иран, тажик элдердин «Шах-намэ» эпосунда да башкы каарман Рустемдин трагедиясы тагдыр менен түшүндүрүлөт. Кыргыздар да маңдайыңа жазганды көрөсүң, тагдырдан качып кутула албайсың деген түшүнүк бар. Доордун, мезгилдин өзгөрүшү менен трагедиялуу окуяны башкага түшүндүрө баштайт. Шекспир, Лопе де Вега, Кальдерон өңдүү дүйнөлүк адабияттын тарыхындагы улуу драматургдар трагедиялуу көрүнүштү коомдук турмуш менен байланышта карашып, реалдуу турмуштан издешет. Алардын чыгармаларында каармандардын тагдырын кудай, тагдыр чечпестен, реалдуу тарыхый шарт чечет. Шекспирдин Отелло, Гамлет, Лир өңдүү каармандары турмуштагы гуманисттик идеялар үчүн керт башынын кызыкчылыгын ойлошкон, өзүмчүл көз караштардагы адамдар менен күрөшүп коомдун курманы болушат.

Ал эми классицизм доорунда трагедияга карата болгон түшүнүк өзгөргөнүнө күбө болобуз. Классицизм адабиятынын көрүнүктүү жазуучулары Корнель, Расин өзүлөрүнүн трагедияларында трагедиялуу коллизия адамдын сезими менен мамлекет алдындагы милдетинин ортосундагы карама каршылыкка негизделгенин көрсөтүшөт. Коомдук жана жеке башталыш кагышат. Каарман мамлекет алдындагы милдетин жогору коюп, жеке сезимин, сүйүүсүн, кызыкчылыгын курмандыкка чалат. Франциянын улуу жазуучусу агартуучу Вольтердин, башка классицисттер агартуучулардын чыгармаларында конфликт башка мүнөзгө ээ. Аларда агартуу мүнөзүндөгү көз караштардагылар менен диний фанатизмди жактоочулардын, социалдык, улуттук эзүүлөрдү колдогондордун ортосундагы конфликт сүрөттөлөт. Вольтердин трагедияларынын каармандары Заир, Сеид алдыңкы идеялар үчүн күрөшүп курман болушат да, бирок алар моралдык жеңишке ээ, анткени келечек алардыкы. Пушкиндин «Борис Годунов» аттуу атактуу трагедиясында Лжедмитрий менен Бористин бийлик үчүн

күрөшү трагедиялуу коллизияны түзбөйт, жеке адамдын бийлиги элге керек эмес деген идея түзөт. Кеп бир гана чыгармада орун алган трагедиялуу турмуштук көрүнүштө, каармандын курман болушунда эмес, мыкты трагедиялык чыгармалар реалдуу турмушту, коомдун мыйзамченемдүүлүгүн, тарыхый өнүгүшүн терең, ар тараптан түшүнүүгө жардам берет. Мындан башка турмуштун азап-тозогун, кыйынчылыктарын башынан өткөргөн трагедиялуу каарман көрүүчүлөрдү кайраттуулукка кыйынчылыктарды, жоготууларды көтөрө билүүгө тарбиялайт. Турмушта трагедиялуу көрүнүштүн пайда болушу жөнүндө ар түрдүү илимий пикирлер өкүм сүрүп келген. Орустун улуу сынчысы Белинский трагедиялуу коллизиянын пайда болушун инсандан, абсолюттук идеядан көрбөй, коомдук турмуштан көргөн. Белинский драматургияны демократташтыруу үчүн күрөшкөн. Трагедияга төмөнкү таптын өкүлү, маскарапоздор киргенин кубаттап, адам субьективдүү инсан катары чыгарманын каарманы болгонун жактырган. Трагедиялуу коллизия обьективдүү көрүнүш экендигин баса көрсөткөн. Трагедияны жанр катары аныктаган өзгөчөлүк анда орун алган конфликтке жараша болот. Трагедиядагы сүрөттөлгөн конфликт көп учурда чечилбей турган көрүнүш. Мына ушундай өзгөчөлүк дүйнөлүк адабияттагы улуу драматургдар Эсхилдин, Шекспирдин, Вольтердин, Шиллердин ж.б. чыгармаларына мүнөздүү.

Советтик адабиятта трагедияга болгон мамиле, көз караш коомдук түзүлүшкө байланыштуу такыр башка болгон. Келечекте жаркыраган коммунизм курабыз дешип, трагедиялуу окуяларды сүрөттөөнү анча жактыра бербей, катуу сынга алышкан. Оптимистик трагедия деген түшүнүк жөн эле пайда боло калган көрүнүш эмес. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясында», Корнейчуктун «Гибель эскадрасында» каармандар социалисттик идея үчүн жандарын курман кылышат.

Трагедиянын негизги мазмунун олуттуу тарыхый окуялар, тарыхый инсандардын өмүр жолу түзгөндүгү белгилүү. Ошондуктан трагедияга көтөрүңкү стиль бийик баатырдык пафос мүнөздүү.

Советтик адабиятта В.Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясынын» башкы каарманы адилет иш жөнүндө күрөшүп, курман болсо да чыгарма жеңиш менен бүтөт. Анткени каарман аргасыз, үмүтсүз курман болгон жок. Ата Мекендик согуштун

учурунда миңдеген жоокерлер мекенин сактап, баатырларча курман болушпадыбы. Ал эми комедияда болсо, тескерисинче сүрөттөлгөн конфликт каармандын жеңиши менен чечилет. Драмада алгачкы мезгилде күрөш каршылыктардын элдешүүсү менен бүтөт. Кийин драмада курч конфликтерди сүрөттөйт да, карама каршылыктар тигил же, бул деңгээлде чечилет. Драманын төмөнкүдөй түрлөрү да бар.

Водевиль – алгач музыка менен коштолгон жеңил турмуштук көрүнүштү сүрөттөгөн комедиянын бир түрү.

Фарс – турмуштук көрүнүштү өтө апыртып, гротесктин деңгээлине жеткире сүрөттөгөн комедиянын бир түрү.

Мелодрама – эмоционалдуу мүнөздөгү, музыка менен коштолгон драманын бир түрү.

Драмалык чыгармалардын бардык түрлөрүнүн сюжети драмалуу болот. Драма эпостой эле окуялуу болуп, сюжети эпостун сюжетиндей эле окуялардын системасынан турат. Ошондой эле сюжеттин беш элементи – экспозиция- окуянын башталышы, окуянын чиелениши, өнүгүшү, кульминация, окуянын өнүгүп жеткен чеги, бүтүшү бар. Драманын сюжетинин эски аты интрига деп аталып, латын тилинен которгондо чаташкан сюжет деген маанини билдирет.

Комедия – гректин комос деген сөзүнөн алынып көңүлдүү, топ деген маанини билдирет. Одэ- ыр. Көңүлдүү топтун ырын хор менен аткарышкан. Коомдун өнүгүшүнө жараша комедиянын милдетин ар башка түшүндүрүп келишкен. Кайра жаралуу жана классицизм доорунда комедиянын ролун адамдын рухун оңдойт, жакшыртат, тазалайт деп түшүнүшкөн. Адамдын мүнөзүндөгү эки жүздүүлүк, ач көздүк, мактанчаак өңдүү терс көрүнүштөр комедиялык чыгармаларда бөтөнчө ашкереленген. Сатиралык күлкүнүн ролун жогору баалашкан. Романтизм доорунда комедия анча өнүккөн эмес. Анткени доордун өзгөчөлүгүнө жараша адабияттын лирика, поэма, трагедия өңдүү жанрлары бөтөнчө өнүккөн. Лессингдин пикири боюнча комедиянын негизги милдети күлкү чакыра турган нерсени сүрөттөө.

Белгилүү философ Гегель комедияны анча баалабай, көркөмдүгүнө көңүл бурбай, трагедиядан төмөн койгон. Белинский болсо комедияны жогору баалап, теориялык иликтөөгө алып, драматургиянын башка жанрларынан төмөн турбастыгын белгилеп, роман, повесть өңдүү эпикалык ири

чыгармалардын катарында турат деп баса көрсөткөн. Улуу сынчы Фонвизиндин «Недоросль», Грибоедовдун «Акылдан азап», бөтөнчө Гогольдун «Текшерүүчүсү» өңдүү сатиралык чыгармаларды айрыкча жогору баалаган. Белинскийдин пикири боюнча чыныгы сатирик өткөндүн терс көрүнүштөрүн алып, жаркыраган келечек үчүн асыл кызмат этет дейт. Турмуштагы терс көрүнүштөргө карата комедияда орун алган конфликттин мүнөзү да өзгөрөт. Советтик адабиятта сатиралык, лирикалык, баатырдык өңдүү комедиянын өзгөчө жанрлары бөтөнчө өнүгөт. Сатиралык комедиянын обьектиси турмуштагы өтө эле терс, жагымсыз көрүнүш болот да, карама-каршы, курч социалдык конфликт сүрөттөлөт. Чыгармада сүрөттөлгөн терс каармандар өзүлөрүнүн жүрүш-турушу, мүнөздөрү, кыймыл аракети, ой-жүгүртүүсү, сүйлөгөн сөздөрү менен жагымсыз, жийиркеничтүү, өтө жаман таасир калтырат. Сатиралык комедиянын каармандары өзүлөрүнүн жагымсыз, терс мүнөздөрү менен коомго жат, оңолбой турган адамдар болуп чыга келишет. Мисалы, Гоголдун «Текшерүүчүсүндө» бир да оң каарман жок. Жазуучунун айтуусунда анын чыгармасындагы жалгыз оң каарман бул күлкү, тилекке каршы, аны эч ким байкаган жок дейт.

Советтик адабияттын тарыхында сатиралык комедия көп учурда адамдардын аң-сезиминдеги эскинин калдыктарына каршы багытталганын көрөбүз.

Лирикалык комедияда орун алган конфликт курч социалдык мүнөзгө ээ эмес. Чыгармада көп учурда күнүмдүк турмуш, инсандардын мамилелери, алардын мүнөздөрүндөгү карама каршылыктар сүрөттөлөт. Анда сүрөттөлгөн каарман автордун идеалына карама каршы келбейт, тескерисинче, ага карата автордун антипатиясы эмес, симпатиясы байкалып, сезилип турат. Ал коомго жат эмес, оңоло турган каарман. Ал эми баатырдык комедия, лирикалык комедиядан айырмаланып, адамдын күнүмдүк турмушун, жашоо тиричилигин сүрөттөбөстөн, мезгилдин коомдук карама каршылыктарына бөтөнчө көңүл бурат.

Кыргыз адабиятында сатиралык комедияны мыкты үлгүсү катары Т.Абдымомуновдун «Машырбек үйлөнөт», «Тар капчыгай» өңдүү чыгармаларын мисал келтирсе болот. Драматург совет мезгилиндеги типтүү терс көрүнүштөрдү чебер, бийик көркөмдүктө сүрөттөп бере алган. Ал эми лирикалык

комедияга ошол эле Т.Абдымомуновдун «Жарыктык карыяларым» аттуу чыгармасы кирет. Кыргыз адабиятында тарыхый деген ат менен белгилүү болгон чыгармалар да бир кыйла бар. Алар К.Тыныстановдун «Көз көргөндөр», Ж.Турусбековдун «Ажал ордунда», А.Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү», «Күндүн чыгышы» ж.б.

Комедияда күлкүнүн ролу өзгөчө көркөм мааниге ээ болуп, көп учурда терс каармандын ички дүйнөсүнүн жардылыгын, көңдөйлүгүн таасирдүү көркөм ачып берет. Комедияда кулакка бөтөнчө сиңген күлкү менен бирге, көзгө көрүнбөгөн көз жаш, капа, кайгы да бар экенин Гоголь бөтөнчө сезген.

Көркөм чыгармада күлкү чыгара турган каражаттын бири – юмор. Юмор сатирадан айырмаланып каарманын жек көрбөйт, анын кылган иши, баскан-турганы, кыймыл аракети көңүлдүү күлкү жаратат. Ал коомго жат адам эмес. Анын кемчилигин жеңил күлкү, жылуу жылмайуу менен кабыл алып оңдоого болот. Юмордук күлкү Т.Сыдыкбековдун Ыманбайына, Твардовскийдин «Василий Теркин» поэмасындагы Теркинге мүнөздүү. Сатиралык, юмордук чыгармаларда көркөм каражат катары ирония да кеңири колдонулат. Аны жабык мыскыл деп да атап коюшат. Ошентип, эски менен жаңынын ортосундагы социалдык күрөш күч алган учурда драма бөтөнчө жандуу мүнөздө өнүгөт. 20-кылымдын аягы, 21-кылымдын башындагы коомдогу зор өзгөрүүлөр драмага мазмун боло турган көптөгөн окуяларды, жаңылыктарды жаратты. Буга чейин анча билинбеген турмуштук көрүнүштөрдү жаратты. Коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, көптөгөн элдердин өз алдынча эркин мамлекет болушу өзгөчө прогрессивдүү коомдук окуя катары бааланды. Ошону менен бирге эле базар экономикасы деген түшүнүк көптөгөн терс көрүнүштөрдүн пайда болушуна себеп болду. Элдин турмушу кескин начарлап наарazычылык күч алып, жакырчылык, коррупция, баңгилик, сойкулук өңдүү терс көрүнүштөр күч алды.

Драманын бир түрүн пьеса дешет. Анын негизин маанилүү курч, татаал конфликт түзөт. Чыгарманын аягы көп учурда комедия же трагедия менен бүтпөйт. Мисалы, К.Треневдин «Любовь Яровая» аттуу чыгармасында эрди, катын Яроваялардын ортосундагы келишпестик сүрөттөлөт. Граждандык согуштун учурунда экөө эки башка тарапта болушуп, пьесанын аягында ажырашып тынышат.

Драматургиянын бир түрү катары драма Европада Агартуу доорунда кеңири кадам алып жайылат. Ырас, драма антикалык доордо, андан кийин кайра жаралуу доорунда да өз алдынча өнүгөт. Кайра жаралуу доорунда драманын мыкты үлгүлөрүн Шекспир, Лопе де Вега өңдүү улуу драматургдар жаратышат.

Агартуучулар театрга жөнөкөй адамды киргизишип, театрды демократтык каарман менен байытат. Белгилүү окумуштуу, драматург Дидро өзүнүн, «Драмалык адабият жөнүндө» ж.б. илимий эмгектеринде драманы теориялык жактан иликтеген. Дагы бир белгилүү драматург Бомарше драманын мазмунун антикалык сюжет эмес, учурдун турмуш көрүнүштөрү түзүш керек деп жазат. Драмалык конфликт трагедиялык конфликтен айырмаланып өз алдынча чечилет. Драмада өзгөчө сырткы күчтүн жеңиши жок. Ырас, драмада каармандын өлүмү менен бүтүшү да мүмкүн. Бирок трагедиядан айырмаланып каарман айласыздан курман болбойт. Орустун XIX кылымдагы белгилүү драматургу А.Н.Островскийдин «Гроза» («Добул») деген драмасында башкы каарман Катерина адам чыдагыс оор турмуштун азабынан Волга дарыясына боюн таштап өлөт.

Драманын бөтөнчө өнүгүп гүлдөгөн доору XIX кылым. Эми драманын негизги мазмунун мезгилдин социалдык маселелери түзөт. Эгер трагедияда тарыхый окуя сүрөттөлүп, башкы каарман тарыхый инсан кыйын, татаал шартта аракеттенсе, драмада мамлекеттик адам эмес, катардагы жөнөкөй эле адамдын драмалык тагдыры сүрөттөлөт.

XIX кылымда драма менен бир катар романда бөтөнчө өнүгүп өсүп, турмушту ар тараптан, кеңири, терең сүрөттөөгө шарт түзүлөт. Драма Францияда олуттуу өнүгүүнүн жолуна түшөт. Белинскийдин пикири боюнча драматизм жалпы эле адабиятка мүнөздүү болууга тийиш.

Драманын арымы, диапазону өтө кең. Драматург адамдардын күнүмдүк турмушун, алардын ар түрдүү мамилелерин, карым катышын, карама каршылыктарын кеңири сүрөттөйт. Драмалык чыгарма трагедия менен бүтүшүдө мүмкүн. Бирок анда сүрөттөлгөн карама каршылык, конфликт дайыма драмалуу болот.

XIX кылымда орус адабиятында реалисттик драмада адамдардын аң-сезимине бөтөнчө таасир эткен акчанын ролу

сүрөттөлөт. Мындай сюжетке негизделген драмаларды А.Н. Островский, норвег драматургу Ибсен өңдүү чоң чеберлер жаратышат. Драмада сүрөттөлгөн оң каарман, эң кыйын болсо, татаал шартка карата моралдык мүнөздө каршылык көрсөтүп, көп учурда курман болушат.

М.Горькийдин «Меүандар», «Душмандар» ж.б. пьесаларында интеллигенциянын эл тагдыры жөнүндөгү жоопкерчилиги, эзүүчүлөр менен эзилгендердин келишпес карама каршылыгы, жаңы турмуш үчүн күрөштүн зарылдыгы сүрөттөлөт.

Советтик доордо Октябрь революциясы, улуу Ата Мекендик согуш драманын өсүшүнө чоң түрткү болуп, баатырдык драма жаралып, өнүгөт. Ырас, баатырдык драма мурун эле болуп келген. Буга француз жазуучусу Кальдерондун «Стойкий принц», немец драматургу Шиллердин «Вильгельм Телль» өңдүү чыгармаларын мисалга келтирсе болот. Аталган чыгармалардын каармандары өзгөчө кайраттуулугу, кыйын сыноолорду жеңе алгандыгы менен айырмаланышат. Советтик адабиятта баатырдык драманын мыкты үлгүлөрү Треневдин «Любовь Яровая», Лавреневдин «Разлому» жана Симоновдун «Орус адамдары» өңдүү чыгармалары.

Баатырдык драма мүнөзү жагынан трагедияга жакын. Ошентип, драманын бөтөнчө өзгөчөлүгү мезгилдин олуттуу окуяларына кайрылышы, адамдардын жеке турмушу, анда сүрөттөлгөн конфликттердин чечилиши, чоң мамлекеттик окуяларга кызыкпашы.

Ч.Айтматов менен К.Мухамеджановдун «Фудзиямадагы кадыр түн» пьесасы өзгөчө чоң сөзгө, баага татыктуу оригиналдуу чыгарма. Фудзияма японduктардын өтө бийик урматтаган, сыйынган касиеттүү тоосу. Ал тоого чыккан адам өзүнүн рухий дүйнөсүн тазалайт, байытат деп түшүнүшөт. Драмада катышкан каармандар мындай сыртынан караганда бир өскөн, курбу-курдаштар, көз караштары, өз ара мамилелери жакын. Бирок драманын сюжетинин өнүгүшүндө ыймандуулукка болгон мамиле айрымдарында такыр башка, адамдарга терс таасир калтырып, жийиркеничтүү, жек көрчү сезимин пайда кылат. Драма мына ушуну менен жагымдуу, баалуу, көрөрмандарга зор эстетикалык ырахат тартуулайт.

Кыргыз драмасы советтик доордо бөтөнчө өнүгүп өсүүнүн жолуна түштү.

# VI ГЛАВА
# ЫР ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

Турмушту көркөм сөз образдар аркылуу сүрөттөп берүүнүн каражаттарынын бири-бул поэтикалык речтин түзүлүшү. Мына ушуга жараша адабий чыгармалар проза жана ыр болуп экиге бөлүнөт. Ыр жаратууда ыргак, ритм, маанилүү роль ойнойт.

Ритм- бул ыргак мезгилде болгон кыймылдын касиети. Ритмдин касиетин адам жаратылыштан үйрөнгөн. М; жылдын төрт мезгилинин алмашып турушу, күндүн чыгышы жана батышы, дени соо кишинин жүрөгүнүн согушу. Адамдын кадамы ар бир кадамдын шилтениши бирдей мезгилде болсо). Ошентип ритм бул уюшкандык же кыймылдын тартиптүүлүгү. Ырда ритмикалык басым олуттуу мааниге ээ. Мына ушундай басым бүткүл ырды уюштурат. Бул басым дайыма туруктуу ырдын акыркы сөзүнө коюлат, латынча «констант» туруктуу басым, же константу ыр деп аталат. Прозада сөз үтүр, чекит менен айырмаланса, ыр бир биринен ритмикалык тыныгуу менен бөлүнөт. Ырас, кээде логикалык басым менен ритмикалык басым бирдей болуп калышы да мүмкүн.

М; Время – начинаю про Ленина рассказ, же «Я снова здесь, в семье розной». Ошондуктан тартипсиз, ритимсиздик кыймылдан ритмдүү кыймыл (иш) жеңил, аз күч кетет, жыйынтыгы мыкты болот. Ритм бөтөнчө музыка жана поэзия өңдүү мезгил искусствосуна мүнөздүү.

Алгачкы доордо пайда болгон эмгек ырларында ыргактын ритмдин ролу күчтүү экендиги ачык байкалат.

М; «Оп, оп, оп майда

1) «Шып, шып шырылдаң», «Оро толсун оп майда». Алгач ырды акын жартпайт, ал элдик ырдын салтында пайда болот. Ритм элдик ырда күчтүү, олуттуу мааниге ээ. Стихи деген сөз гректин Stichos - катар деген мааниде айтылат. Ырда сөздөрдүн катарында речь (кеп) логикалык тыным менен бөлүнбөйт, ритмикалык тыным менен бөлүнөт.

Ырдагы ритмдик ыргакты изилдеп немец окумуштуусу К.Бюхер «Ичи жаңы ритм» аттуу эмгек жазган. «…поэзияны дам денесинин күчтүү ритмикалык кыймылы жарткан, бөтөнчө биз

иш деп атаган кыймыл»- дейт. Ыр прозадан айырмаланып ар бир ырдын акыркы сөзүндө күчтүү ритмикалык басым пайда болот. Ыр системалары ар бир улуттук тилдин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө карай курулат.

Ырдын ички уюштуруу жагын улуттук тилдин фонетикалык өзгөчөлүктөрү, элдин маданий-тарыхый жана адабий салттары менен байланыштуу болгон метр аныктаган. Ыр саптырынын ичиндеши белгилүү ритмикалык ыргактардын кайталоолору, ырдын ар түрдүү метрикалары ыр түзүлүшүнүн ар кандай системаларынын калыптанышын аныктаган. Көп учурда туруктуу ритмикалык басым. Ырдын ар түрдүү метрикалары ыр түзүлүшүнүн ар кандай системаларынын калыптанышына аныктайт.

## Антикалык же метрикалык ыр түзүлүш

Ырдын мыкты үлгүлөрүн байыркы гректер жараткандыгы белгилүү. Ошол кездеги ыр жаратуунун принциптери теориялык жактан иштелип чыккан, өзүнчө бир бекем ыр түзүлүшүнүн системасы калыптанган.

Грек жана латын тилдери үндүүлөрдүн созулма жана кыска болушу менен мүнөздөлгөн. Мына ушул өзгөчөлүк метрикалык системанын негизинде жатат.

Антикалык ырдын негизги ритмикалык элементтери стопалар болгон. Созулма жана кыска муундардын айкалышы стопа –байыркы гректердин Pous деген сөзүнөн алынган. Кыргызча бут, согончок дегенди билдирет. Анча көп эмес муундардын тобу стопа болот. Ырда бирдей кайталанып, анын ички ритмин шарттаган. Бул стопа, ырдагы муундардын топтолушу.

Метрикалык системада отузча жакын ар түрдүү стопалар болгон. Алардын ичинде көп элдердин ыр түзүлүшүн өнүктүрүүдө маанилүү роль ойногон беш стопа бар. Алар Хорей, Ямб, дактиль, амфибрахий, анапест.

Хорей же трохей – эки муундуу стопа, бир созулма жана бир кыска муундан турат. Хорейдин схемасы мындай: -V Ямб да же муундан турат: би кыска, бир созулма V-- калгандары үч муундуу стопалар.

Дактиль бир созулма жана эки кыска муундан турат: -VV ---- Амфибрахий кыска жана созулма, кыска муундан турат: V-V ---; Анапест – эки кыска жана алардан кийинки бир созулма муундан VV-турат. Антикалык ырда стопалардын составы жана саны анын ар түрдүү метрлери менен мүнөздөлгөн. (ырдык өлчөмдөр). Бул өлчөмдөрдөн гекз бөтөнчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Гомердин «Илиадасы» жана «Одиссей» гекзаметр менен жазылган. Гекзаметр бул алты стопадан турган ыр. Гекзаметрдин схемасы: -VV-VV, -VV (17 муун). Гекзаметрге жана башка көп стопалуу ырларга-VV-VV, -V цезура –тыныгуу киргизилген, ал ырды ритмикалык жагынан бирдей эки бөлүккө бөлүп турат.

Ырас, азыркы мезгилде бул ыр өлчөмдөрү сейрек колдонулат. Бирок анын тарыхый мааниси зор. Биринчи ирет ырды ритмикалык жактан уюштуруунун үлгүсүн берген. Бул өлчөмдөрдү билбей туруп антикалык адабияттын мыкты чыгармаларынын өзгөчөлүктөрүн билүү кыйын. Метрикалык ыр система музыка менен ажырагыс бирдикте юолгон. Грективн улуу лириктери Арион менен Пиндар өзүлөрүнүн чыгармаларын музыканын коштоосу менен ырдап аткарышкан. Хордон трагедия жана комедия жаралган, көп мезгилге чейин музыкалдуулугун жоготкон эмес. Ырда созулма жана кыска муундардын айкалышы поэзияны музыка менен жакындаткан. Кийин ыр акырындап музыка менен болгон түздөн түз байланышын жогото баштайт. Ырас, элдик оозеки ыр музыка менен болгон байланышын жоготпойт.

«Муун эсебине карай түзүлгөн ырды силлабикалык ыр түзүлүшү деп аташат». Орус адабиятында Кантемир, Тредиаков, Ломоносов силлабикалык ырларды жаратышкан.

Кыргыз ырлары да силлабикалык системага туура келет. Кыргыз ырларында ритм ошол муун сандарына карата түзүлөт.

Кыргыз поэзиясында 7-8 муундан турган ыр көп учурайт.

«Сексенге чыккан карыя – 7 муун
Манасты тапкан олуя – 7 муун
Байбиче муну айтат - 7 муун
Саамай чачым агында- 8 муун

Сапарымдын барында- 7 муун
Оо, Каныкей, кулунум, - 7 муун
Азабымды тартайын – 7 муун
Асылым туйгун жалгызга – 8 муун
Мен аякташа жатайын! – 7 муун
Ой, Каныкей, кулунум – 7 муун
Букарга кантип тентиймин – 8 муун
Ордолу журттан айрылып – 8 муун
Не мураска жетейин – 7 муун
«Семетей»

«Узун-узун, узун жол – 7 муун
Угуна жеткен ким экен? – 8 муун
Кыска- кыска, кыска жол – 7 муун
Кыйырына чыккан ким экен?»- 8 муун
«Барпы»

«Узун жолуң төгөрөк – 7 муун
Угуна чыккан адамзат- 8 муун
Кыскажолуң дөңгөлөк – 7 муун
Кырына чыккан адмзат – 7 муун
«Эшмамбет»

Келтирилген мисалда эки залкар акындын ырларында муун сандары бирдей болуп, ыр жартууда муундун ролу зор экендиги ачык көрүнөт.

## Ыр түзүлүшүнүн силлабикалык системасы

Силлабикалык, же муундук ыр түзүлүшүнүн системасы ритмикалык жактан ырды уюштурууда муундардын бирдей санда болушуна негизделет.

Мындай принцип басым сөздүн белгилүү муундарына түшкөн элдердин тилине мүнөздүү (Кыргыз, француз тилдеринде басым сөздүн акыркы муунуна, поляктарда артынан экинчи, чектерде биринчи муунга түшөт). XIX кылымга чейин орус поэзиясына да ушул система мүнөздүү болгон.

## Ыр түзүлүшүнүн силлабо-тоникалык системасы

Орус ырын өзгөртүүдө Тредиаковский, бөтөнчө Ломоносовдун эмгеги зор. Ал жараткан ыр түзүлүшүнүн системасы силлабо-тоникалык деген атка ээ болот. (Муун басым). Силабо-тоникалык система басым түшкөн жана басым түшпөгөн муундардын айкалышына негизделет.

Бул системада беш түрлүү стопа бар. Хорей, Ямб, дактиль, амфирахий, анапест. Ал эми ыр сабында болсо басым биринчи, үчүнчү, бешинчи, жетинчи ж.б. муундарга түшөт. Силабо-тоникалык ырларда стопалар бирдей сандагы басымдарды, муундарды сактайт.

## Ырдын тоникалык системасы

(Тонус – басым дегенди билдирет).

Бул системада басым маанилүү роль ойнойт. Тоникалык система элдик оозеки поэзиядай эле басым түшкөн муундардын саны бирдей болот. элдик поэзиядан лемент катары уйкаштыкты зарыл түрдө колдонот.

Орус поэзиясында бул системаны В.Маяковский чыгармачылык пданда мыкты пайдаланат.

Ошентип жогоруда биз токтолгон ыр системасынын бардыгына ички ритмикалык уюшкандык бар. Ритмикалык пауза, ритмикалык басымга негизделген, ички уюшкандыгы жок ырлар эркин ырлар деп аталат.

Ыр сабынын акыркы сөздөрүндөгү, же муундарындагы үндүк кайталоолорду уйкаштык деп аташат. Уйкаштык бюаарынан мурда ырдын ритмин күчөтөт, тактайт, аныктайт, ырдагы ойду жыйынтыктайт. В.Маяковский уйкаштыкка чоң мани бергендиги жалпыга белгилүү. «Мен ар дайым эң күчтүү сөздү ыр сабынын аягына коем да, кандай гана болбосун ага уйкаштык табам».

Жасалыш жагынан уйкаштык эки топко бөлүнөт. Шыдыр жана так эмес уйкаштыктар. Шыдыр уйкашта ыр сабынын акыркы сөздөрүнүн уңгусу да, мүчөсү да бирдей үндөшүп түшөт.

М;

«Баатыр Манас башында,
Бабаң Кошой кашында,
Байгесин берди иреттеп.»
«Манас»

Мисалда «башында», «кашында» деген сөздөрдүн уңгусунда, мүчөсү уйкашып шыдыр уйкашты жаратып жатат. Дагы бир шыдыр уйкашка мисал келтирип көрөлү.

«Жылдырып жылкы айдатып,
Жылмайтып күлүк байлашып,
Сызылтып казы чайнашып,
Үч -Каркыра  боюна,
Үч-  Булактын оюна,
Көкөтөйдүн тоюна
Алтын айчык кызыл туу
Асылдашып аштады
Ашты бүгүн баштады.
«Манас»

Ырдын аякы сөздөрүнүн акыркы муундары үндөштүк жаратса,ал толук эмес уйкаш болот.

«Аязбектин Ормону
Саякаткылды бир күнү
Далага чыкты бир күнү»
«Алдаш Молдо»
Эми калаа өрнөдү,
Баш аягы базардын
Ат чабымдай болжолу
«Молдо Кылыч»

Төрт сап ырдын мурдагы эки сабы өзүнчө уйкашса жуп уйкаштык деп аталат.

«Ээй,жезде кудайдын сүйгөн кулумун,
Төмөнкү, жанакы, карач уулумун.
Муну көргөн бенде эр деген
Төмөнкү чамбыл белди жердеген.

«Семетей»

Рифма – уйкаш. Ырда ритмди уюштурууда зор композициялык ролду рифма аткарат. Тыбыштык кайталоолор рифма деп аталат. Ырда эки же андан көп саптардын аягынан орун алат.

Ыр саптарынын аягы бирдей үндүү же үнсүз тыбыштар менен бүтсө так уйкаш (рифма) болот. Пушкин уйкаштыктын мазмундуулугун, ырдын поэтикалык мааниси менен байланышы бар экендигин баса белгилейт. Бирок азыр деле уйкашсыз ырлар учурайт. Алар ак ыр деп ататлат. Пушкин өзүнүн «Борис Годунов» аттуу трагедиясын ак ыр менен жазган. Тилди бөтөнчө салтанаттуу кылуу жана сүйлөө речине жакындатуу үчүн ак ыр менен жазган.

Уйкаштын да түрлөрү бар. Үндүк кайталоолор да ырда маанилүү роль ойнойт. Үндүү тыбыштардын кайталанышы ассонанс болот.

Үнсүз тамгалардын кайталанышы аллитерация болот.

«Тегерегин карабай
Тегиз кирди урушка,
Теңгедей жанын аябай
Кыдырата карабай,
Кыйындар кирди урушка
Кылга жанын аябай.»
«Семетей»
«Токтогул топко барчу эле,
Тобунан чыккан жарчы эле»
«Коргол»

Так эмес, толук эмес ассонансты жаратып жатат. АССОНАНС үндүү тыбыштардын кайталанышынан түзүлөт.

«Азиз хандын Алмамбет
Айсарала ат минген.
Алтын кемер курганган
Айдай бети нургалган»
«Манас»

«Айдап чыкты тоо тоого
Ашып көчтү эген бел,
Аштык Айдар жери жок
Азып жүрөт кайран эл.»
Алдаш Молдо

Ырда же страфадф башкы сөздөрдүн же сөз айкаштарынын кайталанышы АНАФОРА деп аталат.

«Жүз адамга бир Адам
Жүз башы коюп салганы
Миңден санп алганы.
Миң кишиге бир киши
Миң киши коюр салганы
Он миңди батыр башы деп,
Он миң деген бир түмөн
Дүйнөдө мындай ким көргөн.

Ырда аякы сөздөрдүн кайталанышы ЭПИФОРА болот.

«Боздон тоодак куткарбас,
Боз ала шумкар Манасым,
Калкайган того токтобос
Кара ала баргын Манасым,
Аман болсо Манасың
Күйүттүү кабак ачылат,
Аман болсо Манасың
Айланып кыргыз эл табат.»
«Манас»

Белгилүү адабиятчы К.Асаналиев эпифорага мындай аныктама берет: «Чыгарманын идеялык-көркөмдшк умтулушун жыйынтыктаган белгилүү эпифора деп аташат.»Эки сап ыр өзүнчө бүткөн ырды жаратат, бир сап ыр болбойт.

# Адабияттар


1. Адабий терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түзгөндөр: Шериев Ж., Муратов А. –Бишкек. Энциклопедия, 1994.

2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз дүйнө бизди жаңыртат. -Фрунзе, 1988.

3. Акматалиев А. Тандалган чыгармалар жыйнагы. 1-2-том. -Бишкек: Шам, 1997.

4. Аристотель Об искусство поэзии. -М; 1957.

5. Асаналиев К. Көркөм нарк. -Фрунзе, 1988.

6. Бегалиев С. Адабияттаануугу киришүү. -Каракол. 2002.

7. Белинский В.Г. Разделение поэзии на роды и виды. Собр. Соч в 3-х, 2-т. -М; 1948.

8. Борбугулов М. Адабият теориясы. -Бишкек, 1996.

9. Абрамович Л.Г. Введение в литературоведение. -М; 1975.

10. Гегель Г.В. Эстетика в $4^{х}$-т. -М; 1973.

11. Гуляев С.Б. Теория литературы. -М; 1970.

12. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий терминдер сөздүгү. -Бишкек-2004.

13. Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. -Фрунзе; 1965 -Фольклор: Поэтика и традиция. 1981. (сб). -М; 1982.

14. Тимофеев Л.Г. Словарь литературоведческих терминов.

## Мазмуну


Киришүү………………………………………………………... 3

Биринчи глава. Адабий эстетикалык ойлордун тарыхынан 7

Экинчи глава. Көркөм адабияттын жалпы касиеттери. Көркөм образ……………………………………………... 19

Үчүнчү глава. Адабият коомдук аң-сезимдин формасы…. 39

Төртүнчү глава. Адабий чыгарманын тили………………. 45

Бешинчи глава. Адабий урук, түр, жанр………………….. 70

Алтынчы глава. Ыр түзүлүшүнүн элементтери……….... 130

Адабияттар……………………………………………….. 138

**Бегалиев С.Б.**

**АДАБИЯТ ТААНУУГА КИРИШҮҮ**

Тех. редактор: Жакыпова Ч.А.
Компьютердик калыпка салган: Жумашева Ж.Ж., Донoнбаева Д.А.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды.
Заказ 320. Нускасы 300 даана.
Тел. 52696